# "Ай-Нуру"

# "АЙ – НУРУ"

KUMTOR
КУМТОР

**УДК 83/825.0**
**ББК 83. 4 Ки**
**А 95**

**Жоопту редактор:**

**М. М. МОЛДАЛИЕВА** - "Ай-Нуру" көркөм сөз чеберлер уюмунун төрайымы, Жети-Өгүз райондук китепкана тармагынын директору.

**Ред. коллегия:** **Т. ЖУНУШАЛИЕВ**
**А. ТЕРМЕЧИКОВА**
**А. КАЗИЕВ**
**Ж. АПАЗОВ**
**Т. БЕКБАЕВ**
**А. ТЕМИРКУЛОВ**

А 95. **"Ай-Нуру" акын-жазуучулардын альманахы.**
I чыгарылышы. Адабий чыгармалар жыйнагы.
"Карга Аке" басма Үйү. 2011-жыл. ISBN 977-9866-423-15-7

**Бул китепке Жети-Өгүз районунда учурда жашап жаткан белгилүү, чыгармачыл көрөңгөсү бар, азын оолак окурмандарга билинип калган акын-жазуучуларыбыздын чыгармалары топтолду. Китеп адабий көркөм чыгарма болгондуктан жеке эле районубуздун, облусубуздун окурмандарына эмес, жалпы кыргыз журтчулугуна, мектеп окуучуларына, студенттерге жана ыр жандуу адамдарга тартууламакчыбыз.**

УДК 83/825.0
ББК 83. 4 Ки А 95
ISBN 977-9866-423-15-


@ "Ай-Нуру" коомдук уюму
@ "Фирма Дархан" ЖЧК басмаканасы

83.4Кей
А-95

Китеп "Кумтөр Оперейтинг Компани"
каржылык колдоосу менен чыгарылды

# "АЙ-НУРУ"

## "Ай-Нуру" көркөм сөз чеберлер уюмунун мүчөлөрүнүн өздүк чыгармаларынын жыйнагы




ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА им. В. И. ЛЕНИНА
№ 271008
7-2014г

# КИРИШ СӨЗ

Урматтуу окурман, колуңуздагы "Ай-Нуру" деп аталган жыйнак, Жети-Өгүз районундагы китепкана тармагында 2007-жылы уюшулган көркөм сөз чеберлер уюмунун мүчөлөрүнүн өздүк чыгармалары.

Уюмду түзүү абдан көп эмгекти талап кылып, эмгегибиздин башатын район ичиндеги айылдарды кыдырып, таланттуу-жазмакер адамдарды издөө менен баштаган элек. Жараткан ыроологон таланттардын өркүндөшүнө өбөлгө болуп, сөз чеберлерин китепканаларда өтүлгөн иш чараларга чакырып, чыгармаларын окурмандарга, айыл тургундарына тартууладык жана арабызды толуктадык.

2003-жылдан баштаган аракетибиз 2007-жылы "Ай-Нуру" коомдук уюмун түзүү менен толукталды. "Ай-Нуру" көркөм сөз чеберлер уюмунун түзүлүшүнө салым кошкондор: Турганбек Жунушалиевке, Турдубек Ишебаевке, Жыргалбек Апазовко, Анаркүл Термечиковага, Асек Казиевке, Клара Кичинемолдоевага, Абдынасыр Ажыгуловко, Садыр Кадыровдорго терең ыраазычылык билдирем.

3 жыл ичинде "Ай-Нурунун" мүчөлөрүнүн өздүк чыгармаларын жыйнак кылып чыгаруу аракети зор болду, Эл аралык уюмдарга проектилер жазылды. 2010-жылы тилегибиз ишке ашып, Кумтөр Оперейтинг Компаниясы тарабынан колдоо көрсөтүлүп, "Ай-Нуру" долбоорунун негизинде "Ай-Нуру" жыйнагы чыгып отурат.

**Сугарып дилди кандырган**
**Тоскоолду жолдон алдырган**
**Талпынтып канат байлатып**
**Таланттын шамын жандырып**

айыл тургундарынын руханий байлыгынын өсүшүнө зор салым кошуп жаткан Кумтөр Оперейтинг Компаниясынын жетекчилигине "Ай-Нуру" долбооруна колдоо көрсөткөндүгү үчүн жалпы окурмандардын атынан терең ыраазычылык билдирем.

Адамзатка руханий байлык тартуулагандардын жан дүйнөсү ар дайым таза деп билебиз.

Айыл ичинде жашап, жан дүйнөсү жаңырып, керемettүү күүлөрдү черткен, сезимтал жаратылышы, жаркын мүнөздүү адамдардын - ар муундун өкүлдөрүнүн чыгармаларын, өз тушообузду өзүбүз кесип, алдыңыздарга тартуулап, мекенди, жаратылышты

түгөнгүс ыр, дастан кылып, айтып бүткүс махабат ырларын жазыш-кандардын чыгармаларын Сиздин таразаңызга койдум, урматтуу окурман.

**М. М. МОЛДАЛИЕВА,**
**долбоордун жетекчиси, “Ай-Нуру” көркөм сөз**
**чеберлер уюмунун төрайымы.**

***

**Кумтор Оперейтинг Компаниясынын сырткы байланыштар бөлүмүнүн менеджери ШАТМАНОВ Керим мырзага**

Эли-журттан бата алып түп тутуп,
Ак жолтой бол арашандай туптунук.
Баскан изиң Манас атаң жалгасын,
Бакчаң гүлдөп , дайым турсун кулпунуп.
Эл журтуңа айдай тийсин керегиң,
Жети-Өгуздук ыр жазарман атынан,
Ушул болсун Сизге сунган белегим.

**Кумтор Оперейтинг Компаниясынын сырткы байланыштар бөлүмүнүн менеджеринин орун басары ЖЭЭНАЛИЕВА Бегайым айымга**

Бул турмушта кимдер жашап өтпөгөн,
Бирөө жашайт аралашып көп менен.
Ишиң менен ийгиликке жетишип,
Из калтырып жашап өткүн өчпөгөн.

Өмүр көчүң сапар улап тынбасын,
Өзүң күткөн максат тилек сынбасын.
Асман ачык, ден соолугуң чың болуп,
Алпештесин, элиң-журтуң сыйласын.

***Омор СУЛТАНОВ 1935-жылы Жети-Өгүз районундагы Тосор айылында туулган. 1964-жылдан бери СССР Жазуучулар Союзунун мүчөсү. 1971-1974 жылдары Кыргыз ССР Жазуучулар Союзунун катчысы. 1971-1991-жылдары СССР Жазуучулар Союзунун башкармалыгынын мүчөсү. 1980-1986-жылдары Кыргыз ССР Жазуучулар Союзунун катчысы. 1980-1986-жылдары Алыкул Осмонов атындагы адабий бирикменин төрагасы. 2007-2010-жылдары Улуттук Жазуучулар Союзунун төрагасы.***

***Көрүнүктүү коомдук ишмер, "Чет олкөлөр достугу" коомунун Союзунун вице-президенти, "Ысык-Көлдү сактоо эл аралык экологиялык фондунун" президенти, Кыргыз Республикасынын Эл акыны, КМШ өлкөлөрдүн Жазуучулар Союздарынын эл аралык коомунун башкармалыгынын мүчөсү. Белгилүү чыгармалардын, ырлардын, романдардын, киносценарийлердин жана котормолордун автору.***

***О.Султановдун чыгармалары дүйнөнүн ар башка тилдерине которулган. Чет тилдеги ырлардын, котормолордун автору. 1985-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен, 1995-жылы "Манас 1000 жыл" медалы менен сыйланган. 1999-жылы Казакстандын Президентинен "Астана" алтын медалы менен, 2004-жылы "Манас" ордени менен сыйланган.***

## ОЙГО БАТУУ

Көз карегим бир чекитке кадалып,
Тунжураймын кирпиктерим ирмелбей.
Карагансыйт туш тарабым таң калып,
Сурайын дейт, кыйналгансыйт тил келбей.

Мен жатамын түшкөн таштай ордунда,
Максаты жок билбей түшкөн себебин.
Жата берсе болот минтип он жыл да,
Эч нерсеге тийбей эч бир керегиң.

Төрт жагымда тамдын төрт жак танабы,
Кыймылдабайт, бар-жогу да билинбейт.
Мындай кезде баары токтоп калабы?
Кулагыма эч бир дабыш илинбейт.

Булут топтоп жаай турган күндөймүн,
Сөздөр ачка ителгидей сурулат.
Эмне болуп турганымды билбеймин,
Айтор, көңүл жарылчудай буулугат.

Мындай болуу дегинкиси жарабайт,
Ойго алдыруу өзүн-өзү унутуп.
Өзүм эмес душманыма каалабайм,
Дурус эмес ушул менин турушум.

Бирок үнсүз каткырыгым көккө учат,
Чен өлчөм жок, жок эч кандай аралык.
Мен каткырган каткырыкты ким угат?
Ал өзүмө барат уудай таралып.

Каткырыктын маанисинде бир кеп бар:
Бул эл-журтту эмне кылып койдуңар?
Мына буга кана, кандай себеп бар?
Калганы ачка, бир он чактың тойдуңар.

Аз мурдараак уят деген бар эле,
Аны кайда жоготтуңар шашылып.
Көкүрөктө жүргөн намыс-ар эле,
Ал да качты каякадыр жашынып.

Турчу эле го эч билинбей кемибиз,
Илгертеден бийик, толук демибиз.
Ар бир кыргыз туу көрчү элек сени биз,
Эл болуудан калабызбы эми биз.

## ЫР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ

Көңүлдү көкөлөтүп асмандатчу,
Көөдөнгө көрүнбөгөн канат такчу.
Кут конуп кубулжуган илебине,
Кусалуу жаштык күсөп махабатты.
Ыраактан агып жеткен ырыскыдай,
Ыза бар ыргагында таттуу-таттуу,
Ыр менен жолугушкан кандай жакшы.

Балкылдап бүткөн боюң эрип келет,
Бар дүйнө бары көлкүп кеңип келет.
Армандуу, армансыз да сүйүүгө окшош,
Акылман айта албаган сезим берет.
Жүдөтүп жулүнгө өтүп турса дагы,
Жүрөктө оор кайгың жеңилденет,
Ыр менен жолугушуу кандай жакшы.

Катканcып, чөл өңдөнүп турган кезде,
Кайгысын тагдыр тике сунган кезде,
Түңүлүп бул дүйнөнүн бар жогунан.
Ишеним булут болуп жылган кезде,
Көр дүйнө ойдогунун бирин бербей.
Көңүлүң көп жеринен сынган кезде,
Ыр менен жолугушуу кандай жакшы.

## КОМУЗ

Көптү көргөн окшош турушуң,
Көркүң арткан сулуу десе сулуусуң.
Кыйырлардан кыйырларды арыткан,
Кыргызыңдай улуу десе улуусуң.

Ай туяктуу аргымактай арышың,
Даанышмансың, аксакалдуу карысың.
Тайгак кечүү, тар жолдордон тайбаган,
Тагдыр буюруп келген кыргыз жанысың.

Үч толгооң бар үчөөсү тең ар кандай,
Үңдөшпөсө үчөөсү тең жалгандай.
"Камбаркандын" угуп турсаң кайрыгын,
Кайран өмүр каңгып жолдо калгандай.

Көч келатат, көп баскан мал ташыркап,
Көөнө журтту көргөн ыза басынтат.
Кайрат кылып, кайра өр тартат кайран эл,
Какшап айтат мына ушуну "Насыйкат".

Өмүр кыска арты өкүнүч чын-чыны,
Өңүп турат жараткандын кырсыгы.
Сар алтындай өзгөрбөгөн өңүнөн,
Сага окшотом кайран Санчы сынчыны.

Агып турган акыл, жүрөк кандагы,
Ар кыргызга ар-намыс бар андагы.
Толкуп чыгат тулку бойду туюнтат,
Токтогулдун "Тогуз кайрык" арманы.

"Чоң кербезден" чыгып чоң бир Буурул ат,
Касабалуу караңгыдан суурулат.
Элестетип кезеңдерди эң кыйын,
Эски күүдөн жаңы армандар угулат.

Сени менен кечээки күн, эртеңим,
Сени менен элге келээр кел-келим.
Сен бар болсоң бул дүйнөдө мен бармын,
Аяр кармап аз-аз кээде чертемин.

## САГЫНГАНДА

Алыста калган кезимде,
Амалсыз учур туш болуп.
Айтканың турду эсимде,
Айланып учкан куш болуп.

Эртеде таңдай жаркырап,
Эстеп кал мени дегенсип.
Эзиле тиктеп калчу убак,
Эсимден кетпейт белемсиң.

Көңүлдүн сырын жашырып,
Көшөгө болуп үлбүрөп.
Көл турган бакка жашынып,
Көкүрөк сырын бир билет.

Тагдырда жоктур эч күнөө,
Таалайым бодуң карындаш.
Сагынаар, бирок эч бирөө,
Менчелик сени сагынбас.

## ЖЕТИ-ӨГҮЗ СЕНДЕЙ ЖЕР КАЙДА

**Обону К. Усупбаевдики**

Жети-Өгүз сендей жер кайда?!
Жел ойноп тоонун боорунда.
Аскалар андан Ай тиреп,
Айланат барчын конууга.
Көгөргөн шибер "Көкжайык",
Көйкөлүп жатат ордунда.

**Кайырма:** Бабалардан калган жер,
Бакыт оттой жанган жер.
Караан үзүп кетсек да,
Кайрылабыз биз кайра.
Жети-Өгүз, Жети-Өгүз,
Жети-Өгүз сендей жер кайда?!
Жети-Өгүз сендей жер кайда?!

Өмүргө дабаа сууларың,
Өрлөрдөн үндөйт уларың.
Өзгөчө жыргал белемсиң,
Өскөн жер алтын турагым.
Кыялдан бүткөн өңдөнөт,
Кыйыла карап кыздарың.

**Кайырма:**

Ысык-Көл ыйык энедей,
Ыргалат толкуп кебелбей.
Байралып жатат жанында,
Бактыңа бүткөм дегендей.
Таң нурун сүйгөн талаалар,
Таалайың анда белендей.

**Кайырма:**

## АКЫНГА

Үзөңгүлөш бутун тозгон күлүктөй,
Омуроодон шүйшүңдөнүп кан кетип.
Келатасың чаалыкпай да күйүкпөй,
Кемер-жардан каргып өтүп, кар кечип.

Келатасың өйдө-төмөн жол калып,
Кош аргымак кош колунда жараган.
Ай чыккандай ак каламды колго алып,
Атпай журттун ырын ырдап каалаган.

Пейилиңе кылча арамдык түнөбөй,
Келатасың кыянатты бетке айтып.
Айтпай туруш ал бир сага күнөөдөй,
Ак сөз үчүн кээде жеме жеп кайтып.

Саяпкерсиң эгиз күлүк байлаган,
Анын бири ыр жана бири роман.
Аргымактай бүтпөс жолго айдаган,
Алар барат калыбында чубаган.

Закым улап кете берүү сага шарт,
Алды-артыңда сапар кайып түгөнбөс.
Эмгек улуу – сендейге сый жарашат,
Эмгек иши – эмгек төлүн түгөлдөш.

## ТООЛОРДУ САТПАГЫЛА

Мына бул курчап турган чексиз аалам,
Кээде мен акыл жетпей айран калам.
Бул тоолор эң бир бийик поэмадай,
Буюруп жазып койгон Алла Таалам.

Ырлардай бир бирине куралышып,
Бийиктеп чокулары суналышып.
Бу тоолор кылымдардын сүрөтүндөй,
Үзүлбөй келе жаткан уланышып.

Анда ойлойм кудай берген элбизби деп,
А демек, бийиктикке ченбизби деп.
А балким, ал касиетти биле бербес,
Ант урган жер карама кемибизби деп.

Анткени акыл чайкап биле албайбыз,
Ач көзбүз бийик болуп жүрө албайбыз.
Жардыбыз, жашоодобуз намыстанбай,
Өмүрдү өскөн элдей сүрө албайбыз.

Тоолорун касиети тегизинде,
Суусунда, көлдөрүндө, деңизинде.
Атасын, тоону саткан жаш балдардын,
Арбактар уруп кетет негизинде.

Тоо байлык – байлыктарын катыш керек,
Тоо сырлуу – сырын издеп ачыш керек.
Ушундай итке минип турган кезде,
Тоолордун сонун жерин сатпаш керек.

Жок, тоонун өзүн сатпай сүрөтүн сат,
Пул болот ошол эле бир канча кап.
Байлыкты тозбос кылып топтоп берген,
Бабалар, арбагы улуу, силерге урмат.

## АРГЫМАГЫМ

Денемде бир кан ойнойт көптөн бери,
Билбеймин, ал өзү бир бузук канбы.
Кечирип ак безерип төккөн терди,
Кечирбей амалданган бузуктарды.

Жүрөктү жүрөт шамшар сыныгындай,
Арамдын айткан кеби алыс мээлеп.
Ак сөзүм аргымактын кулунундай,
Арыбай арт жагымдан ээрчип келет.

Ал менин арылдата ат чабаарым,
Кулпунтуп көкүлүнө жибек байлап.
Андыктан мен унутуп башка баарын,
Айкөлдөп жүзүм жарык жүрөм жайнап.

Куюлат кумдай жумшак куйрук жалың,
Жанга өлчөп минер менин жалгыз атым.
Тилегин тепсеп өтөт арамдардын,
Жалгашкан жакшы үмүттөн аргымагым.

## СҮЙҮҮ

Сүйүү турат алыстабай байралып,
Коно турган ак кептердей айланып.
Мааниси жок эсептешкен дос өңдүү,
Кетүүчүдөй бергендерин кайра алып.

Сүйүү барат жакын туруп ыраактап,
Мелүүндөнүп ортодогу ынак чак.
Жылууга ыктап албай калган мышыктай,
Алгандарды көзүң менен кубаттап.

Сүйүү келет ар кай жаткан көрүнүп,
Суусар болуп, калтар болуп төгүлүп.
Ыкшоолонуп чыкпай калган мергендей,
Жылына бир чыксаң чыгып өңүнүп.

Сүйүү өтөт көздөрүңдү кубантып,
Мусапырдай кол сундуруп сурантып.
А табийгат койсо дейсиң эркиме,
Алсам дейсиң күн жолундай улантып.

## ТООДОГУ ЖАЗ

Кар эрип өндүрлөрдө ала майда,
Жылтылдап жылып кирип жылга сайга.
Аңтарып адырларда кыш калдыгын,
Алышат туш-тушунан таламайга.

Чагылган чарт-чурт этип чагылууда,
Тоолордон күң күркүрөп жаңырууда.
Суу болгон сур булуттун шыбыргагы, -
Кар менен кара жамгыр ортосунда.

Бозорот бооз тартып бозбу-сеңир,
Көрүнөт көк кылтыйган жерлер кээ бир.
Абайлап каяктандыр кабар аңдып,
Айлана турат күтүп эмненидир.

Тоодо жаз – өңгө жаздан өзгөчөрөөк,
Тоң тартып түрү бөлөк, өңү бөлөк.
Калыңдап келаткансып камылгасы,
Кандайдыр тереңирээк, көлөмдүрөөк.

*Турганбек ЖУНУШАЛИЕВ Түп районунун Жылу-Булак айылында 1958-жылы туулган. Билими жогорку, кесиби журналист.*

*Массалык-маалымат каражаттарында катардагы кызматкерден жетекчиликке чейинки кызматтарды аркалап келет. Республикалык «Кыргыз Туусу» газетасында жана УТРКнын «Ала-Тоо маалымат программасында» кабарчы болуп эмгектенген. "Улуу жол", "Каректеги жазуулар", "Карач Аке" ж.б. адабий китептердин автору.*



*СССР, Кыргыз Республикасынын журналисттер кошундарынын, КР Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү. Афганистан согушунун, Баткен коогалаңынын катышуучусу. Үй-бүлөлү, 3 баланын атасы.*

## АКЫН

Акын качан сатылчу эле алданып,
Жатса анын жүрөгүнөн кан тамып.
Күн ыйласа кошо ыйлап шорголоп,
Жер силкинсе кошо кетет жарылып...

Акын качан алданчу эле бийликке,
Өксүк ыйы коштоп турса жеринде.
Тамызгы суу, татым тузун көтөрүп,
Өмүрүн да бергиси бар элине...

Акын ошол безеленген торгойдой,
Таза жашап, таза жүргөн кооптонбой.
Сөз дарысын тамчылатып ар кимге,
Тирүү калган өлсө дагы ойгонбой...

## АК ЧОКУ

Арстандай сөөлөтү бар чокунун,
Салыштырып карап турсаң өзүнө.
Эң биринчи күндү тосуп ак чоку,
Анан ылдый нурун берет бөлүшө.

Жол арытып келатсаң да күнчөлүк,
Тээ алыстан көзгө урунат биринчи.
Арстандай айбат тартып кериле,
Түктүү кырлар ичке алдырып деминди.

Ыры сиңген, ыйы сиңген бу тоого,
Алакандай айыл алган конушун.
Ысык, суукта кучагына калкалап,
Кылым бою тартуу кылган суу, отун.

Эзелтеден малы-жаны киндиктеш,
Ак чокунун кокту, сайын мекендеп.
Арстандын дал өзүнө түспөлдөш,
Ак чокунун айбатына ким келет?

Көктө түтүн ар бир үйдөн булоолоп,
Ак чокуда тайлакка окшош ак булут.
Ак чокуну “Арстан” тоо деп аташып,
Жашап келет Шапак деген улуу журт...

## НЕБЕРЕЛЕР

“Уу-дуу” кептин ушагынан арылып,
Силер менен жарпым жайнап жазылып.
Бир заматта үйдүн ичи майрамдай,
Толо түштү кут түнөгөн каткырык.

Мындан артык бакыт жоктой мага чын,
Ойлосом да алды-артымды сан кылым.
Атымды атап, урпагыңа улантып,
Мага бакыт тизмегине калышым.

"Атакелеп, таяталап" жар салып,
Сөзүң укса, бири укпай чаң салып.
Чырпык атты камчыланып тизгиндеп,
Барат жолдо тулпар минип алгансып...

Бул – балалыктын оюну дагы, кыялы,
Жыттасаң ээ, кумар жыты канабы?..
Садагасы, неберелер, шириним,
Өмүрүмдүн экинчи өскөн дарагы...

## ЖЫЛУУ-БУЛАК

Көргөн сайын көөдөнүмө ыр толуп,
Мен өзүңдү ыр шамына окшотуп.
Канча келсем, сагынычым тарабай,
Кетем кайра сезимдерим бук болуп.

Кышта дагы назиксиң сен сулуудай,
Жазда окшоп көл чүрөгү - ак куудай.
Канат жайган бүркүт окшоп тоолоруң,
Суусу ширин, кымыз көбүк булагы ай.

Жан дүйнөмдүн ырахатын ээлеген,
Айылым сенсиң жүрөгүмө тең келген.
Түгөйүмдөй түбөлүккө бир күтүп,
Өмүр бою сүйүү коштоп мен келем...

## ТОРГОЙ ҮНҮ

Канаттары нота өңдүү чертилип,
Жүрөк кылын жанып өтөт серпилип.
Көк мейкиндин жалгыз ээси өңдөнүп,
Бүт ааламдын ырчысындай сезилип.

Талаа тыңшап, аалам тыңшап магдырап,
Бейпилдикке кулак түрүп чар тарап.
Ат үстүндө кош тизгинди кармаган,
Нурлуу жүзүн ырга тосуп кыз барат.

[Library stamp] № 271008

Гүлгө толгон тулаң чөптүн арасы,
Шылдыр аккан булак үнүн карачы.
Торгой үнү бүт мейкинди жаңыртып,
Бул өмүрдүн кайталангыс тазасы!

## ЖЫЛДЫЗЫМ

Төрөлгөндө атың коюп Жылдыз деп,
Жылдыз сымал жанса экен деп бийикте.
Сүт жыттаган ууртуң улам өпкүлөп,
Балкып денем батпай турчу сезимге.

Бергим келбей турсам дагы өзүңдү,
Бербеске жок чара калбай өзүмдө.
Сүт жыттаган ууртуң менен уурданып,
Ийне өңдүү сайып өттүң жүрөккө...

Алыс эмес тайэнеңдин колунда,
Калдың кызым, а биз алыс жол алып.
Сагынсак да ичтен сызып айталбай,
Кээде көздөн тынбай жаштар агылып...

Бооруң бербей боор толгоо тартсам да,
Ичтен сызып карегиме жаш толуп.
Ыйласаң да жыттап-жыттап алчумун,
Жакын илеп жүрөгүмө кут конуп.

Мээрими жок дебейм бирок өзүңдү,
Мээрим төгүп калар элең эркелеп.
Аман-эсен болсо экен деп мен дагы,
Чыйыр салдым турмушуңа жетелеп.

Окуу дедим, талба такыр изденип,
"Арам ишке жүрбө балам садага.."
Канатыңан сылап бүгүн учарда,
Узап кеттиң турмуш куруп башкага.

Кеткен өңдүү бир бөйрөгүм тилинип,
Сен жок бүгүн тарый түштү кең аалам.
Менин жолум мейли кыска болсо да,
Узак болсун сенин жолуң садагам.

Кечир кызым... Бакпады деп таарынба,
Оюм сенде бар үмүтүм жаныңда.
Көңүлүмдүн бөксө отун толтуraap,
Менин бактым — сенсиң Жылдыз дайыма.

## БАШ АЙЛАНГАН ДҮЙНӨ...

Жашоо чектүү, дүйнөң канча болсо да,
Кар алдына калган гүлгө ал окшоп.
Жылкы мүнөз, кыял менен ойт берип,
Тирүүлүктүн учу узарат ой топтоп...

Суусу бүтүп, жарык күндүн акыры,
Өкүндүрүп, өксүтөөрү чын, бышык.
“Биз жашоодон кандай жашап өттүк?” – деп,
Сөз кылууга арзыр бекен?.. Бир кызык...

Бассаң базар улуу, кичүү баарысы,
Пайдасына ыйманын да сатууда.
Төбө чачың тик тургузуп бу турмуш,
Билинбестен өз нугунда агууда.

Заман куну, адам пейли качкансып,
Жатат сатып өмүрдү да соодалап.
Барчылыктан баш айланган дүйнөгө,
Ит жээр, бит жээр кузгун келет пааналап.

Суусу бүтүп, жарык күндүн акыры,
Өкүндүрүп, өксүтөөрү чын, бышык.
“Биз жашоодон кандай жашап өттүк?” – деп,
Сөз кылууга арзыр бекен бир кызык...

## МУКАН

Мукан ким? Ыр дүйнөсүнүн дербиши,
Мухит болуп кең ааламда чалкыган.
Карагаттын даамы сымал таңдайда,
Гүл жыттанып гүлзар бактай ачылган.

Мукан ким? Арзуу ырдын сүйүүсү,
Махабаттын бал татыган гүлү окшош.
Баян күүсүн тоо суусундай жаңыртып,
Сырын чечкен жан досумдай ортоктош.

Мукан ким? Өлбөстүккө от кечип,
Ыры менен жеңген согуш, күрөштү.
Жер – эненин ыйын көккө сапырып,
Тазалыкка тартуу кылган жүрөктү.

Мукан ким? Жарчысы эле өмүрдүн,
"Кейибе бака, саз биздики", деп жазыла.
Тирүүлүктүн шаңын бийик көтөрүп,
Кыярбаган ырлар турган канында.

Бир керемет жашоодо сен төгүлүп,
Жанар тоодой атыларың бир чындык.
Мукан кайрык мезгил шарын сапырган,
Ар бир ырдын ар бир сабы кылымдык...

## ТАҢДАГЫ ҮМҮТ

**(Дарыгер Нуржамал Ибраевага)**

Денем ысып кайра-кайра толгоно,
Ак үмүттү таңды тосом ойгоно!
Көңүлүмдүн күлүк аты ээн учмак,
Жан кыйнаган ушул оору болбосо...

Күтсөм керек балапандай чырылдап,
Чачылгандай чымын жаным ызылдап.
Чымчык болуп чарк айлана сиз да эже,
Ажал отун тосуп турдуң тызылдап.

Тарып турду кең дүйнөнүн бардыгы,
Өчүп ыраң, беттин нуру, жамалы.
Жан кыйнаган ушул оору болбосо,
Учмак эркин ойлорумдун шамалы.

Улам-улам термелегендей бешигим,
Көз алдыма келип сиздин элесиң.
Таңдагы үмүт чакыргандай алыска,
Мүрөк суусун өмүр гүлгө берипсиң...

***

Мен сага бекер эле таарыныпмын,
Мен сенин билбей туруп алсыздыгың.
Жаныма жөлөк болот деген элем,
Ишенип мен өзүңө курган жаным...

Оору үстүнө, оору таптым чыны мен,
Арыла албай сүйүү деген илдеттен.
Бир көрүүдөн ашык болуп өзүңө,
Жан койорго таппай келем жерди мен...

Сезесиңби, сезбейсиңби баары бир,
Айып этпе, ак сүйүүмдү сен кечир.
Сен да түшүн ак сүйүүнүн азабын,
Ырга айлансын унутулгус бул мезгил...

## БИР БООРУМ

**(Агам Тогузбайды эскерип)**

Сабылуу болуп санаам-санга бөлүнүп,
Жан отум тынбай сары оору чалып төгүлүп.
Жалбырак сымал саргайа түштү көңүлүм,
Ак жайдын күнү ак бороон чалып үшүтүп...

Ак жайдын таңы карара түшүп көзүмө,
Өрт болуп жаным ишенбей турдум өзүмө.
Жанымда туруп жан алыс кетип калаарың,
Жан агам, сени кыялбай турдум өлүмгө.

- Баа! – деген үндөн башка сөз келбей оозума,
Балыктай туйлап түшкөнсүп көрдүн торуна.
“Сагынып жүрөм, сагынычым иним тарабай,
Барк албай, жүрүпмүн, баа бербей сенин жолуңа...”

Ушул сөз калып ийнедей сайып жүрөктү,
Күн сайын эмес, саат сайын мени жүдөттү.
Көз жашым менен жуурула түшкөн топурак,
Сайгылап келип сыздатып турат жүрөктү...

Арман дүйнө асыл агам, жан биргем,
Ичтен күйүп, боорум канап эзилем.
Жаздык болуп жаныңа жатсам не арман,
Үшүтпөй сени калкалап турмак бүт денем...

Сабылуу болуп санаам-санга бөлүнүп,
Жан отум тынбай сары оору чалып төгүлүп.
Жалбырак сымал саргайа түштү көңүлүм,
Ак жайдын күнү ак бороон чалып үшүтүп...

## СУЛТАН АГА

**(Медицина илимдеринин доктору, профессор, маркум Султан агама)**

Султан дечү, чынында Султан элең,
Өз элиңе жан күйгөн ултан элең.
Көңүлүн эч адамдын калтырбаган,
Пендеден сендей жанды таппай келем...

Ойго келбес жерден өлүп агатай,
Ыйлаттың го ботосу өлгөн тайлактай.
Ичер сууңдун аздыгына өкүнөм,
Өмүрдү өлчөп бергенине көп кылбай.

Көрсө жаштын өлчөсү жок тараза,
Мейли он жыл, кылым жашты жашаса.
Бул жашоодон кандай жашап өттү деп,
Сөзгө алынып, айтылары чын тура...

Ар бир изиң салмак менен басылып,
Ар бир сөзүң терең ойдо айтылып.
Өзүң жазган дептериңдин бетиндей,
Канча күндү сен өткөрдүң саргайып...

Билим дедиң, илим дедиң талбадың,
Ак халаттай таза дилиң арнадың.
Булгаса да булак суусу тунгандай,
Көрөлбасттык, көр дүйнөдө калбадың...

Байлык күтпөй, билим күтүп өзүңө,
Канча жандын сообун арттың өзгөгө.
Оорусаң да, оорудум деп сыр бербей,
Антың актап өттүң өмүр өткүчө.

Кош бол дешке, ниетим тартпайт негедир,
Бир боордоштук, бир туугандык сезимдир.
Арман дүйнө Алтай уулуң жетелеп,
Жүрсөң эмне тоодой бийик кеменгер...

Султан дечү, чынында Султан элең,
Өз элиңе жан күйгөн ултан элең.
Көңүлүн эч адамдын калтырбаган,
Пендеден сендей жанды таппай келем...

## ӨЛБӨСТҮККӨ ТААЗИМ

**(поэма)**

**(Милициянын полковниги “Эрдик” медалынын ээси Чыныбек Аалиевдин элесине)**

Биздин күндөр бүгүнкандай апачуу...
Ыйлайт... ыйлайт алган жары аялуу...
Атакелеп жерден боорун алалбай,
Боздойт... боздоп балдары ыйлап жаралуу...

Биздин күндөр бүгүн кандай апачуу,
“Бир боорум” деп, сыздайт тууган аялуу.
“Калч-калч” эте таягына жөлөнө,
Үшкүрүнө ата калды капалуу...

Биздин күндөр бүгүн жалган, куу заман,
Карышкырдай тишин жанып ач калган.
Адам деген атты булгап айбандар,
Көрө албастык көр сезимден кол салган...

Түбүң түшкүр дүйнө оопасыз кубулбу,
Аларың не, табарың не ушулбу?
Кырчын кезде кылыч өңдүү чабылган,
Бейкүнөөсүз өлтүрдүң ээ, кулунду...

Ачык турган күн өзгөртүп келбетин,
Кара туман каптап, көчүп жер бетин.
Ата ыйлап ак сакалы жайкалган,
Жер алдына бергиси жок берметин.

"Адаммын" дейт, адам кейпи өңү бар,
Бирок алар, эки жүздүү маскалар!
Маймыл болуп, бул жашоого төрөлүп,
Маймыл өңдүү өтүп кетет акмактар!

Элдин канын соргон ошол жөргөмүш,
Желе тартып жолун бууп көралбас.
Керек болсо күндү тосуп калкалап,
Жалгыз гана "Мен болсом" дейт пейли пас.

"Тамашага" чалып адам өмүрүн,
Коррупция каптап кыргыз өлкөсүн.
Манас сындуу көтөрүлгөн уулдарын,
Саз алдына билинбестен чөгөрдүң.

Ордосундай үйүгөшкөн жыландын,
Коррупция эл жүрөгүн канаттың.
Ак чач эне, ак сакалчан атаны,
Бешиктеги баланы да ыйлайттың...

Базары көп, чөнтөгү бош турмуштун,
Сага кезеп, мага кезеп муштумун.
Бай-манапка, кедей кулга айлантып,
Чүкө кылып калчадың го турмушун.

Ырыскысын тартып элдин колунан,
Бир үркөрдөй адамдар бар жыргаган.
Канча жылдар мээнет кылган эмгегин,
Шыпыргыдай бир заматта жок кылган.

Алар кимдер?... жыландардын ордосу,
Колго кишен, бутка кишен чордону.
Сүйлөй бергин, демократия деп коюп,
Башка кайрык тарта берген обону.

Ачуу чындык жанар болуп атылып,
Жатса эли көрүнгөнгө сатылып.
Эл уулунун канап турду жүрөгү,
Маска кийген "маймылдарга" жарылып...

Кылымдардын нечен изин карыткан,
Кыргызымдын ыры, ыйы бир жанган.
Бүгүн кара маскачандар чөп салып,
Калың калктын катмарына кол салган.

"Өчүрөм" дейт, бирок өчпөйт жалындын,
Сезбедиң го... жүрөк оттун кагышын...
Келечекте мезгил өзү өч алат,
Сен өлтүргөн октун таап дарысын...

Кайран шумкар канаттарың шам эле,
Берсем деген тилек гана элине.
Сендей уулдар миңден бири төрөлүп,
Жылдыз сымал жанып турчу от беле...

Маймылдардын көзүн бүгүн май басса,
Эртең алар калары чын чаңдарда...
Калктан өткөн тараза жок калыстык,
Таазим сага, түбөлүккө дайыма!

Жер-ааламды жарып өткөн силкинүү,
Сайып өтүп жүрөк, мээни, жүлүндү.
Чагылгандай "чарт" дей түшүп заматта,
Кара кийип көтөрүлдү түндүгү...

Чиркин өмүр... Кырчын кезде кыйылып,
Каректерден тынбай жаштар сызылып...
Ак чындыкты заман өзү өлчөмөк,
Чыке, сени – кыргызыма туу кылып!...

Кыргыз десе, оттой күйгөн жан элең,
Кыл жугузбас калкың үчүн шам элең.
Көлдөй терең, тоодой бийик залкарым,
Баатыр уулу – сен элиңе чеп элең!...

Жолуң тороп түлкү сымал шыйпаңдап,
Автоматын ката жүргөн колтуктап.
Таза адамды көрө албаган көп билем,
Канкор айбан ок жаадырып барчалап.

Чолпонбайдай окко тозуп жүрөгүң,
Чындык үчүн күйүп жанды дүбүртүң.
Чыныбек деп чындык үчүн күрөшкөн,
Чыныгы уулу – элдин жүгүн көтөрдүң...

Шаңшып учкан ак шумкарың коно албай,
Жайдакталып тууру калып арман ай.
Боор эт менен бирге бүткөн көлүң да,
Буулугуда толкунунан жазылбай...

Көл ыйлады... бүгүн уулун жоктогон,
“Күр-шар” эте арман күүсүн коштогон.
Шарпылдактын жар бооруна уруна,
Жерде жаткан эне ыйын козгогон...

Жер силкинип, жерде жаткан эне да,
Козголду бейм,балдарынын ыйына.
“Тып-тып” тамган жамгыр дагы асмандан,
Окшоп турду туздуу жаштын даамына.

Ата ыйлады.. муңу ичтен басылбай,
Кылы үзүлгөн комуз өңдүү жазылбай.
“Коррупциянын одосуна чок салам”,
Деген сөзүн Чыныбектин кайталай...

Жан жароокер балдарынын ичинен,
Жакын эле атасына сезимден.
Сырын айтып ак дилинен бөлүшүп,
Кайткан эле акыркы ирет жеринен...

Тагдыр ушу, жазымышы өмүрдүн,
Коркпой тозуп келчү ажал өлүмдүн.
Сендей уулдар көп болгондо кыргызда,
"Маскалардын" сапырмакчы күлдөрүнү

Мезгил келет, мелмилдеген күн окшоп,
Калыстыкка тарых өзү ой коштоп.
Ак-караны ажыратып ошондо,
Кимдин кандай, ким экенин козгомок...

Сен да ошондо улуу тарых бетинде,
Жазыларың, айтыларың кепилде.
Өлбөстүккө таазим кылып түбөлүк,
Жашарың чын айкөл кыргыз элинде.

Убакыттын болот чексиз өлчөмү,
Убактылуу канатыңды чөгөрдү...
Ыйлап турган уул-кыздарың чоңойуп,
Көтөрүшөт уугу күчтүү түндүктү!

Шаңшып учкан ак шумкарың көкөлөп,
Мына ошондо бүт ааламды көтөрөт.
Чакмак сындуу чачырашып душмандар,
Адилеттин туусу бийик көкөлөйт.

"Шейит өлүм" дешти ыйлап аталар,
"Шейит кетти" дешти боздоп апалар.
Денең тоскон коргошундун огундай,
Сыздап турду бейитиңде канчалар...

Бир уч турпак алаканга алалбай,
Колу барбайт "кош" деп жайга салалбай...
Жер энени мээримине чөгөргөн,
Күн да турду, ыйлап "көзү" басылбай...

Жылдызы бар жан элең го жароокер,
Балбылдаган оттой жанып каректер.
Айкөлдүгүң Ала-Тоого тең эле,
Чагылгандай курбу-доско бал, шекер.

Атаганат өмүрүңдүн аздыгы,
Болсоң гана алтын жылдыз казыгы.
Актап кеттиң элди уулу аталып,
"Элим үчүн" деген улуу антыңды.

Төрт мезгилдин жазы менен күзү бар,
Көл да толкуп кайра артка тартылар.
Обон сала закымдарга аралаш,
Сен жөнүндө өчпөс ырлар жазылар...

Кыл үзүлгөн комуз кайра чертилер,
Сенин ордуң басар уулуң Абилдер.
Сен ойлогон ойдун издеп учугун,
Жетер алга курчуп ошол темирлер.

Тирүүлүктө жашоо уланат, түгөнбөйт,
Кылымдарга сенин атың эч өчпөйт.
Баатыр уулу – элдин уулу аталган,
Милиция тарыхында бир жүрөт.

Арман, күйүт, сагыныччтын тамчысы,
Бирок чындык өзүң менен жашары.
Эстелик таш, бейитиңе байралып,
Куран окуп жан дүйнөдө калары...

Биздин күндөр бүгүн кандай апачуу...
Ыйлайт... ыйлайт алган жары аялуу...
Атакелеп жерден боорун алалбай,
Боздойт... боздоп балдары ыйлап жаралуу...

Биздин күндөр бүгүн кандай апачуу,
"Бир боорум" деп, сыздайт тууган аялуу.
"Калч-калч" эте таягына жөлөнө,
Үшкүрүнө ата калды капалуу...

***Асек КАЗИЕВ 1951-жылдын 2-октябрында Жети-Өгүз районундагы Чырак айылында туулган. Билими орто, фермер.***

***"Жети-Өгүз кайрыктары", "Сарногоевке салам кат", "Балбай баатырдын керээзи", "Айылым Жети-Өгүз", "Бөрү заман", "Ат жалындагы ырлар", "Базардагы баланын ыры" аттуу китептери жарык көргөн. КР Жазуучулар Союзунун мүчөсү.***

***Үй-бүлөлү, 6 баланын атасы.***

## МЕН КИММИН?

Мен киммин? Кичинекей кара бала,
Жетсем дейм Байдылдага бара-бара.
Энекем ара төрөп койгон экен,
Кыбырап жүрсө экен деп араңарда.

Мен киммин? Тобурчактай кара бала,
Топ жарып чыга элекмин Байдылдача.
Көк кашка булак болуп кошулсам дейм,
Көгүлтүр поэзия дайрасына.

Мен киммин? Мотурайган кара бала,
Талпынып жетсем деймин максатыма.
Бараткан багытымдан адашпайын,
Байдыке, сала кетчи арабаңа

## ТИМ ЖҮРГӨН

Көп оокат деп күн көргөн,
Көп пенде өтөт дүйнөдөн.
Чыгарбай асыл талантты,
Чырактан чыкпай тим жүргөм.

Байлыкты жыйнап күн көргөн,
Баары бир өтөт дүйнөдөн.
Барктабай асыл талантты,
Байбичем ээрчип тим жүргөм.

Айылдан алыс чыкпадым,
Акындан акыл укпадым.
Көкөлөп бийик учалбай,
Көмүскө жатты ырлырым.

Отуруш, тойдо ырдадым,
Оболоп бийик учпадым.
Талантым болсо тапка сал,
Тайторуң болуп чуркайын.
Ак калпак элим бата бер,
Ала-Тооң даңктап ырдайын.

## ЫСЫК-КӨЛДҮ САКТАЙЛЫ

Табиятка таш боорлук кылбайлычы,
Тагдыр берген байлыкты сыйлайлычы.
Ысылыкка соңун деп ысыраптап,
Ысык-Көлдүн форелин кырбайлычы.

Бабалардын насаатын тындайлычы,
Бактыбызга кыянат кылбайлычы.
Көлүбүздүн көркү экен көк чаар балык,
Көбөйсүнчү тукумдап, кырбайлычы.

Жаратылыш байлыгын сактайлычы,
Жапайлык мүнөздү таштайлычы.
Ысык-Көлдүн ышкындай жигиттери,
Ырыскыны төгүлтүп чачпайлычы.

Көлүбүздү каректей сактайлычы,
Кудай берген байлыкты барктайлычы.
Ысык жашын чубуртуп ыйлабасын,
Ысык-Көлдүн аккуусун атпайлычы.

## ЫЙЫК АТ

Корккондо "Апаке" деп бакырамын,
Кыйкырып апакемди чакырамын.
Калкалап калган өңдүү канатына,
Апаке абдан ыйык сенин атың.

Оорусам апаке деп бакырамын,
Онтоймун апаке деп чакырамын.
Ошол ат опол тоодой кубат болуп,
Оорунун күчүн менден качырамын.

Кыйналсам апаке деп бакырамын,
Кыңкыстап апакемди чакырамын.
Калкалап кадимкидей кайрат берип,
Кыйноонун күчүн мендеп качырамын.

## АППАК ЖООЛУК

Экөөбүз жетелешип барсак коркуп,
Энекем күлүп, жайнап алган тосуп.
Бакыттын кушун колго кармагандай,
Башыңа салган эле аппак жолук.

Албырып жүрөгүңө сүйүү толуп,
Апкаарып аянычтуу карап коюп.
Аттадың ак өргөмдүн босогосун,
Ак көйнөк, ак жоолукчан аппак болуп.

Үйүбүз бир башкача нурга толуп,
Үйлөнүү үлпөтүбүз ырга толуп.
Үлбүрөп ак көшөгө далдаасында,
Отурдуң периштедей аппак болуп.

Бакылдап ага-тууган үйгө толуп,
Баарысы бизге каалап эсен-соолук.
Бак тилеп, бата берип байбичелер,
Башыңа салып жатты аппак жоолук.

## КЫРГЫЗ ДЕГЕН УЛУТМУН

Мен кыргызмын, кыргыз деген улутмун,
Москва, Бээжин, Вашингтон, бүт уккун.
Мекен кылып Теңир-Тоону жердеген,
Манас атам менин түпкү уюткум.

Тоодо туулган тоолук кыргыз улутмун,
Тоодой болуп толуп турат ырыскым.
Жабыркатпай жакшынакай күткүн деп,
Жараткан да берген жердин сулуусун.

Ак калпакчан кыргыз деген улутмун,
Теңир-Тоонун булагындай тунукмун.
Кудай дагы карегиңдей сакта деп,
Кыргызыма көлдүн берген сулуусун.

## КЫРГЫЗ ЫРЫ

Кыргыз деген рухуңду жоготпой,
Кыйындыкта кайра курчуп болоттой.
Кыргыз тилин бердиң бизге тартуулап,
Кысымга алып кырса дагы тоготпой.

Эх, кыргызым эмнелерди көрбөдүң,
Эчен толуп, эчен кайра бөксөрдүң.
Кыргыз ыры кыргызыма дем болуп,
Кыйналсаң да басырылып чөкпөдүң.

Эчен азап тозокторду көп көрдүң,
Эркин куштай эркиндикти көксөдүң.
Кыйын кезде кыргыз тилин жоготпой,
Кымбат баалап кыз уулуңа өткөрдүң.

Комуз коштоп кыз жигиттер ыр ырдаар,
Куюлушкан мукам кайрык ырың бар.
Таттуу обонго тартылышып келеби,
Тоо койнуна толот түндө жылдыздар.

## КЫРГЫЗ ТИЛ БАРДА УЛУТСУҢ

Кыргыз тил барда улутсуң,
Кыргыз тил менен улуксуң.
Кыргыз тилин унутсаң,
Кыйындардын кулусун.

Эне тил барда канат бар,
Эне тил барда Манас бар.
Эне тилин билбесең,
Энчиңди ар ким талашаар.

Көрсө да кыргыз кыйынды,
Көтөргөн далай кылымды.
Бабалар мурас калтырган,
Барктагын бешик ырыңды.

## АЛА-ТОО

Ала-Тоом асыл мекеним,
Ала-Тоом ыйык медерим.
Көк тилген чокуң көргөндө,
Көңүлүм толкуп кетемин.

Айкашып турган асман жер,
Атабыз Манас тапкан жер.
Агардым, сенден көгөрдүм,
Айланам сенден кутман жер.

Эчен жоо көзүн арткан жер,
Эчен бир азап тарткан жер.
Эдилге чейин сүрүлүп,
Элибиз кайра тапкан жер.

Тоолорум бийик өскөн жер,
Теңирим кутун төккөн жер.
Чокусун күмүш нур чалып,
Күн нурун алгач өпкөн жер.

Ала-Тоом ыйык кутман жер,
Атагын дүйнө уккан жер.
Ааламга сермеп канатын,
Айтматов алгач учкан жер.

Агарып таңы аткан жер,
Аталар барктап баккан жер.
Баскынчы келсе жолотпой,
Баатырлар ээрге каткан жер.

Тоолорум – ыйык сырларым,
Түгөнгүс тунук ырларым.
Өзүмдөн алып кубатты,
Өмүрдүн татам убайын.

Апамдай көргөн ынагым,
Аралап шибер туланың.
Жалынды алып өзүңдөн,
Жашоонун татам жыргалын.

Ардактайм сенин атыңды,
Ак калпак кийген башыңды.
Башкага ыраа көрбөймүн,
Бармактай болгон ташыңды.

Тоолорум алтын бешигим,
Тоолорум ырыс кешигим.
Топон суу келе жатса да,
Төшүмдү тозом сен үчүн.

Көк кашка тунук сууларын,
Көлүңдө аппак кууларың.
Кайрылгыс болуп баратсам,
Каректе сактап узаармын.

## ЫСЫК-КӨЛ

Ысык-Көл айдын күндүн күзгүсүбү?
Ысык-Көл Теңиримдин сүйүүсүбү?
Теңир-Тоо тегерете курчап алып,
Терметип турган өңдүү күнү-түнү.

Ысык-Көл жылдыздардын күзгүсүбү,
Ысык-Көл жараткандын сүйүүсүбү?
Сулуусуң суук көздөн сактагандай,
Ала-Тоо карап турат күнү түнү.

Алыкул бир көргөндө сүйүп калган,
Алоолоп ашык болуп ырын жазган.
Өмүрү өткөнүнчө сүйүп жүрүп,
Өмүрү өткөнүнчө күйүп жанган.

Байдылда көлдү көрүп толкунданган,
Бакылдап далай сонун ырын жазган.
Кыргыздын кыйырынан кыз жактырбай,
Көлүмдүн көлдөй сулуу кызын алган.

## ЖЕТИ-ӨГҮЗҮМ

Койнунда чалкып жатат Ысык-Көлдүн,
Конушун этегинде салкын төрдүн.
Көргөндүн көңүл кушун көкөлөткөн,
Кут конгон кутман Жети-Өгүзүм.

Бакчада жемиш бышкан нечен түркүн,
Баарынан берекелүү коңур күзүн.
Байлыгы, берекеси ашып ташкан,
Бакыттын жери сенсиң Жети-Өгүзүм.

Тоолоруң төрт түлүккө малга толгон,
Талаалар арпа, буудай данга толгон.
Тамылжып  алма, өрүктүн шагы ийилип,
Теңирим берекесин чачып койгон.

## ТУУЛГАН ЖЕРГЕ

Ойлорго жетпей самаган,
Отуз жыл өттү арадан.
Оролуп кайра көрүштүм,
Орундан тилек каалаган.

Жеталбай ойго самаган,
Жыйырма жыл өттү арадан.
Жалпыңар менен көрүштүм,
Жакшылык келип кайрадан.

Көп жылы мурун илгери,
Көрбөйм деп кайра бул жерди.
Каңырык түтөп коштошком,
Кайыр кош деген силерди.

Баламын анда кичине,
Байкатпай бир да кишиге.
Кучактап ыйлап коштошком,
Кумайык деген итиме.

Ондомун анда кичине,
Оюмду айтпай кишиге.
Солкулдап ыйлап коштошком,
Сапсайган сары итиме.

Эчен жылдар мал калган,
Эңгиреп ыйлап чал калган.
Атабыз салган короо жай,
Аңгырап анда ээн калган.

Короого тиккен тал калган,
Коштошуп далай жан калган.
Киндигим кесип кир жууган,
Короо жай анда ээн калган.

Эчкирип ыйлап сыздаган,
Энеси кетип кыз калган.
Мекенин кыйып кеталбай,
Муңканган ырлар ырдалган.

Көп жылдар өтүп арадан,
Тилекке жеттик самаган.
Тобуңар менен көрүштүм,
Туз буйруп бүгүн кайрадан.

## ЭҢСЕП ТУРАМ

Карындаш көзүң жылуу мынча неге,
Мен сени кайсы жерден көрдүм эле?
Эликтей келбетиңди ээрчий карап,
Негедир эңсеп турам көргүм эле.

Эстедим сүйгөн кызым көлдүк эле,
Экөөбүз эгиз талдай өндүк эле.
Таттуу ойлор ташка тийип, талкаланып,
Тагдырга айласыздан көндүк эле.

Ал кезде он сегизде кезим эле,
Акактай назик тунук сезим эле.
Таанышып татынакай бир сулууга,
Тартуулап ак сүйүүмдү бердим эле.

Чаарчыктай чочубачы, элеңдебе,
Чын ошол сулуу эжең беле.
Эчен жыл, эчен мезгил өтсө дагы,
Элеси жүрөгүмдө жүрөт дале.

## ЫРЫМ КАЛАТ

Ач ажал кечпи жаныңды алат,
Артыңда алты тамың калат.
Кастарлап кийбей жүргөн костюмуңду,
Калтырбай кетет экен тууган талап.

Ал ажал аяп койбой мени да алар,
Артымда ак кагазда ырым калар.
Кылымдар өтсө дагы кызгалдактай,
Кыргыздын жүрөгүнөн орун табар.

Ууч менен чогултулган байлык калар,
Унутпай улгайсам да жанымды алар.
Улуу муун эстелиги ушу экен деп,
Уул кыздын жүрөгүнөдө ырым калар.

## ӨТҮНҮЧ

Асыл жарым айтканым ук бир ирет,
Асыл буюм жыйнабачы түрдүүлөп.
Бак оронгон ушул чакан короомдо,
Байлык эмес балдар жүрсүн дүбүрөп.

Көгүчкөнүм көңүл бурчу бир ирет,
Кыйналбачы килем жыйнап гүлдүүлөп.
Мекениме менин чакан үйүмө,
Мебель эмес, мейман толсун күтүрөп.

Байлык деген бирде бар да бирде жок,
Бийлик дагы бирде келип бирде жок.
Дүйнөгө кызыкпачы жалжалым,
Ден соолуктан өткөн эч бир байлык жок.

## ТОО СУУСУ

Ак мөңгүдөң булак болуп куюлуп,
Албуттанып таштан-ташка урунуп.
Ала-Тоонун сууларынын акканы,
Абайласаң ал да өзүнчө бир сулуулук.

Тоодон түшкөн топ булактар жарышып,
Топтолушат капчыгайды жаңыртып.

Тоскоол билбей, томолонот ылдыйга,
Топон окшош төөдөй ташты агызып.

Ачууланган арстандай чамынат,
Аска-зоолор аны коштоп жаңырат.
Эригишип, эки жээкте аскага,
Ээ-жаа бербейт, эзелки өчү барчылап.

Атырылып таштан-ташка жанчылат,
Аппак көбүк бубак болуп атылат.
Гүлбакчага гүлзар өскөн талаага,
Күндүр-түндүр тыным албай ашыгат.

## ЭҢ КЫМБАТ

Ала-Тоо асыл жер кымбат,
Ак калпак кыргыз эл кымбат.
Эне деп алгач оозанган,
Эне тил мага эң мага.

Көгүлтүр Ысык-Көл кымбат,
Көйкөлгөн жашыл төр кымбат.
Батырган Манас дастанын,
Баарынан эне тил кымбат.

Адамга аруу дил кымбат,
Ападан артык ким кымбат.
Кыргыз тил барда кыргыз бар,
Кыргыз тил мага эң кымбат.

***Жыргалбек АПАЗОВ 1946-жылы Ак-Суу районундагы Шапак айылында туулган. Каракол шаарындагы Мамлекеттик педагогикалык институтунун тил жана адабият факультетин 1969-жылы бүтүргөн. Ошондон бери журналисттик кесипте эмгектенип келет.***

***Студенттердин "69-Жаз", жаш акындардын 1974-жылкы фестивалынын лауреаты. "Көл таңы", "Ата атка така как", Түшүндө өлгөн Жыргалбектен тирүү кыргыздарга жазган каты" жана башка ырлар жыйнактарынын автору. СССР жана Кыргызстандын журналисттер кошундарынын мүчөсү.***

## ЖЫРГАЛБЕКТИН ЖЫЛМА ЫР

Жылдыздардай таңдагы,
Суйдаң тартып чач дагы.
Өгөөлөсөң өтпөй эч,
Өткүрлүк жол баштагы.

Өткөн жашты эстесем,
Өзөгүмдөн кан чыгат.
Тимирейип тим турбай,
Тилден гана чаң чыгат.

Чебелектейм сыйласам,
Ченедеги жылганы.
Эрмек кылат чеңгелдеп,
Элүү жаштын тырмагы.

Илебиме эричү,
Бир кезекте муз дагы.
Бадырандай элүү жаш,
Жаштыгымды туздады.

*****

Алдыман чыгып беркел - деп,
Адырдан колун булгады.
Аккаарым турат камдай – деп,
Алтымыш жаштын туз-даамы.

Коркконсуп турам алактап,
Өлүмгө эшик ачпайбы.
Өмүрүм өтсө мейли эле,
Көңүлдөн сүйүү качпайбы?

Кылчайбай айтыш кош бол- деп,
Кылыктуу кыркташ айылы.
Баруудан качпайм болсо эгер,
Алтымыш арзуу-байыры.

*****

Денеден жаштык сөгүлүп,
Өрүктөн мөмө төгүлүп.
Өзөккө койду чок салып,
Өмүрдүн күзү көрүнүп.

Бир жашты кыз сүйгөн жок,
Бир досум жашка күйгөн жок.
Ыр жазамын – деп туруп,
Үйүмө жыйган дүйнөм жок.

Жарытып алган айлык жок,
Жашырып алган "чайпык" жок.
Үрүп чыгаар итти кой,
Үйүмө жыйган байлык жок.

Алчадан мөмө кубулуп,
Бир арман ичке түйүлүм.
Томсортуп элди, байлыгын –
Токторбайчылап жебедим.

Айылыма барсам жүз жарык,
Ар кимдер токтоп кылчайып.
Сагынып мени калгансып,
Саламын айтат жылмайып.

Эл-журтка тилеп амандык,
Эчкимге кылбай жамандык.
Жакшылык каалап баарына,
Жашоого бир жол жаралдым.

Бармакты майга салбадым,
Байлыкты басып албадым.
Кайырбай өмүр канатын,
Карылык өзүң жалгагын.

Жагалмай куштай зыкылдап,
Жашоомдон мезгил жазды алып.
Жашты кой тагдыр узартып,
Жашайын мейли санда мен.

Жүрөйүн мейли ачка, ток,
Жүрөгүм тынбай барскам сок…
Ден соолугун бергин жана да,
Булардан башка каалом жок.

## КЫЗКАЛДАК ГҮЛДӨЙ ЭРИНИҢ

Жолугуп жаным экөөбүз,
Жомоктой кызык дүйнөгө.
Аппапак денең айга окшоп,
Алдыңда жатты күрмө эле...

Көөдөндөн чыга кашчудай,
Жүрөктөр дүрс-дүрс согулуп.
Көңүлдөн сылап “жаным”деп,
Көздөрүң улам коюлуп.

Денден жан учуп кетчүдөй,
Жалбарам болуп чимирик.
Кызгалдак гүлдөй көрүнгөн,
Эрдиңден соруп шимирип...

Бүлдүркөн болуп солкулдап,
Бүлкүлдөп сүттөй тамагың.
Бүкүлү жутуп ийчүдөй,
Аймалайм тынбай мамагың.

## ЖЕРДИ ЖАТКА САТПАГЫЛА

Желден шыбыр кеп угам,
Жер сатылат деп угам.
Кыргыз байкуш анда эле,
Кыр-кырлардай үн салып.
Бөрү болот аргасыз,
Түздү карап улуган.

Кээде ушак кеп угам,
Кен сатылат деп угам.
Анда кыргыз жеринен,
Батыш менен чыгышка,
Түк-түк болуп жүктөлүп.
Вагондорго жүктөлүп,
Алтын кетет уюган.

Өлүгүңдү коёрго,
Бир укум жер табылбай.
Бир көзүңөн жаш чыгып,
Бир көзүңөн кан чыгып.

Кыргыз байкуш айласыз,
Жуурулат ко камырдай...

Кен сатылса мейличи,
Жерди жатка сатпайлы.
Бир укум жер табылбай,
Отко дене өрттөлүп.
Бир ууч эле күл болуп,
Сапырылып жатпайлы...

*****

Аял жорго,
Кимдер минип алыс жолго чыкпаган,
Ээр үстүндө черин жазып уктаган.
Балан жерде балан жорго бар десе,
Кулак төшөп ким суктанып укпаган.

Аял-жорго,
Аңыз болгон кумарлантып баарына,
Жашына да эти качкан чалына.
Чөлдө калган жандай суусап турушат,
Жетсем дешип карашкан күч алына.

Аял жорго,
Уурдап минип кетсем дешип ахалап ,
Жүргөндөр көп сырттан багып такалап.
Жүрбөй калат жорго дагы турбаса,
Жемден,сууна ,кези менен такалап...

## КЫРГЫЗ ЧАСТУШКЕСИ

Деле,деле,деле,биз,
Делбетаптап элебиз.
Арак ичсек айкырып,
Айгыр болуп беребиз.

Коңкобайлар депутат,
Кол жеткенин жеп, бутап.

Токол итке чыгарчу,
Заң закунун бел тутат.

Азаматтар акимдер,
“Аша” дешет ар кимдер.
“Баатыр” кылып коюшкан,
Бата берип бал тилдер.

Эми, эми, деле биз,
Эгемендүү элебиз.
Элүүграм ичте ойноп,
Эшек болуп теребиз.

Жибек чачтар базарчы,
Жигит болду казанчы.
Шизиктердин баардыгы,
Молдо, бакшы, азанчы.

Дебель балдар төрөлдү,
Демаралга бөлөндү.
Делбелерди макташкан,
Дежур чалдар көбөйдү.

Байбичелер жашарып,
Багы жоктор ач арык.
Балтабайлар жортушат,
Барды тоноп баш алып.

Кумдай чууруп санаабыз,
Кубанычка батабыз.
Эски кыргыз жарыбай,
Эптеп жашап жатабыз.

## ШАЙГҮЛҮ

Шайгүлүм ай, Шайгүлү,
Шаттанабыз кай күнү.
Чымчык болуп чыркырап,
Чын сүйүүнүн айда үнү.

Жоолугуңдун түркүмү,
Жоругуңдун сүйкүмү.
Жолго чыксам алсам дейм,
Жолдош кылып күлкүңү.

Шайгүлүм ай, Шайгүлү,
Шартташабыз кай күнү.
Ардагым деп зар какшап,
Ашыгыңдын айда үнү.

Көйнөгүңдүн түркүмү,
Көздөрүңдүн сүйкүмү.
Көңүл отун жандырат,
Карегиңдин бүркүмү...

Шайгүлүм ай, Шайгүлү,
Уксам деймин күлкүңү.
Өзүң жалгыз болуп бер,
Өмүрүмдүн түркүгү.

*****

Негрден деле сулуу көп,
Агарткан жардын жакасын.
Ар дайым айкүр тургузган.
Өкчөгөн сайын сакасын...

Кыргызда деле негр бар,
Кыйкым таап турган көйнөктөн.
Жаканын кирин мындай кой,
Чыгарат шыйрак бөйрөктөн.

*****

Бир төшөк... Эки баш жатат...
Экөөндө эки ой баш багат.
Бирөөндө сары күз болсо,
Бирөөндө жайнап жаз жатат..
Бирөөнө жетпей калганга,
Бирөөсү болсо арман да.
Бийкеч саа "бийлеп" жетем дейт,
Бирөөсү сүйүп карганда ...

Он сегиз деген сай менен,
Оргуштап аккан дайра элем.
От болуп жүргөн кезимде,
Ойноок көз сулуу кайда элең?

Кыйласын кыздын жактырбай,
Кырчындай кезде Айда элем.
Кыйналып аны сөз кылбайм
Кыркымда менин кайда элең?

Эңилген менен кол жетпес
Эркем сен элең этпечи.
Туурума кондуң куш болуп,
Туурумдан учуп кетпечи...

## КУСАЛЫК

Күлүп жайнап ободо,
Күндүн мойну узарып.
Жанат күйүп биликтей,
Жаз самаган кусалык.

Бийликте кыш дагы эле,
Бирдин айы күчүндө.
Жазды күтөт дыйкан да,
Айдоо кирип түшүнө.

Бата кылат көк шибердей көктө деп,
Баба дыйкан үрөнүн сээп өмүрдүн.
Ичи элжиреп араң баскан чалына,
Кемпирде да жүрөк эргип, көңүл күн.

Жашоо гүлдөп жашоолорго улансын,
Өмүр жасап жазыш тынбай узансын.
Күндөй кызыл нандар бышып тандырда
Күз жазымдын эмгегине кубанам .

*****

Абалаган сөзүңдөн,
Айланайын өзүңдөн.
Аймалаймын канбастан,
Алма жыттуу төшүңдөн.
Жалыныңдан таап алдым,
Он сегизди качырган.

Көзүмдү албай көзүңдөн,
Оюңа оюң өрүлгөн.
Жумурткадай аарчылган.
Жумур денең көрүнгөн.
Оюнуңдан таап алдым
Отуз жашты төгүлгөн...

Шылдыраган тынымсыз,
Ыры угулбай кулакка.
Жазды күтөт сагынып,
Муз алдында булак да.

Аяз таппай айласын,
Күндү карап алактап.
Көл шал түшүп көчөдө,
Карлар эрийт шалактап.

Күлүп жайнап ободо,
Күндүн мойну узарып.

Жанат күйүп биликтей,
Жаз самаган кусалык...

## ЖАЗ БОЛУП АЛУУ ЭМНЕ ЭКЕН?

Жыргалбек досум кандай- деп ,
Жылмайып келди элүү жаш.
Карындаш сен да капыстан,
Көңүлдү кылып койдуң наз.

Болжобо менин жашымды ,
Болсоң сен Акылкарачач .
Көөрүгүн басып тынбастан,
Көөдөндө жүрөк дайым жаш.

Өкүнгөн менен айла жок ,
Омүргө минди сары күз.
Жаз болуп алуу эмне экен,
Ортодо болсо көңүл түз

*****

Күлүңдөп кымыз саткан кыз,
Күлкүгө күндө баткан кыз.
Кызыгып барып өзүңө,
Кымыздын даамын татканбыз.

Жаркылдап жарма саткан кыз,
Жалындап күйүп жаткан кыз.
Чаңкаган жанды кандырып,
Жармаңдын даамын татканбыз.

Эсептеп мезгил катарын,
Билебиз таңдын атаарын.
Сезеби күйөөң сендей бир
Кучактап күнду жатаарын.

Күчтөнтүп бозоң сата бер,
Күлкүгө шайыр бата бер.
Маралдай болуп маңкайып,
Махабат даамын тата көр...

## КАРКЫРА

Асыл жайлоо Каркыра,
Аралаган Аккула.
Жайда аккан булактай,
Жака, беш май тура...

Көкүрөгү көлүмдүн,
Көзүрү – көп төрүмдүн.
Тартуулаган жашоону,
Кан тамыры өмүрдүн.

Көкөтөйдүн ашы өткөн,
Көк конугун каз өпкөн.
Каркыра куштай тизилип,
Камча кылып, жаз өткөн.

Күн нуруна чайынган,
Гүлдөп үкү сайынган.
Күр – шар эткен суусуна,
Күмүш мончок тагынган.

Ай нуруна чайынган,
Алтын үртүк жамынган.
Аты уйкаш суусуна,
Анан мончок тагынган.

***Анара ДЫЙКАНБАЕВА 1954-жылы 31-августа Жети-Өгүз районунун Чоң-Кызыл-Суу айылында туулган. Кесиби финансист, жогорку билимдүү. 26 жыл Жети-Өгүз райондук байланыш тармагында эмгектенген, ыштеген тармагындагы үзүрлүү эмгеги үчүн көптөгөн сыйлыктардын ээси, азыркы убакытта ардактуу эс алууда.***

***Мезгилдүү басма сөздөргө чыгармалары жарыяланып келет. 3 уул, 3 кыздын энеси.***

## БАР БОЛ КЫРГЫЗ ЭЛИМ

Эгемендик эми мына байкалып,
Асабаны көкөлөтө байладык.
Ынтымакта ырыс кешик жылоолоп,
Ак тилекте ханыбызды шайладык.

Асман ачык теребел да шайма шай,
Оңолууда ата мекен байма бай.
Кыргыз журтум кыйры жетип кыйлага,
Соолубастан ага берсин дайрадай.

Кыргыз пейли кенен талаа жериндей,
Мейман тозот сунуп кымыз эринбей.
Бирөө кетсе бирөө кайра жаралып,
Кырган сайын толуп келет кемибей.

Пейилиңден кагылайын кыргызым,
Келечекте орун басат уул кызың.
Дүңгүрөтүп дүнүйөгө атагың,
Жолун жолдоп улуу ата Чыңгыздын.

## ТАНДАДЫМ

Агарып аткан тандайым,
Ар дайым жарык маңдайын.
Аруу бир таза тунугум,
Адашып сенден калбайын.

Асылым сенсиң ардагым,
Ашыкча ойго барбагын.
Азгырбай кумар тузагы,
Ааламдан сени тандадым.

Бүркөлүп калса кабагың,
Торуна түшөм санаанын.
Ойго бир тоого чыгарбай,
Эшигиң жапчы санаанын.

Жүрсө дейм деги жабыкпай,
Жүрөгүм согот талыкпай.
Дайынын укпай калганда,
Думугам суусуз балыктай.

Ай тийген тоодой мүнөзүң,
Кайгыртып жанды жүрөсүн.
Өчпөгөн ыйык махабат,
Өзүңө бекем түнөсүн.

## ЖОЛУКТУРДУ

Жолуктурду тунук сезим издеди,
Ыйык бир күч таза бойдон биздеги.
Кала берсин тумар болуп түбөлүк,
Жазындагы балалыктын издери.

Тагдырлар окшош болуп буйрук менен,
Качандыр жолугаарды туйдук бекен.
Өкүнүч өмүрлөргө жүгүн артып,
Ага албай калбадыкпы бир нук менен.

Тагдырдын өкүмүнө баш ийели,
Таалайдын өчө электе тан илеби.
Тамчыдай ыйыктыкты тумар кылып,
Тагдырлаш жашоо баркын бир билели.

Селт эткен сезим отун бек каталы,
Сыйлашып жолугалы дос катары.
Сыйыныш тазалыктын перисине,
Сый урмат дайрасына бир баталы.

Өзүңө тан шооласын салыштырам,
Уйкудан ойгонгондо жанып турган.
Өзүңсүз өткөн супсак өмүрүмдү,
Айтууга оозум батпай тынып турам.

Күн болуп калса эмне өмүр деген,
Таң менен ай ааламга жарык берген.
Кайрадан жанылбастан басаар элем,
Жүрөктөн орун алган теңим менен.

## АЛГА ӨЛКӨМ

Тегим кыргыз Ысык-Көлдү бойлогон,
Тоо ташынын тынчылыгын ойлогон.
Табиятка жуурулушуп кан жаны,
Теребелдин мыйзамдарын колдогон.

Тегим кыргыз тарап келген ордодон,
Токтоп калбай орун алган ортодон.
Кыргызымдын туусу улам оболоп,
Кырааны көп эч нерседен коркпогон.

Керемети кел бэрилеп куюлган,
Кең жайлоосу бейиши дейм буюрган.
Көк мөнчөгү касиеттуу Ысык-Көл,
Көкүрөккө тумар сымал уюган.

Элим мына эркин учкан бүркүттөй,
Тундук бекем тиреп турган түркуктөй.
Тозуп чыгып ырыскыны абайлап,
Томоголоп кармап калгын үркүтпөй.

Томолок дейт бак таалайды элимде,
Турган кези чоң ашуунун белинде.
Таяп жөлөп акыл калчап кеңешип,
Тоголотпой тоо кылалы келгиле.

Талпын, талпын улам бийик учасың,
Туура жүрүп түз сүйлөөдөн утасың.
Ташыркаткан татаал жолдун марасы,
Такка олтуруп урмат сыйын тутасың.

## СЕН БЕЛЕҢ?

Гүлдөрдүн тандап сулуусуң,
Сезимдин арнап улуусуң.
Муздаган бойду ысытып,
Сен кана жалгыз жылуусун.

Тымызын соккон жел сымал,
Сырымды айтам шыбырай.
Өмүрдүн гүлүн сугарып,
Жамгырын төгөт дыбырай.

Бүдөмүк ойлор тушаган,
Бүркөлүп кабак кусадан.
Кайрылып өзүң келгенче,
Карааны турат узаган.

Түшүмдө көргөн беш белги,
Түйшөлтүп жанды тез келди.
Түнөгүн таппай кыйналган,
Түпкүрдө сырды сезгенби?

Түшүмдө көргөн кайберген,
Түйшүккө салган жай менен.
Жаштыгым өткөн мезгилде,
Бактылуу кылчу ай белең.

Кайберен болуп келбеген,
Кайгыга салып дембе дем.
Өмүргө-өмүр улаган,
Жүрөктүн теңи сен белең.

Тагдырым тайбай жол берген,
Табылып кайра кол берген.
Баркына жетет эми деп,
Бактымды баалап мол берген.

Чогултуп махабат мүрөгүн,
Үзбө деп үмүттү жүрөгүм.
Кайталар жатса да миң ирет,
Качан? – деп камыгып жүрөмүн.

## ТАПКАНЫМ

Таңым белең бактым үчүн атылган,
Гүлүм белең жүрөгүмдө ачылган.
Лира белең кубат берип өмүргө,
Эстегенде элестүү ыр жазылган.

Жалын белең жүрөгүмдү жылыткан,
Мээрим белең көңүлүмдү уюткан.
Акыл белең адамдыкка сүрөгөн,
Адашканда алып чыгаар туюктан.

Тунук белең аскадагы булактай,
Жарык белең маңдайымда чырактай.
Махабаттын мээри менен тирилттиң,
Соолурумда суу куйдуң го кууратпай.

Менин дилим менен бийик асманым,
Менин бактым жазып бүтпөс дастаным.
Меникисиң менин тоодой үмүтүм,
Медер кылып күз мезгилде тапканым.

## ОРУН БАСАРЫМ

Билимиң бийик жалындай,
Күлгөнүң жайлоо таңындай.
Көңүлдү көккө көтөрөт,
Сөздөрүң тоонун балындай.

Жылмайган жылуу ажарың,
Жып жылуу жүрөк канымдай.
Сезесиң жүрөк жарамды,
Өзүңсүз жашоом караңгы.

Дем берип дайым турасың,
Кубалап болгон капамды.
Акылы тунук ырысым,
Оңдойсуң кээде катамды.
Сезимде сырды билесиң,
Сагынтып түшкө киресиң.
Секетиң болуп кетейин,
Сергитип жанды күлөсүң.

Эненин туюп түйшүгүн,
Эмгегин актап жүрөсүң.
Алаксып көңүл ачаарым,
Ай күндөй нурун чачаарым.

Күн бүтүп сапар узасам,
Ордумда орун басарым.
Ээрчитип эки сиңдинди,
Энеге теңдеш катарың.

## ЫЙЫГЫМ

Өмүрдөгү бийик туткан желегим,
Өзүңдү мен ыйык тутуп келемин.
Оорубачы кайыштырып кызыңды,
Ошол болсун мага берген белегиң.

Баа беремин бала кезден сөзүңө,
Бактым ашып таянамын өзүңө.
Аман жүрчү таянычым болуп сен,
Ала-Тоодой көрүнөсүң көзүмө.

Кайрылып мен балалыктын жүзүнө,
Карап туруп бырыш баскан жүзүңө.
Кечээ эле жапжаш элең энеке,
Кантип жеттиң өмүрүңдүн күзүнө.

Өзүңдү ойлоп сарсанаада өңдөн азам,
Алаксып анча-мынча ырлар жазам.
Чабыттап ой-кыялым бийик учуп,
Сага арнап таттуу сөздү издеп казам.

## САГЫНЫЧ

Түшүрүп оймо килемге,
Түйшөлүп ойлойт ким эмне.
Саймадай кооз балалык,
Саламын айтам силерге.

Кайгыны качан билчү элек,
Капарсыз ойноп күлчү элек.
Эрчишип эгиз козудай,
Мектепке бирге жүрчү элек.

Тоодогу айылым баягы,
Тумардай көлүм аягы.
Балтыркан бала чагымдай,
Боз торгой кучак жаябы.

Турмуштун көрүп сынагын,
Жашоо бул күрөш ынадым.
Жеңилген кезде тажабай,
Кирпигин жүздөп кынадым.

Тагдырга мен да багындым,
Улгайып урмат тагындым.
Элестеп ошол бала чак,
Класташ достор сагындым.

Ай күнгө теңдеш бала чак,
Арт жакта калды карасак.
Ардактап турса балдарым,
Ак чачым мага жарашат.

## АЯЛ ЭНЕ

Аял эне нурун төгүп жаркыраган,
Аял эне гүл зар чачып аңкыган.
Аалам үнүн дили менен айланып,
Аял эне тукум улап балкыган.

Аял сулуу дили тунук булактай,
Арнап келет өз сүйүүсүн суратпай.
Алпурушуп бүт өмүрү бала үчүн,
Апалыктын ар намысын кулатпай.

Аял ыйык кереметти кебелгис,
Ай көлдүгү ай күн менен ченелгис.
Алкап турат ай ааламды тептегиз,
Ачууланбайт эч убакта себепсиз.

Алданса да алдай албайт өзгөнү,
Бала үчүн издегени көргөнү.
Бакыт тилеп ата мекен эл жерге,
Бай түшүмдөй энелердин сөздөрү.

## ЭНЕМ ЭЛЕ

**(Энекем Токомбай кызы**
**Дүйшөкандын жаркын элесине).**

Энекем дайра элең агып турган,
Эңсетип мээрим чачып багыт бурган.
Эсимден эч убакта чыкпай келет,
Элесиң жалын болуп жанып турган.

Жан дүйнөң ырыскыга кенен эле,
Оозуңда чебер сөзүң белен эле.
Чөйрөсүн шаңга бөлөп бөпөлөгөн,
Жамакчы ошол аял энем эле.

Сагынтып санааларга салаар элем,
Сабалап сапар улап бараар элем.
Садагам сары кызым не болду деп,
Санаркап өңдөн азып калар элең.

Уйкашы бири бирине жетеленип,
Угулат кулагыма безеленип.
Жан дүйнөм жан адамга окшобогон,
Жамгырдай турар элең себеленип.

Жаркырап тийип турган күнүм элең,
Жаркырап үлпөт курган түнүм элең.
Уйкудан ойгонгондо ушаланып,
Жүзүмдү сылап турган гүлүм элең.

Энеке арбагындан кагылайын,
Өчпөгөн шамың болуп жагылайын.
Атыңды даназалап түбөлүккө,
Андан соң тагдырыма багынайын.

Касиеттүү булак болуп туптунук,
Карегимде калтар сымал кулпунуп.
Сермеп келем канатымды жаңылбай,
Сен үндөгөн бийиктикке умтулуп.

## ЭНЕ ЖЫТЫ

Энем мага ыйбаа караган,
Эркелетип чачым сылап тараган.
Чоңойсо деп эс акылдуу боорукер,
Карыганда керегиме жараган.

Актасам деп улуу үмүтүн,
Аракетте жүрөм мен да күнү-түн.
Акыр бир күн оору кордоп койорун,
Акылыма албай такыр жүрүпмүн.

Баспасаң да маңдайымда аман бол,
Алдан тайсам күч толтурар чамаң бол.
Жытың менен бийиктикке үгүттөп,
Бакчамдагы соолубаган алмам бол.

## СУРАНАМ

Унуткандай бул жумуштун талабын,
Убарамын укпай калсам кабарың.
Удургуган үмүтүмдү туу кылып,
Ушул саатта күтөм сенин саламың.

Учкан куштай кыял алга жетелеп,
Улуу сезим уясынан кете элек.
Улгаюнун аралына бет алып,
Улар үнү улуу тоого жете элек.

Белгисиз күч безелентет азгырып,
Беймаралда жүргөнүмө кубанам.
Улуу сезим улутунуп турганда,
Убакытты койгон экен аз кылып.

Ойлоп сени ошол замат уланам,
Ойлорумда жүргөнүнө кубанам.
Оттон, суудан сактай көр – деп эрте кеч,
Жараткандан тизе бүгүп суранам.

## МЕНИН БАКТЫМ

Байырлатпай өмүрүмдүн көктөшүнө,
Байкатпай мезгил ыкчам өткөнүнө.
Баш ийгем бар тагдырым ушул го деп,
Жашоомдун албууттанган көктөмүндө.

Бактым ошол бакчамда гүл жайнаса,
Балдарым чынар болуп бүр байласа.
Байралып ошол чынар теректерге,
Башымды катып алып күн кайнаса.

Бактым ошол жергемде тынчтык болсо,
Бакубат өмүр сүрүп элим консо.
Баба дыйкан бабырап кетменин чаап,
Берекелүү түшүмгө жерим толсо.

Бактым ошол асманым ачык болсо,
Элиме учпас бийик бакыт консо.
Ылайым гүлдөп өсүп ата журтум,
Ыймандын ыргагында жатык болсо.

Журт башы жугумдуу адам болсо,
Жаза кетпей таамай кеткен кадам койсо.
Жараткан жаман көздөн сактап дайым,
Жадырап Кыргыз элим Аман болсо.

***БЕКБАЕВ Төлөмүш Данапияевич*** 1955-жылы Жети-Өгүз районундагы Дархан айылында туулган. Пржевальск мамлекеттик педагогикалык институтун аяктаган. 1973-1991-жылга чейин Ысык-Көл облустук "Ысык-Көл правдасы" ("Ала-Тоо таңы", "Ысык-Көл кабарлары") газетасында корректор, улук корректор, газета чыгаруучу, жооптуу катчынын орун басары, кабарчы, жооптуу катчы, башкы редактордун коммерция боюнча орун басары болуп иштеген. 1991-1995-жылдары Жети-Өгүз райондук "Коммунизм маягы" ("Жети-Өгүз жаңылыгы") газетасынын башкы редактору, 1994-1996-жылдары менчик "Ак Шоола" чакан ишканасын жана өндүрүштүк-басмаканалык "Дархан" фирмасын уюштуруп, анын генералдык директору, 1996-1998-жылдары Ысык-Көл мамлекеттик университеттин "Жалын" газетасынын редактору-уюштуруучусу болгон. 2003-жылдан бүгүнкү күнгө чейин өзү негиздеп уюштурган Каракол шаардык мэриясынын жана Каракол шаардык кеңешинин органы "Каракольская правда" газетасынын башкы редактору.

Ал 2009-2010-жылдары кыргыз жазуучуларынын республикалык адабий "Ала-Тоо+" жана эл аралык рекламалык көп түстүү "Глобус" журналдарын, "Авто-ГИД-Дархан" рекламалык газетасын уюштурган. 2005-жылы окурмандар, мектеп окуучулары жана студенттер үчүн "Адеп, ахлак баяны" китебинин, 2009-жылы Каракол шаарынын 140 жылдыгына карата Каракол шаарынын алгачкы энциклопедиясын түзүп жарыкка чыгарган жана алардын автору. Учурда Ысык-Көл облусунун жаңы энциклопедиясын түзүп, китеп кылып чыгаруу алдында турат. СССР жана Кыргыз Республикасынын журналисттер союзунун мүчөсү, публицист, тарых иликтөөчү, ишкер.

## ӨТМӨК АНДА

Балалык кез кайра келбейт кайрылып,
Кетип барат келгин сымак алыска.
Кол булгалап кала берем узатып,
Кайыл болуп мен кийинки бактыма.

Эртеңимди эмнегедир билбеймин,
Билсем эгер болмок менде даярдык.
Кетмек анда өкүнүчтөр алыстап,
Өтмөк анда унутулгус балалык.

## СҮЙӨСҮҢ ЭЭ, СЕН АЯБАЙ

Шаар аралап басып жүрдүм,
Кечке чейин көңүлүм суз.
Караңгылык,
терезелер жабылып,
Мен өткөрдүм ал түнүмдү,
тынч ала албай уйкусуз.

Жатамын ойго чөмүп, шыпты тиктеп,
Элестетип биз өткөргөн ал күндөрдү.
Көчөдө иттер үрүп,
жүрөк дүк-дүк,
Терезелер билбейм мага абдан сүрдүү.

Азыр эле сен мага келеаткандай,
Терезенин чертилишин тыңшап калам.
Чуркап чыгам,
тосуп алат караңгылык.
Деп айткансыйт:- “сүйөсүң ээ, сен аябай”.

## ОЛДА ДОСТОР

Кезиккенде жолдошторум, досторум,
Ыр жазам деп карып кеткен окшодуң.
Эртеңдерден бир кызды уурдап барабыз,
Камдай берсин аяш эне жоолугун.
Деп калышат,
тамашага чалыша.

Бул сөздөргө миң мертебе ырахмат,
Мага да кыз эртели кеч табылат.
Сүйсөм эгер он сегизде жаш кызды,
Отузумда курган жүрөк сагынат.
Ошондуктан,
уурдабай эле койгула.

Сүйүү жашайт түбөлүккө чеги жок,
Жаш ылгабай келер бир күн сүйүү ооп.
Карыдың деп айтмак түгүл мойнуңа,
Жап жаш кыздын назик колу оролот.
Олда достор,
калтыргыла өз оюма.

## АЛИ БАСЫЛБАЙТ

Угаар элем мен барганда тажабай,
Таң эртеңки бүркүттүн шаңшыганын.
Кондурганда колуна сезер элем,
Чың экен деп ден соолугу атамдын.

Азыр болсо ошол үйдө ээндик,
Таң эртеңден бүркүт шаңшыбайт.
Бир нерселер мага жетишпей,
Кусалыгым али басылбайт.

## БУЛ МЕЗГИЛДЕ...

Майлап-сүттөп кушун учурган,
Күнүндө эле атам ооруган.
Кетпей алыс шаңшып туруптур,
Карап коёп ээси соңунан.

Маанек кылып жүрдү жаныбар,
Үйүбүздүн кетпей жанынан.
Бул мезгилде атам жок эле,
Сөөгү небак жерге коюлган.

## СЕН БАР ҮЧҮН-ЫР ЖАРАЛДЫ ЖҮРӨКТӨН

Оо, кымбат
асылкечим колуңду бер,
Кетели турмуш куруп, жетелешип.
Биздерди,
турмуш күтөт, турмуш күтөт,
Калбайлы
узак жолдон биз кечигип.
Кетели, макул дечи,
бүгүн, эртең,
Бактылуу жашаш үчүн,
жашаш үчүн жетелешип...

*** ***

О сен анда
кезиксең жаш кезимде,
Күтмөкмүн жаан алдында,
шөмтүрөгөн кайырчыдай.
Күтмөкмүн сагынычты
жүрөгүмө батыра албай.
Бирок да бүгүн,
сен үчүн, ойлорум таза.
Таңдагы шүүдүрүмдөй.

Агылат ойлор
кеч келген сүйүүм сени көздөй.
Коштошуп кеткен
жаштыгым келип,
жүрөгүм туйлап кайрадан.
Жан экем эркек,
сүйүүңө сенин багынам.

*** ***

Айтып кал учурунда сүйгөнүңдү,
Пайда жок көз жаш төгүп сагынгандан.
Төрт бүктөм ак кагазда менин арзуум,
Сүйгөнүм "чыйт" түкүрүп баалабаган.
Жакпаса ыргытпагын,
отко ташта,
Өрттөнүп кошо кетсин менин сүйүүм.

*** ***

Ырымдан сенин тааныш жытың келип,
Сен деген жүрөгүмдүн музу да эрип.
Жашаармын сени менен кыялымда,
Чачыңдан сылай-сылай эркелетип.

*** ***

Менин күнөөм-сүйгөндүгүм өзүңдү,
Өпкөндүгүм кенен жайык бетиңди.
Сылаганым эркелетип чачыңдан,
Айткандыгым "сүйөм" деген сөзүмдү.

*** ***

Сен жөнүндө дагы жазаармын,
Сен жөнүндө оюм бүтө элек.
Сен бар үчүн ырым бүтпөстөн,
Сен бар үчүн али секелек.

***     ***

Сүйгөндүгүм мага бакыт алып келбейт,
Кетпе сулуу кайгы үстүнө, кайгы үйүп.
Жаш жаныңды саргайтып мен кыйнабай,
Же, кетейин бул жашоодон түңүлүп.

***     ***

Жаштыгымды, сүйүүмдү да уурдаткам,
Чексиз кайгы жүгүн артып мойнума.
Кездешермин, мени тагдыр алдабас,
Эртели-кеч бир жарк этчү бактыма.

***     ***

Сен мени жактырбасаң эмне кылам,
Ээрчибейм, эми сенин артыңдан мен.
Алдабайм, жок алдабайм өзүмдү өзүм,
Кезигишпейм, эми кайра сени менен.

## КӨГҮЧКӨНҮМ

**Обону М. Текебаевдики**

Көгүчкөнүм караанындан кагылайын,
Сүйбөсөң сен, эмне айтып жалынайын.
Мейли сүйбө, күлүп койчу мени карап,
Күлкүңдү мен тумар кылып тагынайын.

Уктабадым таң атканча ойлоп сени,
Жүрөк чиркин эңсеп сенин элесиңди.
Бир жарк этип, күлүп койчу мени карап,
Башкаларга таштап мени кетесиңби.

Бүгүн да мен жолуң тосуп узатамын,
Сүйлөбөдүң же колуңду кармабадым.
Жүрөк сыздайт, ажырашуу эми алдыда,
Баштагыдай сүйүүмдү сага арнабадым.

## ӨМҮРДҮН ӨТӨӨР БИР КҮНҮ

Жаштыгым-бакыттын бир музыкасы,
Тайраңдап, эрке болдум мен ырымды.
Ырдадым, каалашымча өттүм жашап,
Бөлүштүм, кайгымды да, кубанчымды.

Уттумбу, уттурдумбу мен турмушта,
Жашадым, жашоонун өзү кызык да.
Таңда атаар, өмүрдүн өтөөр бир күнү,
25 жаш кол булгалап калды артта.

25 жыл өз билгендей жашадым.
Ичип-жедим ата-энемдин тапканын.
Чачтан сылап, эркелетип турушту,
"Ырахмат" деп бир ирет да айтпадым.

25 жыл өз билгендей жашадым,
Тулпар чаппай, эшек чаптым кашаңмын.
Суктандырып дүйнөнү башкалардай,
Мен жеңиштин добулбасын какпадым.

25 жаш шум өлүмгө бир кадам,
Кезегинде сыз жазданып бу адам.
Жатат тура топуракты кучактап,
Адам сөөгү кай жерлерде калбаган.

Өттү курак мен эч нерсе аткарбадым,
Нурларын күтөм күндө аткан таңдын.
Жашоо үчүн, күрөшүүгө чыгам күндө,
Кездешем сага,
баарыңарга,
ошол менин жашаганым.

## БИЛИП АЛ

Сен өзүңдөн көрбө төмөн бирөөнү,
Сеникиндей кагат анын жүрөгү.
Укугу бар сүйүүгө же сүйдүрүүгө,
Эскерүүгө бир муңайып өткөндү.
Сенде, анда бир касиет билип ал,
АДАМ деген дүңгүрөткөн дүйнөнү.

## БҮГҮН МАЙРАМ

Бүгүн майрам, а мен үйдө отурам,
Көчө тиктеп өткөн элге жалдырап.
Күрс-күрс этип ичим басып жөтөлөм,
Жүрөгүмдү тыз-тыз этип сайгылап.

Бүгүн майрам, а мен үйдө отурам,
Тели-теңтуш, же досторум келер деп.
Койгон эле эртең менен апакем,
Колундагы тамак-ашын белендеп.

Алар келсе менде кандай кубаныч,
Сакаймакмын баспай калган оорумдан,
Турмакмын мен алдын тосуп алардын,
Жыттамакмын мага тааныш жытынан.

Келбеди алар, келишкен жок унутту,
Бечараны жалгыз таштап үйүнө.
Мен төшөктө баш көтөрбөй жатсам да.
Күтүп жатам, ошол күндөн күнүгө.

## ЭНЕКЕМ АЙ!

Энекем ай,
          Сен бул түндө бешик терметип,
Ыйласам чебелектеп сүтүң берип.

Отурсаӊ керек
нечен түндөр, нечен жылдар,
Бул түндүн алп койнунда термелип.

Энекем ай,
Келбей калсам уйку көрбөй,
Шылдыр десе
кулак төшөп тышка жөнөй.
Билемин азыр дагы отурасыӊ,
Мени күтүп кош жаздыкка өбөктөмөй.

*** ***

Ай аягы келет мага кассир кыз,
Колго тиет болор болбос маянам.
Кезек күтүп, сары кыздан дүкөнчү,
Эне сага "индийский" чай алам.

Чакырып кошунаны жетине албай,
Ичели деп уулумдукун олтуруп.
Жөнөтөсүӊ анан кайра шаарга,
Сумкаларым эт, май, сүткө толтуруп.

*** ***

Бүгүн сага ырлар жазаарымда,
Келе түштү элесиӊ көз алдыма.
Бакыттын кени жаткан сыяктанды,
Жаздагы бороз сымак бырышыӊда.

Тышта жаан төгүп жатат, жатат төгүп,
Жер эненин кучагын сагынгандай.
Менин да сагынычым сага артып,
Кусалык көөдөн жиреп эч басылбай.

Мен сага ырларымды арнай берем,
Өзүмдөгү эӊ ыйык нерселерди.

Бирок да,
кандай жакшы ыр жазбайын,
Актабайт го билем эне эмгегиңди.

## ДАРХАНЫМДЫН КЫЗДАРЫ

Кыздары Дарханымдын тап-татына,
Теңеймин мен аларды күнгө, айга.
Көргөндүн өмүр бою көзү түшөөр,
Кундуздай ары-бери кылактаса.

Кыздары Дарханымдын шам чырагы,
Толтура ырчысы да, саймачысы.
Кеч кирди айылыма күлкү толот,
Магдыратат ал кыздардын ырдашы.

Бири дыйкан-балбан билек, алп мүчө,
Бири саанчы – ордени бар төшүндө.
Баарынын өз-өзүнчө кесиби бар,
Бири маалим билим берип бөбөккө.

Кыздары Дарханымдын мына ушундай,
Оюң болсо келгин жигит сагаалабай.
Билегиң опол тоодой болсо эгерде,
Кой багасың тоолорунда жайлы-жайлай.

## КҮТҮҮ

Күн бүркөлдү, жаады жаан,
аппак кыздын денесинде,
Тып-тып этип кулап жатты
кирпиктерин ирмегенде.
Кумга сиңип бир заматта жок болуп,
Салып жатты өткөндөрүн эсине.

Ал издеди, издерин кумда калган,
Кол кармашып чуркап өткөн кечеки.

Сооротконсуп жашын сүртүп теребел,
Сылап жатты ак толкундар денени.

Жигит болсо башка кызды колтуктап,
Жүрөгүн чаап айланчыктап жүргөн эле.
Дагы да, келет деген үмүт менен,
Кыз турганда жал-жал карап көл жээгинде.

## ТООЛОР ЖАНА МЕН

Мен дайым тоого барам, тоого барам,
Кой кайтарган кара мурут агамкына.
Карагер атын минип кой кайтарам,
Кокту өрдөтө күн тийген тараптарга.

Мен дайым тоого барам, тоого барам,
Жеңекем суугa келет бет алдыман.
Какшыктап каткырат да минтип йтат:
-Келдиңби уул, сагынычтын айынан.

Барам жеңе, сагынамын тоолорду,
Тоолор мага жан боорумдай сезилет.
Кыргыз тоосуз, анык кыргыз болобу,
Алыстасам тоолор келет берилеп.

Тоолор келет, агам-жеңем сиз окшоп,
Көз алдыма көгүш болуп тартыла.
Тулпарлардай, буудандардай ой козгоп,
Ак булутту калтыргансыйт артына.

Тоолор мага, мен тоолорго эм болуп,
Нөшөр болуп бийигине төгүлөм.
Алыс кетсем Ата-Журтка дем болуп,
Душман өтпөс тоолор болуп көрүнөм.

## ЫСЫК-КӨЛГӨ КАЙРЫЛУУ

Кеч курун көлгө барам сагынгандан,
Ыр издеп шарп-шурп эткен толкунуңдан.
Акындар жазып жатып чарчашты дейт,
Бир сенин калемиңден жазылбагам.

Олтурдум ойго батып жээгиңде,
Толкундар мага келет жетелеше.
Көлдүктүн бойго жеткен кыздарындай,
Уялып, бетин басып күн жарк этсе.

О, көлүм бабалардын изи калган,
Сен тарых, сен казына чачылбаган.
Кыргыздар ыйык тутуп ушул жерди,
Кан төгүп, душман менен салгылашкан.

Кылымдар кыймылыңды токтотпогун,
Көрбөйлү наристе ыйын, согуш отун.
Даңктайлы сени көлүм кылымдарга,
Сен энемсиң, а мен болсо бир бооруң.

## БАРГЫМ КЕЛЕТ...

Дегдейм бирок, ойлор мени жетелеп,
Кыялымда сени менен бир жүрөм.
Байкуш жүрөк алкымыма тыгылат,
Ырысым ай, ак жүзүңдү көрбөсөм.

Дегдейм бирок, ойлор мени жетелеп,
Кыялымда сени менен бир жүрөм.
Жаш балача саамайыңдан сылайм да,
Ырысым ай, сага арнап гүл үзөм.

Дегдейм бирок, ойлор мени жетелеп,
Кыялымда сени менен бир жүрөм.
Баргым келет, сени менен чоң жерге,
Күн тийгенден, жер айланып бүтпөгөн.



***Бурулкан АБДИЛОВА 1942-жылы 10-майда туулган. 1961-жылы мектепти аяктап Ташкенттеги Текстил институтуна кирип, аны 1967-жылы инженер-технолог деген кесипти алып бүтүп чыкты. Жеңил өнөр жай министрлигинин жолдомосу менен Көк-Жаңгактагы фабрикада башкы инженер болуп иштеди. 1969-жылдан 1973-жылга чейин Балыкчыдагы быткомбинатта башкы инженер, 1974-жылдан Жети-Өгүз быткомбинатта инженер-технолог, 1975-жылы башкы инженер болуп 1982-жылга чейин иштеди. 1983-жылы Госстрахта башкы инспектор, 1984-жылы ИППКлда пландоо бөлүмүнүн башчысы. 1988-жылы Кызыл-Суу айылындагы Пржевальск тигүү фабрикасынын филиалында директор болуп иштеп туруп, ардактуу эс алууга 1992-жылы чыккан. Үй-бүлөөлү, 5 баланын энеси.***

## НАНДЫ БАРКТАГЫЛА

Ак эмгектин адам пенде көрүп үзүрүн,
Жыл өткөн сайын арбытууда түшүмүн.
Чок баскандай чочуп кетем өзүмчө,
Көзүм чалса нандын жаткан күкүмүн.

Катуу айтпай, жай түшүндүрүп балага,
Нан эмне экенин билбейсиң да арам аа.
Нанды барктагыла нан улук баарынан,
Нан жок болсо тарый түшөт замана.

Мезгил болгон көздөн учкан жарым нан,
Нан издешип көбү кеткен калкынан.
Көк талканга качан жетебиз деп,
Күтүүчүбүз күндү күндүн артынан.

Толо тойдук деп нанга кесир кылбайлы,
Курсак тоюп, нандан көрдүк убайды.
Сугарып, чаптырып, терин төгүп талаага,
Буудайды өстүргөн дыйкандарды сыйлалы.

Кээде эсирген адамдарда чала бар,
Эсте болсун айланайын жаштар, агалар,
Курсак тойду деп нанды тепсөө - бер жагы,
Ал ак эмгекке түкүргөнгө барабар!

## КОШУЛДДУБУ АРБАГЫҢ?

**(Чыңгыз Айтматовдун**
**80-жылдык маарекесине карата)**

Түпкү атаң Бакай менен Манасыңа,
Сыйынабыз Ала-Тоодой талантыңа.
Кошулдубу оо дүйнөдө арбагың Манасыңа?
Кондуңбу Чыңгыз ага бейиштин канатына?

Тоскондур кырк чоросу Бакай менен,
Манас атаң Аккуланы алкынтып.
Сүзүп өтүп деңиздерди, басып өтүп тоолорду,
Баргандырсың Гүлсаратты жулкунтуп.

Силер кайттыңар бул жашоодон,
Ааламды багындырган эки Чыңгыз.
Бириң кылычын, экинчиң калемиң менен,
Тарыхты калдыңар экөөңөр тең, эч ким бузгус.

Кошулдубу арбагың? Кылычыңан кан тамган,
Бүт дүйнөнү багындырам деген Чыңгызханга.
Биз сени өлүмгө кыйбайбыз Чыңгыз ага,
Сен тирүүсүң, сен өлбөйсүң кыргыз барда.

## ЫСЫК-КӨЛДҮ КӨРГҮҢ КЕЛСЕ ЖАЙДА КЕЛ

Ой-сезимди Ысык-Көлдүн элеси,
Эске түшөт кайыкка түшүп жөнөчү.
Тыным албай толкундары шарпылдап,
Ысык-Көлүм касиеттү жер өзү.

Айланасы түркүн түстүү бак-дарак,
Күлүмсүрөп эң бир кооз чартарап.
Бүгүп жаткан ички сырын козголтуп,
Толкундары кайнап ички сырын козголтуп.

Суук болуп көлүм тоңбойт кышында,
Ак куу баштап каз, өрдөктөр ушунда.
Кыйкуулашып көлдөн балык биздерге,
Кыштап алып, учуп кетет жазында.

Жайда көрсөң көлүм турат берметтей,
Майда толкун бирин-бири эрмектей.
Көлүм туздуу болсо деле биздерге,
Даамданып турат шекер-шербеттей.

Деги эле көрө албадым жаман жер,
Көлдүктөр көлүн сүйгөн шаңдуу эл.
Ала-Тоолор айланасын курчаган,
Ысык-Көлдү көргүң келсе жайда кел.

## САРУУ АЙЫЛЫ

Саруу айылы этек-жеңи жайылган,
Чекесине кооз үйлөр салынган.
Саруу айылы өсүп жатат дүркүрөп,
Саруу айылы эң алдыңкы айылдан.

Саруу айылы кулач керип жайылып,
Өсүп жатат кабат үйлөр салынып.
Балдар өсүп, түтүн болуп бөлүнүп,
Көчүр келип салган үйгө агылып.

Саруу айылында турмуш калды оңолуп,
Жаштар иштеп, жалкоолуктар жоголуп.
Жайда төккөн мээнэтиңен баар таап,
Жаштарыбыз калган убак төрөлүп.

Кут-береке Саруу деген айылда,
Кары жашы эртеңкиге көрүп камылга.
Жерди иштетип, мал чарбачын өстөрүп,
Бар болсок, бай болсок жейт дагы да.

## АК БАТА

Баардыгынан эң ыйык нерсе ак бата,
Эмнеге болбосун жакшы салтты сактаса.
Алмустакан келе жатат кылымдарды карытып,
Берекелүү айланайын бабалардын ак бата.

Сүннөт той, наристе төрөлгөндө жаңыдан,
Чоң ата-энеси бата сурайт баарынан.
Сураган бата кабыл болсун ылайым,
"Эл уул болсун, жүзгө чыксын карыган"

"Өмүрдү узун, таалайлуу бол!" – деп бак тилеп,
"Элдик уул бол!" – деген кандай жакшы кеп.
Колго суу куйганда жаш баланы,
Урпактарга тилеп жатат ак тилек.

Ошондуктан карылардан бата алып,
Жаштардын жүргөнү оң дилдери тазарып.
Ата-бабам балдарына берип келген ак бата,
Бул адамдын жүрөгүндөгү тазалык.

## ОЙЛОЙ БЕРЕМ

Ойлой берем мен кышта, жазда,
Көңүл чөгүп капаланган сезим азда.
Өмүрдүн кемесинде акырын сүзүп келем,
Доңгөлөнүп чыккан сайын ар бир жашка.

Ойлой берем мен сени таңда, кечте,
Жаш кездеги күндөрдүн баардыгы эсте.
Тиктеп турам жылдыздардын учканын,
Арылап мейкиндикке сүңгүп кетсе.

Жаш улгайып, чачым буурул болгон менен,
Ашуу ашып, таштуу жолдон келем.
Баскан жолум такыр бүтүп калмайынча,
Мен сени миң жаңыртып ойлой берем.

## КЫРГЫЗ ЖЕРИ

Аккан дайра жашыл чөптүү белестери,
Дайым турат көз алдымда элестери.
Жер да бай, эли да бай койну кенен,
Берекени өз койнуна толтурган кыргыз жери.

Жазуучу,акын туулуп өссө турпагында,
Сени, мактап сени даңктап айлантты ырга.
Өз алдынча эгемендүү республика аталып,
Улан кызың өсүп алга барат жылда.

Укмуштай берекелүү кыргыз жерим,
Бак-таалайды уучтаган кыргыз эли.
Чыдай билип катаал кыйын мээнетке,
Шык билген Ата-Журтум сенин демиң.

Кыргыз жерим сени мактап жазыш үчүн,
Деги жетпейт го дейм менин күчүм.
Жеткиликтүү мактай албай чоркок экем,
Мени кечирээрсиң, өз кызыңмын ошон үчүн.

## ДООРУБУЗДУН КЫЗ-САЙКАЛЫ ЖАҢЫЛ-МЫРЗА

Ой тилегин сага айтам энелердин,
Роза сен да энесиң, мен да энемин,
Билесиң окко учкан солкулдаган шейиттерди,
Энеси толгоо тартып кантип төрөгөнүн.

Кайраттанып эркектер менен тең жарышып,
Өлкө башчысы болдуң ак жоолугуң колго алып.
Калыс болуп, калкыңа кайрымдуу бол,
Элди корго Сайкал менен Жаңылдай чуу салып.

Ата-бабам башынан эле аялдарды барктаган,
Каныкей, Айчүрөктү кыргыз элим ардактаган.
Мынакей доорубуздун Сайкалы, Жаңыл-мырзасы,
Роза Отунбаева мыйзамдуулукту сактаган!

Ойлогунуң Роза жакырланган элиңди,
Мыйзамсыз сатылган Каркырадай жериңди.
Элин, жерин саткан шүмшүктөрдүн жазасын бер,
Намыс бербей, кайраттанып бекем бууп белиңди!

Эки ажобуз бийликке, байлыкка калды алданып,
Өлкөнү башкара албай калды шалдайып.
Бирөө катынына ээ болбой, экинчиси тууганчыл экен,
Үй-бүлөөлөрү кошо чыкты жар салып.

Эки ажооңду урдум мен, эркектей намысы жок!
Экөө тең качты элинен катындай кайраты жок.
Күнөөлөрү болбосо, чыгып эл алдына сүйлөбөйбү,
Эркек имиш: "Күң качары менен коркутат" – калысы жок.

Эми Роза элиңдин мүдөөсүн ук, зарын ук!
"Ханды Кудай ураарда – калкы менен кас болгондун каарын ук!"
Жыпжылаңач төшүн окко тоскон баатырлардын,
Ата-эне алган жардын, эже-аганын балдарын баарын ук!!!

## Ж. ТУРУСБЕКОВДУН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ ТААЗИМ

Белгилүү акынды сыйлап, элли сыйлаган,
Дайны чыкпай үлпөт тойдон жыйындан.
Жусуп акын душмандан коргоп мекенин,
Кыркка чыкпай кырчынында кыйылган.

Уугуп уу сөздөргө ууздай жаш кезиң,
Кыйноо тартып өсүп келдиң ач жетим.
Тагдыр сага таш боордугун көрсөтүп,
Жада калса аруу жуулуп, оронбодуң ак кепин.

Чиркин дүйнө, атаганат арман күн!
Жок дегенде бир белгиси болгонунда мүрзөңүн.
Сыйынып турбайт беле арбагыңа кары жаш,
Аттиң арман тардыгыбы дүйнөнүн!..

Узак эмес, окшоп тоонун кыска жазына,
Ушунчалык өкүнөмүн өмүрүңдүн азына.
Ырдын чети оюлбай "Эсимде" калды элимде,
Өзүңдүн көлөмүңдөй ыр жык толтура казына.

Кайгырган менен өксүк ордуң толбос ай,
Жусуптай өткүр акын болбос ай.
Сыймыктанам Жусуп-Ата жердеш болгонго,
Талантыңа таазим кылам, бирге баскандай.

## АЛТЫНЫМ АЛТЫНАЙГА

Алтыным менин жүрөгүм,
Ырысым неберем чүрөгүм.
Таңдагы чыккан Чолпондой,
Сени чоңойтуп жүрөмүн.

Шооласын чачып күнү-түнү,
Алтынайым сен күнүмсүң.

Ааламда теңдешсиз,
Жайнап ачылган гүлүмсүң.

Менин кызым элдик болот деп,
Ишенем, көзүмдө келечек.
Адам болуп үмүтүмдү актагын,
Акылыңа эч качан койбо чек.

## НЕБЕРЕМ БАЙЭЛИМЕ

Эркем ай, бучунайым балажаным,
Көңүлүмдү эритет караганың.
Каткырышып, күлүшөт тилиң туурап,
Бохам сенден улуу агаларың.

Сүйүнөм ойноп жүрсөң өйдө туруп,
Сүйүнөм чулдурап тилиң угуп.
Деги эле бул дүйнөдо эч ким жоктой,
Ааламда күлкүң таза сендей тунук.

Кытылдап күлгөн күлкүң кулагыма,
Үндөшөт тоонун мөлтүр булагына.
Калса экен ушул күлкүң түбөлүккө,
Байэлим кийин жигит болгон убагыңа.

Чоң энең ыйман тилейт балакайым,
Чоң энең болуп кетет сага жалын!
Өмүрүң болуп, өсө бергин неберем,
Адамы бол, өзүң жашаган замананын.

***Клара КИЧИНЕМОЛДОЕВА Эсенкановна 1959-жылы Балыкчы шаарында туулган. 1966-1976-жылдары Бостери орто мектебинде окуган. 1976-1981-жылдары Кыргыз Улуттук Университетинин филолог-журналист факультетинде окуган. 1981-2000-жылдары Дархан айылындагы А. Сатылганов атындагы орто мектебинде мугалим, директордун орун басары болуп иштеген. 2000-жылдан бери мектептин директору. Айылдык кеңештин төрагасынын орун басары, депутат.***

***Билим берүүнүн отличниги, ишиндеги ийгиликтери үчүн көптөгөн сыйлыктардын ээси. Чыгармалары мезгилдүү басма сөздөрдө жарыяланып келет. Үй-бүлөөлү, 3 баланын энеси.***

*****

Кандай адам болду экен деп кызыкпа
Сураштырба бар экенин кыз, уулум.
Окурманым, мен жөнөкөй бир адам,
Мага кызык ырларыма кызыгууң.

## ЫРЫМ БАРБЫ ЖЫЛУУ СӨЗГӨ ТАТЫРЛЫК

Ыманы ысык жандай болуп жаралган,
Ырым барбы, деги жүрөк жылыткан.
Окугандын жан дүйнөсү тазарып,
Жамандыкты аз да болсо унуткан.

Ырым барбы, сырдуу алтын сандыктай,
Окуганга суроо салган.
Эч болбосо эки сабы эргитип,
Эсте калар, сулуу кыздай суйсалган.

Ырым барбы, селт эттирип көз ирмем,
Ырас эле деп ынандыраар адамды.
Жазганымдан жаркыбаса жан дүйнө,
Анда неге кармайм кагаз, каламды.

Ырым барбы ,тыңшап угаар көпчүлүк,
Ыңаалаган ымыркайдай үн салаар.
Жакшы ыр деген жарып чыгып жүрөктү,
Сезимдерге жебе болуп кадалаар.

Ырым барбы, жакшы сөзгө татырлык,
Анткендигим: жакшы деген ат улук.
Ушул суроо калат дайым жоопсуз,
Узун түндө ой терметип отуруп:
Ырым барбы жылуу сөзгө татырлык.

## БАЛДАР ҮЙҮНДӨ

“Апам болуп жүрбө мен күткөн?”
Деген өңдүү тиктеп кадала.
Көздөрүңдөн үмүт чачырайт,
Мен чоочунмун сага, садага.

Сездим сага кымбат экенин,
Ким бирөөнүн көңүл бурушу,
Тартып турду мени өзүнө,
Көздөрүңдүн жайнап турушу .

Көкүрөккө кысып өзүңдү,
Көңүлүңдөн келди сылагым.
Эшигин жаап баёо дүйнөңдүн,
Шарт бурулдуң анан, чырагым.

Баш бага албай баёо дүйнөңө,
Туруп калдым азга күймөлө.
Наалат айтып “эне сөрөйгө”,
Сени алып келген жарык дүйнөгө.

Сени алып келип жарык дүйнөгө,
Чоңтолкунда калган кайыктай.
Калтырды экен кандай аялзат,
Жүрөк дартың жүрөр айыкпай.

Мээрими жок аял-эне эмес,
Денесинен чыккан балага.
Сагынычка көзү толгон кыз,
Салып кетти мени санаага .

## ГҮЛ ЖАНА ЧАЛ

"Телегейим тегиз, жаңы гүл ачтым,
Сенден алып, суудан алып кубатты.
Рахмат айтып жан түшүнбөс тил менен,
Терезеде гүл сүйлөшөт Күн менен.

Таап алган картайганда жалынып,
Теңиринен тилеп ачуу үн менен
Жалгыз тамга таштап кетти баласы,
Ким сүйлөшөт күйүтү күч чал менен

## "ЖҮРӨГҮҢӨ ЖАКЫН АЛБА" ДЕБЕЧИ

"Жүрөгүңө жакын алба баарысын"-
Дедиң, апа, карап мага аялуу.
Бул турмушта болсо канча калыстык,
Ошончо ирет болот жүрөк жаралуу.

Бакпай таштап эссиз жигит карысын,
Тепсеп жатса жапжаш кыздын намысын.
Ажыраса перзентинен даа бирөө,
Таап бере албай доктор айткан дарысын.
Кантип, апа, жүрөк сыздап оорубайт,
Көрүп туруп ушулардын баарысын.

Чындык үчүн чыркыраса даа бирөө,
Чокко түшүп, отко күйүп кетчүдөй.

Куран кармап карганса миңирет,
Жан табылбай анын алын сезчүдөй.
Ак жеринен күйүп жаткан адамга,
Адил сөзүм айта албасам жан күйүп,
Кантип мени кызым дейсиң, сен күйүп?

“Жүрөгүңө жакын алба” - дебечи
Жүрөк-менин калпты билбес калысым.
Элестетер күнү өчкөн асманды.
Жүрөк менен сезип, туйбай калышым.

Ошондуктан өткөрөмүн баарысын,
Жүрөгүмдөн,акылымдан электеп.
Андан көрө дасторконуң жай, апа,
“Боорукерим, жароокерим келет” - деп

## КЫЗЫМ РАХАТКА

Кулак түрдүм “алдейиңе” эрксизден,
Куурчак таптап, алектенген кызым ай.
Агаң өңдүү сака, чүкө ойнобой,
Сага кызык идиш жууп, үй шыпырмай.

Келет мезгил, келгендиги байкалбай,
Келет кызым, наристеңди таптамай
Калсаң экен, эне болуп бактылуу,
Карегиңди ыза менен жаштабай.

Калсаң экен, калсаң экен каралдым,
Адам болуп, жаза тайып баспаган.
Болсоң экен асыл мүнөз жакшы жар,
Бак-дөөлөттү баалай билген, чачпаган.

Келечекте милдетиңди сезгендей,
Жаттың, кызым, куурчак таптап, үй жыйнап.
Кылыгыңдан кыз жышаанын көрсөткөн,
Апаң турду жүрөгүнө ыр жыйнап.

## АЯН

Кадимки эле касиеттүү Каныкей,
Энебизди көрдүм түндө түшүмдө.
Ак элечек, күмүш чолпу, билерик,
Карек талыйт, тик бага албай жүзүнө.

Кабак бүркөп, эмнегедир капалуу,
Карап турду эл кайнаган базарды.
Алып сатып тирлик кылып жатышкан,
Аягансыйт аялдарды, балдарды.

Түмөн түйшүк тартып, чарчап, жүдөгөн,
Көрүп туруп келин кызды жүздөгөн.
Сүйлөйт анан кейигени байкалып,
Өкүм дагы, өкүнүчтүү үн менен:

"Катыгүн ай, аялзатты сыйлаган,
Кайда биздин улуу, асыл наркыбыз?
Аял үйдүн куту эле го эзелтен,
Аттиң кызым, кеткен беле баркыбыз?"

А мен болсо күнөөлүүдөй бул ишке,
Айлам кетет, айтаарыма сөз таппайм.
Турмуш, заман өзгөргөнүн туяр деп,
Ал кишиге төмөнкүчө жооп айтам:

"Базар деген шартка көнүп баарыбыз,
Кысталышта күн кечирген чагыбыз.
Ал ансайын түтпөйт, качып кунары,
Өңдөн кеткен элетибиз шаарыбыз.

Багамын деп, бала-чака, бүлөнү,
Аялзаттын көбү азыр- базарда.
Бекерчилик мене күнүн кечирип,
Эр бүлөлөр-коломтодо, казанда.

Айдай жүзүн тосуп аптап, бороонго,
Аял бүгүн кан базарда жамырап.
Антпесе анан балдар кантип багылат,
Көр тириликке айла кайдан табылат?

Кабыргасы катый элек жаш балдар,
Таңдан кечке жүрөт базар баарлап,
Элет жери калган азыр ээндеп ,
Жан багууга кеткен көбү шаарлап.

Аял үйдөн үч күн чыкса алыска,
Калаар эле үйдөн кетип береке .
Азыр болсо, аял-сыртта, эр үйдө,
Мына ушундай турмуш келди көп үйгө.
Кечир бизди, касиеттүү энеке!"

Көңүл коюп, тыншап туруп сөзүмдү,
Байкашымда кейип жүрөк канатты.
Көздөрүнөн айбат, өкүнүч төгүлүп,
Дирилдеген үнү менен муну айтты:

"Мээрим менен бала сүйүп аялдар,
Мекен өңдүү нур төгүүгө жаралган.
Нечен кандуу, нечен азап күндө да,
Үй-бүлөсүн эркек коргоп бага алган.

Коломтодо отту өчүрбөй аялзат,
Сактап жүрчү адатты көр бузулган
Намыстанбай кантип татыйт эр жигит,
Аял тапкан наны менен тузунан?,!

Аттиң! Аттин! Бузулуптур атасалт,
Аял эрди баккан эмес эч убак.
Кабатырмын:кантээр экен каран күн,
Кийинки муун келе турган көч улап?"

Деди дагы кетти сүңгүп карааны,
-Токтоңуз!-деп айта албадым мен аны.
Аян берип кеттиби дейм капалуу,
Касиеттүү энебиздин арбагы...
Аян берип кеттиби дейм капалуу?!?

## БҮТӨЧҮДӨЙ БИР КЕМТИГИН ДҮЙНӨНҮН

Бүтөчүдөй бир кемтигин дүйнөнүн,
Бүлүк түшүп, жан далбастап, нетебиз?
Өкүрүктү, жоктоо ыйын сезбестен,
Өлгөндөрдүн «айылына» кетебиз.

Бүт баардыгын бүтүргөнсүп тынч алып,
Чым жазданып чын уйкуга батаарбыз.
Бул дүйнөдөн албадым деп эч нерсе.
Арман кылып түгөтө албай, «айтаарбыз».
Кейибестен, жокту барды сезбестен,
Эки үч кездик кепин кийип жатаарбыз.

## КАЙЫРЧЫ

Ажайып да арген үнгө сыйкырдай,
Көпчүлүктүн көңүлү эрксиз багынчу.
Жүрөктү эзе ырдап жатты сыздатып,
Обон созуп «Ош базарда» кайырчы.

Көзү азиз, Аттиң, дүйнө! А бирок,
Көмөкөйдө мукам үнү жагымдуу.
Ынагындай коштоп аны комузу,
Ырдап жатты улам башка жаңы ырды.

Жадабастан жан дүйнөсүн кең ачып,
Жамгыр өңдүү сабап кээде ак ырды.
Ыйлагандай коштоп аны комузу.
Ырдап жатты улам башка жаңы ырды.

Жадабастан жан дүйнөсүн кең ачып,
Жамгыр өңдүү сабап кээде ак ырды.
Ыйлагансып, таарынгансып кимгедир,
Ырдап жатты кем дүйнөнү тагдырды.

Сезимдерге жугуму жок ырларды,
Ырдап жүрөт сахнада көп ырчы.
Улуу тоонун уларындай үнүңдү,
Укту бекен ал ырчылар, кайырчы!
Укту бекен, укту бекен, кайырчы?

## ТИЛЕК МЕНЕН ЖАКШЫЛЫККА УМТУЛУП

Шарданында бул жашоонун кайдадыр,
Шашылабыз улам жаңы иш бүтпөй.
Колду шилтеп, кечирээринде баарынан,
Үмүт чиркин колдон алат илгиртпей.

Тилек менен жакшылыкка умтулуп,
Тирүүлүктө түйшүгү жок күн өтпөй.
Кылкылдаган батаар күндүн ар бири,
Кыл калемдүү Чуйков тарткан сүрөттөй

Тамашасы тагдырыңдын миң түркүн,
Табышмагы таш чайнатат тиш өтпөй.
Бирок танда «жарк» деп чыкса улуу Күн,
Койгуң келбейт жашоо үчүн күрөшпөй.

## САЛАМАТПЫ КИНДИК КАНЫМ ТАМГАН ЖЕР!

Саламатпы, киндик каным тамган жер,
Келдим сага, санап ар бир мүнөттү.
Уккандырсың, кубангандан кабынан,
Чыгуучудай түрсүлдөгөн жүрөктү.

Туйгандырсың тулаңыңды буралган,
Аялуумдай аяр көрүп басканым.
Көргөндүрсүң көздөрүмдөн саа деген,
Ак сүйүүмдүн ачык, кирсиз асманын.

Сезгендирсиң ырларымдын жакшысын,
Жан дилимден өзүңө арнап жазганым.
Бакчаңдагы гүлүңө да, кушуңа,
Мээрим менен түшкөндүгүн назарым.

Сүйөмүн! деп бийик сөздөр айта албайм,
Сага деген сезимимди ката албайм.
Бир билгеним келгенимде мен сага,
Тартылам да, көпкө бирок кайта албайм.

## ТААЗИМ

*/Улуу Жеңиштин 50 жылдыгына арналган/*

"Эстелик ачылган күнү"
Энелер неге ыйлашты?-
деп сурайт секелек кызым.
Кызыксаң айтып берейин,
Угуп ал анда жылдызым:

"Көңүлүң коюп карасаң,
Граниттүү такта бетинде.
Жазылып турат көп ысым,
Кырк биринчи жылдагы.

Теңдешсиз улуу согушта,
Кайтпай калган көп адам,
Коргоп элдин намысын,
Көчөдөн айыл ичинен,

Көргөндө оттуу көздөрүн,
Көп кыздар калчу назданып,
Жайнаган жапжаш жигиттер,
Жат жердин калды эрксизден,
Топурагын жазданып.

Граниттен турган эстелик
Эрдигине алардын
Элдин таазим кылганы .
Эсине түшүп кан күйгөн,
Эсесиз согуш жылдары .

Энелер, кызым, ыйлады ,
Кайтпай калган аталар,
Биз үчүн өмүр тартуулап
Түбөлүк оттой алардын ,
Элеси өчпөйт жаркырап .

Кейитип кеткен балдары ,
Кайтпай калган жарлары,
Энелер турду буркурап ...
«Беш»алып күндө сабактан,
Элдик кыз болгун сен дагы.
Арбагын сыйлап алардын,
Ыр арнайын мен дагы».

## КЕЧИККЕН ЖАЗ

Кербендей узак жол жүргөн,
Кечиккен жазым келдиңби.
Көк чөбүн аста кылтыйды,
Көргөзүп сүйкүм белгиңди.

Керилип кыздай наз күткөн ,
Кечиктиң, көпкө кечиктиң.
«Мөлт» этип чыга калдыңбы,
Түбүнөн тоңгон көлчүктүн.

Элесиң көзгө сүйкүмдүү ,
Элетте дагы ,шаарда .
Мээримиң төкчү ,сезимдер,
Тоңбосун калып ак карда .

Кербездүү келин өңдөнүп,
Кечиккен жазым келдиңби?
Сыйкырла тоону ,талааны,
Тийгизип жумшак «эрдиңди».

## ТАГДЫР

Тамырындай тармалданган дарактын,
Тагдыр түркүн,түркүн анан адам да .
Айланкөчөк акылына сыйбаган,
Түркүн турмуш шилтенген ар кадамда.

Тагдыр ,тагдыр,бирөөлөрдү баладай,
Ойнотосуң алып жумшак мойнуңа.
Даа бирөөнүн өңүн күлдөй бозортуп,
Ичиркенттиң “жылан салып” койнуна

Тайыз карап махабатка кай бир кыз,
Тайкы тагдыр күтөт андан наристе,
Тагдыр, сенин таң калтырган тамашаң,
Кудум эле театрдай таризде .

***АЖЫГУЛОВ Абдынасыр Шамшиевич 1949-жылы 20-июлда Сокулук районунун Асылбаш айылында туулган. 1968-жылы №3 кесипчиликтехникалык окуу жайын бүтүргөн. 1968-1970-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. Комсомолдук жолдомо менен күч органдарында иштеген. Кыргыз айыл чарба институтун бүтүрүп, 1990-жылдан баштап Чүй облустук айыл чарба башкармалыгынын бөлүм башчысы, биринчи орун басары, 1992-1995-жылдары айыл чарба министрлигинде мал чарба башкармалыгын жетектеген, министрдин орун басарынын деңгээлиндеги кызматта болгон. 1995-1997-жылдары "Шам" фирмасынын директору, 1997-2000-жылдары Сокулук райондук атайын чарбаны башкарган. 2003-2006-жылдары Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясында башкы адиси болуп иштеген. Ардактуу эс алууда.***

***Көптөгөн адабий чыгармалардын автору, акын, публицист. Чыгармалары бир катар мезгилдүүү басма сөздө жарыяланган.***

## ЖЕТИ-ӨГҮЗ ЖОМОГУ
**(же ашыкча ач көздүктүн кесепети)**

Илгери өткөн заманда,
Көлдүн чыгыш жагында,
Асан, Чотур, Ат жайлоо,
Кооз жайыт-Көк Жайык.
Ушуларды жердеген,
Төшүн керип, "Мен", деген,
Болгон экен бир жут бай,
-Бир малым эки болсун", деп
Өлгөн малдын этин жеп,
"Канаттууга кактырбай,

Тумшуктууга чокутпай".
-Байлык!", деп эстен танчу бай,
Эл журтун жакын жолотпой.
Жолдорго "тосот" койдурган,.
Жардам сураган жардыны.
Жансакчысын тукуруп,
Терисин тескери сойдурган,
Туздатып ташка жайдырган.

****

Асмандан байга кут түшүп,
Түмөндөп малы көбөйгөн.
Койлору төлдөп, эгизден,
Жайытка батпай кара мал,
Жүрчү экен ал бай жер издеп.
Ушунча жандык бакканга,
Малчы албаптыр ал жут бай,
Ач көздүктүн айынан.
Көл чыгарып, от жаккан,
Болгон малай бирөө экен.
Аты Зарлык малайдын,
Чал-кемпирдин жалгызы.
Күндөп-түндөп иш кылып,
Ал жут байга "жакпаптыр".
"Бир тыйын" акы таппаптыр,
Убакыт өтүп жыл тогой
Байлыкка байдын көзү тойбой
Зарлык бекер иштөөдө
Кожоюнунан акы алалбай
Ата-энесин бага албай.

****

Чубаган кербен өңдөнө
Бир топ жылдар өтүүдө
Ушундай күндүн биринде
Кең жайлоонун төрүндө
Ак сакалы жайкалган
Аалымдыгы байкалган
Ак селдечен бир кары

Жайдын кыска түнүндө
Көрүнөт байга боз үйдө
Намаз жума күнүндө
Оң колун созуп түндүккө
Ал айтат жутка мындай кеп:
-Сөзүңдү бөлбөй тыңда!" деп,
-Оо.. адамдын баласы!
Сенде жүрөт көп күнөө
Анын бири мына бул,…
-Малды күттүң эсепсиз
Жайытына жер жеткис
Сансыз мал буту тебелеп,
Оттуу чөптү курутту
Бетеге кетип бел калды
Көк чыкпай жайлоо кургады.
Экинчиси – пенделик
Карып, картаң, байкушка
Шыбагасын кеселдин
"Зекет" пулун бербедиң
Аларга ыраа көрбөдүң
Арык малды сойдурдуң
Этине курсак чойдурдуң
Аскадан учуп мал өлсө
Ыштап, туздап, кургатып
Кышкы азыкка койдурдуң
Адалдабай мал союп
Арам этке сен тойдуң
Үчүнчү күнөөң-зөөкүрдүк
Кордоп адам пендесин
Малай-жалчы иштеттиң
Жылдан-жылга создуруп
Маяна акы бербедиң
Кунарсыз башка иштериң
Көрүнүп турат кудайга
-Бул жут байды тыйгын!, деп
Жиберди мени өзүңө
Айткын деп кемин көзүн
Жерге жарык киргенде
Тезинен баргын сен Бийге

Жети жыл өтсө мен келем
Ишиңе ошондо баа берем.
Ушуну айтып ал адам
Асманга колун созуптур
"Аяң-буяң" дебестен
Кандай келсе, ошондой
Көздөн кайым болуптур…
…Таң кулан ээк салганда
Эрте туруп ал жут бай
-"Өңүмбү же түшүмбү?!",
Өлөөр жерим ушулбу?
Көрүмчүбү?, Шайтанбы?
Же бакшыбы, жайчыбы?
Акыл айткан адам жок
Өзүнө суроо жаадырды.
…Аң сезими аз неме
Адамкерчиликти пас, делбе…
…Айткан бийге ал барды
Көргүн, билген, уккандын
Айтып ага даттанды…
Келген жайын уккан соң
Карыя бий козголду
Тике карап октолду!
Бул жут байдын суроосун
Ирээттеп, жоруп, токтолду;
-Ак селдечен ал кары
Алланын болот элчиси
Бузулган кудай мыйзамын
Оордунан оңдоп берчиси
Сага деген акыл кеп,
Кайсаңдабай уккун тек,
Төмөнкү айткан соболду
Жүрөгүңө туйгун бек!
-"Биринчи күнөөң жоюлат,
Эгерде уксаң накыл кеп,
Жандыктын санын ирээттеп,
Жаратылышты кадырла.
Жайытка батчу мал кармап
Тебелетип, тепсетпей

Ыраатtап бакчу малчы тап!
Жашоонун ойлоп эртеңин
Байлыкты колдон абайлап!
Экинчи күнөөң жумшарат
Кайрымдуу болсоң кеселге
Жетим менен жесирге
Адалдап союп малыңдан
Зекеттикке таратсаң
Ача туяк этинен
Жеңилдеп убал-сооптон
Алыстайсың тозоктон!
Үчүнчү күнөөң азаят,
Кир көңүлүң тазарат
Жалданып жүргөн загырың
Зарылык жалгыз малайың
Ошонун жебе эмгегин
Бир топ жылдар иштептир
Ар жылына бир бодо
Маянасын бересиң!"
Мына ушинтип бий чечти
Жарыя кылган чечимин
Мөөрүн басып бекитти.
Экинчи мында кылбаска
Энеси менен карганын
Бий алдында ант берди.
Жут байдын өңү өзгөрдү
Айласы мындай тозоорбу?!
Үйүнө жетти салпайып
Уу ичкендей саргайып.
Үч күн жатты төшөктө
Уйкусу качып түнүндө
Ары карап ойлонду
Бери турду, толгонду
Айлакер эбин тактады
Бий айткан үч күнөөнү
Эбин-себин эптөөчү
Күнөөлөрүн жандырчу
Амалкөй жагын көздөдү…
…А, бирок таппай айласын

Өзү көрөр пайдасын
Тагдырына баш ийди
Малдын санын азайтты
Эс алсын деп жайытты,
Жандыктарын күргүштөп
Мал базарга айдатты,
Дүңүнөн соода жасатты,
Илинип турган мойнунда
Бир күнөөсүн кыскартты.
Кошуна турган жардылар
Оорулуу, кесел, кембагал
Алардын алып кабарын
Мал сойдуруп, адалдап
Кадактап эт таратат
Дагы бир күнөө жоюлуп
Карыптар калды тоюнуп.
Жалгыз малай Зарлыктын
Жалчылык кезин такташса,
Жети жыл өтүп кетиптир
Насыя иштеп жатканга
Анын алып көңүлүн
Ар жылына бир торпок,
Эмгегин тактап эсептеп,
Жалпы санап жети мал
Маянасына берилет.
Мына ушундай иштен соң
Үчүнчү күнөө арылат.
-“Күнөөдөн качан  азам?”, - деп
Ак селдечен адамдын
Айтканын жазап аздектеп
Туйлаган байдын жүрөгү
Акырындап басылат…
-Жети торпок шатектеп
Зарлык айдап, жетелеп
Иш акысы, таза эмгек
Ата-энесине жетиптир
Ач көз, жут бай үйүнүн
Малайлыктап кетиптир…
…Бир топ жылы узап арадан

Баягы жут бай тайрактап
Эсинен чыгып өткөн кез
-Аткарам кудай сөзүн!" – деп
Бий алдында берген сөз…
Туягы менен тебелеп
Мал жайытка батпады
Бетеге чөптү таптады
Ач көз бай муну билмексен
Жандыктарын ирээттеп
Азайтпады, сатпады
Загыр, мунжу оорулар
Кайыр, зекет албады.
Эсинен чыгып парызы
Көз жаздымда баарысы
Көнгөн адат калбады
Жут байдын бүтпөй майрамы!…
…Зарлык алган жети мал
Чыгымсыз, тирүү өсүптүр
Жети торпок аты өчүп,
Жети өгүз деген ат көчүп
Ар бири тоонун сеңирдей
Быткыл саздай семирген
Чоң суунун ары өйүздө
Кайтарган киши, малчысы
Жетөө тең катар жайылып
Тескейдин чөбүн терип жеп
Күңгөйдүн гүлүн күбүп жеп
Көргөндү көңүл жай кылып
Малдын ээси Зарылык
-"Чоң" кереке жарайт", деп
Күткөн кез келсе зарылып
Максатты коюп алдыга
Сөз берген шерттеш кызы үчүн
Жети өгүздү айдамак
Күз келсе сатып базарга
Акчалай колго пайда алмак
Анысын жумшап калыңга
Ата-энесин барк кылмак
Куда күт деп балпактап

Үйлөнүү тоюн чоң берип
Журт чакырып бата алмак…
…Жаз, жай өтүп күз болду
Бай ичине бук толду
Байлыгына эсирип
Мал этинен тандым деп,
Кайберен уулап чер жазчу
Салбырын кези "келдилеп",
Аң уулап чыкты жут байың
Чоң суунун аркы жээгине
Токою калың секиге
Жок дегенде бул жерде
Элин, марал болот деп,
Аттан түшүп камданды
Кара мылтык, түтөтмө
Бет маңдайга карманды
Аярлап басып токойдо
Алдыда үйдөй заңкайган
Таш артына айланды..
Арт жакта түзөң көрүндү
Ал жерде оттоп жүрүшөт
Зарлыктын жети өгүзү
Ар бири тоонун сеңирдей
Заңкайышып, күшүлдөп
Өңдөрү кызыл жошодой
Ооздору  чөптүн бошобой
Жалмап, жутуп, чөп күйшөп
Майкандап оттоп жүрүшөт
Көргөн көзгө ишенбей
Бир топко турду далдырап.
Бүтүкүй кош көз жалдырап.
Буларды көргөн жут байың
-"Оп, бали!", деп түйүлдү
Баягы жылы Зарлыкка
Эмгек берген торпоктор
Ээн жолукканга сүйүндү
Бергенде ичи ачышкан
Кездерин эми эстеди
Бакыйган жети карааны

"Жөн" эле брип койбостон
Эсептешээр кез келди
Жут байдын өңү карайды
Теңир урду сараңды
Кара мылтык бараңды
Бет алдына тартканы
Оттоп жүргөн жети өгүз
Четинен атып таштады
Жети кызыл өгүздүн
Санап бирден өлүгүн
Таш корумдап тоо кылды
Катар тизип зоо кылды
Ач көздүк акы азгырды
Азезил ээлеп акылын
Ченелүү эсин пас кылды
Өпкөсү болду казандай
Байлаган атына жете албай
Үйүнө барып келмекке
Ат-көөлүк алып тизмектеп
Жүктөтүп алып кетмекке
Эттерин музга тоңдуруп
Кышкыга сактап койдуруп
Суукта салып жемекке
Аттанып кетти ал жутбай.
Үйүнө жетти шашыла
Ат-көөлүгүн даярдай
Таң ата жээкке барышка
Атып койгон бодо этин
Кеөлүккө артып алышка
Ушундай ойлор мээсинде
Чоң жаздыкка баш койду
Түн бир оокум болгондо
Үркөр жылдыз толгондо,
Түндүктөн түшүп ак шоола
Ак селдечен карыя
Асмандан түшүп ачылып
Көрүндү сол капшыттан
Ал карыя кеп айтат:
-"Оо! Адам баласы!

Угуп тур сөздү!”- деп айтат.
-“Сага айтаарым үч собол
Анын бири мына бул
-Алла-таалам ыйгарып,
Кут түшүп, куттүң сен байлык
Малың төлдөп түмөндөп,
Жайытка батпай суу өрдөп,
Ач көздүк менен күн көрдүң
Каяша-кайым иш үчүн
Алладан жаза көрөсүң
Эсирип болгон байлыкка
Алыстап элден сен кеттиң
Загыр мунжу карыпка
Садага, зекет бербедиң
Экинчи собол бузулду
Жактырбады кудай мунуңду!
Үч соболдон, үчүнчү;
Жети өгүз атып корумдап
Эмгегин жедиң адамдын!
Ач көздүк оюң ишке ашпайт
Бул үчүн кудай жазалайт!
Алламдын калдың каарына
Кылган ишиң жарамсыз
Колуң менен жасадың
Арамдык, кылмыш, жамандык
Өмүр бою кыйналып эми,
Мойнуң менен тартасың!
…Асмандан түшкөн “ал адам”
Аллага кылып зыярат
Колдорун өйдө жаңсады
Ушуну күтүп тургандай
Ободо булут карайды
Жер үстүн добул сабады
Дарыя ташын күркүрөй
От асмандан чагылды
Ааламдан кетип бейкуттук
Адамда дүйнө жарыды
Жер үсту-асты болчудай
Асманга будуң сапырды

Бир жут байдын айынан
Жайытта жүргөн мал-жандык
Корум ташка айланды.
Тоголонду топ сымал
Ээледи кокту, сай-сайды
Таш корумга басылган
Баягы кызыл “жети өгүз”
Жети аска болуп тизилди
Кочкул кызыл, кан өңү
Агылып төмөн сызылды
Кара нөшөр, добулга
Кырмызы өңү жышылды…!
…Кылымдар өтүп көө калды
Миң жылдар өтүп тоо калды
Жети өгүздүн ордунда
Аркайган жети зоо калды.
Кудайга жаккыз ач көздүк.
Эсирген, көпкөн жут байлар
Эсине салып жүрсүн деп,
Эл-журтка маалым болгону эп,
Жаш муундар көңүл бурсун деп
Айтылып калган ушул кеп!



*Жээнбай Түрк Күлөнбек уулу 1949-жылы 5-февралда Ысык-Көл облусунун Жети-Өгүз районунун Чоң-Кызыл-Суу өрдөшүнүн Күркүрөө–Кайыңды өрөөнүндө төрөлгөн. Жети-Өгүз райондук социалдык камсыздоо бөлүмүндө инспекторлук кызматтан баштап, 1968-1970-ж.ж. аскердик кызматын өтөйт. 1970-1971-ж.ж. граждандык коргоонуунун райондук штабынын начальниги, Ысык-Көл облустук камсыздандыруу башкармалыгынын башкы текшерүүчү-инспектору, комсомолдун баштапкы уюмунун секретары кызматында иштейт. Айылдык Кенешке депутат, соттун заседатели болгон. 1971-ж. облустун “Ысык-Көл правдасы” гезитинин кабарчысы болуп иштеген. Ошол эле жылы Пржевальск педагогикалык институтунун орус тили жана адабияты факультетине, үч жылдан кийин Кыргыз мамлекеттик университетинин журналистика факультетине өтүп, 1982-ж. аяктайт. 1993-ж. чейин “Эмгекчил”, Түп районунун “Эл үнү“, кийин “Жети-Өгүз жаңылыгы“, Ысык-Көл облустук «Ала-Тоо таңы» (Ысык-Көл кабарлары) гезиттеринде бөлүм башчы, жооптуу катчы кызматтарында иштеген. 1993-ж. тартып республикалык коомдук-саясый “Кыргыз руху“, эл аралык “Заман Кыргызстан“, “Дил“, 2003-ж. тартып “Кыргыз Туусу“ гезитинин Ысык-Көл облусу боюнча өз кабарчысы болуп иштейт.*

*Көп адабий чыгармаларынын автору, акын, жазуучу, публицист. Бир канча чыгармаларынын жыйнактары жарык көргөн. 1976-ж. тартып СССР Журналисттер союзунун, 1996-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү.*

## КЫРГЫЗЫМ

Негедир турам буулугуп,
Калчудай болуп уу жутуп.
Кайдадыр шашып ээлигем,
Кетчүдөй эрип куюлуп.

Чакырып сыртта тургансыйт,
Мөмөмдү добул ургансыйт.
Ыйлагым келет ушунча,
Чөкчүдөй көлгө бир кайык.

Чубалып кайра баштагым,
Чуудадай өттү жаш чагым.
Түгөнүп бара жатабы -
Түбөлүк күчү ак шамым.

Түндөсү кирет түшүмө,
Түбөлүк барчу чын дүйнө.
Жанымды жаман кыйнады,
Жазмышы жалган бу дүйнө.

Жакшы деп сыйлап адамды,
Жакырдык басты адамды.
Паракор, аксым башкарып,
Кылмышкер жаза албады.

Жаш-кары ичип арактн,
Көк куурай тартат баласы.
Баштарын жутуп аяктайт,
Бир сомдон чыккан талашы.

Улуусун кичүү сыйлабайт,
Улгайдым деп ылгабайт.
Жайлап салам азыр деп
Жөн жерден жанын сыйпалайт.

Оорусаң онтоп жатасың,
Олтурсаң муңга батасың.
Дарыга берер акчаң жок,
Дардайып өлүп каласың.

Ууру кески арбыды,
Улуктар байып дарбыды.
Убайым тарткан байкуштар,
Улага андып кангыды.

Унутту - китеп окубайт,
Улугум элди чокулайт.
Улутум манкурт болот деп,
Убайым тартып чочубайт.

Баарынын пара алганы,
Байлык - жалгыз арманы.
Адам же абийир-сый дебейт,
Акчасы жок барганды.

Мансапка байлык телинди,
Малча айдап элимди.
Кенече соруп барсайып,
Кереги тийбей эринди.

Байлыгы чечет бардыгын,
Байлыгы айтат жардыгын.
Байкуш болду көпчүлүк,
Байдын жеп сөөк-калдыгын.

Келди заман кайрадан,
Кедей-бай деп талдаган.
Колунда бир ууч бай,
Кул кылып элди айдаган.

Жок болду адам укугу,
Жоор болду адам жупуну.
Жогор жагы асмандап,
Жоюлду элдин учугу.

Кыргызым
Кылымдардан кылым ашкан,
Кезинде
Жылдыз болуп жымындашкан.
Төгүлүп
Бөксө аягы кайра толуп,
Жоголбой
Башкаларга нурун чачкан.

Жоокер эл
Текөөрлөшүп салгылашкан,
Тепселип
Сөөгү калган салгылаштан.
Көбү өлүп
Тукум курут боло жаздап,
Кыргызым
Бутактанган кайра баштан.

Бук болуп
Турамын да өткөндү эстеп,
Чубуртуп
Карт тарыхты кайра баштан.
Кыргызым
Кимге гана кор болбодум,
Талаалап
Ач-жыланач, калып ачтан.

Телинип
Нечен элге болуп малай,
Кытайда
Азаптарды көрүп далай.

Атты деп
Ак тендиктин жарык таңы,
Көбү өлүп
Азы кайтып убай-чубай…

Кыргызым
Анда дагы кайра жандын,
Аз болуп
Көптөр менен тендик алдын.
Түбөлук
Өлбөс-өчпөс бакытым деп,
Тарыхты
Орус менен бирге жаздын.

Ырасбы
Жалпы тегиз билим алдым,
Илимде
Ийне  менен кудук каздың.
Агана
Көз каранды болсоң дагы
Төрүнө
Дасторконду кенен жайдың.

Агылып
Убакыт-сел кете берди,
Кыргызым
Кыргыз болбой тилиң чанып.
Манкурттук
Маймыл заман жете келди.

Кантейин
Келип турат бир улугум
Бөрүдөй
Улуу тоого чыгып алып

Бүгүнкү
Назар салбай улугу да,
Кечээки
Тулпар болчу кулунду да,

Кечээки
Татту кыял эстен танып-
Бүгүнкү
Базардагы элди көрүп.
Бөрүчө
Келип турат бир улугум,
Жапжалгыз
Бир дөбөгө чыгып алып.

Кыргызым
Чыдамын күч бу да өтөөр,
Кыр ашып
Бар-жогуна жалгыз түтөөр.
Түлкүчө
Тоо баштарын самай бербей.

Эстелик
Эл табалы жанга күйөр,
Улуктар
Элге шылдың болбойлучу-
Ээликсек
Карайлаган тамды сүзөөр…

## АТЫ ЖОК ЗАМАН

### 1

Жакшылыкта сыйы жок,
Жамандыкта ыйы жок.
Жайы-кышы жолобой,
Ата-энеге боору жок…
Бу эмне заман?! Тапкыла…

2

Өлүү дүйнө жыйнаган-
Камандарга бир заман.
Бут дүйнөнү
Карегине батырган,
Жазарманга тар заман.

3

Бир жегенге жетпеген,
Токоч чыкты барсайып.
Жутунгандар көбөйдү,
Турса дагы тарсайып.

4

Азы байып көп алып,
Куурап турат калайын…
Жулгун
Алгын
Жедегин дейт
Бу эмине замана?!…
Баратабыз таланып….

5

Бир тойгонун олжо деп,
Пенде чыкты кубанган.
Айбан барбас иш жасайт,
Сопсоо туруп куландан.

6

Кылган иши келишпейт,
Сүйлөгөнү башкача.
Жылтылдап турат сымаптай,
Жүзүкара-маскара.
Убал-соопко карабай,
Ыйдан, кандан – дуулдаган.

Жумуру баш, айры бут,
Адам чыкты айбандай,
Сурап турат парасын,
Иштеп айлык алгандай

Өзү таза немече,
Сүйлөп турат кекетип.
Бийлиги бар эмеспи,
Кыр көрсөтуп мокотуп.
Баш көтөрсөң соём дейт,
«Бу дүйнөдөн жоготуп».
«Балыгы баштан сасыса»
Коёр эмес тоготуп…

Баглан курпон козудай,
Тай союшат шернеге.
Эл ырысын жедик деп
Кейибейт алар эмнеге?!
Билер беле калк зарын,
Байлап койсо кермеге.

Ай, билбейт го, курсак ток,
Азыр пенде жулкулдап-
Өзүм деген күн келди,
Курсагы тойсо, көз тойбой.
Башкаларды жон койбой,
Сугу артып кулкулдап
Пейил качкан күн келди.

Эл башы бар
Башы жок,
Жер пайы бар
Ташы жок.
Тек жайы бар
Ашы жок,
Сур жыландай жылмандап.
Куйругу бар

Кашы жок,
Эзип, соруп атса да,
Элмин деген аты жок.
Кежигеден кессе да,
Баш которор даты жок.
Жакыр заман келди го,
Калкын соргон жалгыз шок.

**7**

Тарпка кузгун семирип,
Ууру, бору көбөйдү.
Алсызын күчтүү кемирип,
Акмактар алдын моройду.
Акыры мага келет деп,
Параны алды белек деп.
Күнөөлү боло береби,
Байкуштар дайым электеп.

*Туратбек КАСЫМОВ 1942-жылдын 21-январында Ысык-Көл областынын Дархан айылында туулган. Жогорку билимдүү, экономист. Өз колхозунда башкы экономист, башкы бухгалтер, Компартиянын Ысык-Көл обкомунда инструктор, Жети-Өгүз райисполкомунун төрагасынын орун басары, ушул эле райондогу "Ысык-Көл" колхозунун башкармасы болуп иштеген. 1990-жылдан бери экинчи топтогу инвалид. Окуу, жазуу менен алектенет.*

*"Мейиз сулуу" тарыхый-көркөм дастандын, "Боронбай жана Төрөтай" тарыхый романдын, "Адам жана заман тагдырлары" атту чыгармалардын автору. Үй-бүлөөлү, 6 баланын атасы.*

## МАНАС БИЙИК

Кылымдан кылым санап сыйы өскөн,
Бабадан муундарга эрдиги өткөн.
Сыймыгы бийик Манас бекен?

Жер киндиги көрүнүп кечкис тордоп,
Теңдешсиз чек арасын ыйык коргоп.
Келгени мына кенен Талас бекен?

Ооба, ошол улуу Манас ээлегени,
Мекени Талас болгон дем бергени.
Сынганы бели жоонун талаш бекен?

Ким тансын Манас барын Таласында,
Издерин баскан сайын табасың да.
Экөөнүн ысмы сонун жараш бекен?

Кыргызым, ойлоп келчи алыс күндү,
Томсоруп жоо чыкканда каран түндү.
Ошондо азат жеңген Манас бекен?

Эне эмчегин ээмп болгон эр азамат,
Алгач учкул чакырыгы Манас санат.
Калк демине катуу сиңген сыйкыр белем,
Аш аягын жерге койгон угаар замат.

Эрдик деген жыга сайган жоо саны эмес,
Төгүлгөнү күнөөсү жок калк каны эмес.
Же бастырып түн жамынып тийип келген,
Бейпил жаткан кошунанын ак малы эмес.

Эр Манастын даңкын берген эл сүйүүсү,
Ажырагыс андан күчтү жер сүйүүсү.
Экөөнүн тең кымбат баасын бийик туткан,
Мекен үчүн уюп калган дем сүйүүсү.

Дүйнөбүздөн Манасты биз ата дейбиз,
Ысмы менен азаматтар батага ээбиз.
Ала-Тоонун шаңын ачып дүңгүрөтпөй,
Кайрат байлап үлгү албасак Манас небиз?!

Эр Манастын ким экенин айтам десем,
Керек болоор катар саптар, күндөр нечен.
Билгиң келсе сунуш кылам колго карма,
Сан дастанды калтырышкан канча көсөм.

Сурабагын Манаска эмне ой бурду деп,
Эр Манасты сүйгөн жалгыз ушулбу деп.
Жок, боордошум, салчу ортого кеңеш сөзүм,
Манас ысмын түбөлүктөш учурбу деп.

Кылымдардан кылымга сүйүү демеп,
Бабалардан муундарга ыйык белек.
Сыймыгыбыз кыргыз уулу Манас тура,
Бийик тутчу Манас атын тууган-жөлөк.

## АСМАНЫҢДЫ

Ыңаалаган үнүм сиңген кенен Дархан,
Кескенинде киндигимди каным тамган.
Эне эмчегин алгач искеп татканыма,
Урунупсуң көз ачканда тунук асман.

Дархан айылым көңүлгө анда орной элек,
Аны сезчү ал мезгилде чоңдой белек.
Кубаныпмын талаа чаңын кечкениме,
Тамашадан артык болбой ойдо бөлөк.

Нечен карап ааламды асман деп коемун,
Барк албапмын кооз түс берген көк боегун.
Укпаптырмын балалыктын шары менен,
Көк асмандын көлдү өңдөшүм деп коерун.

Ойлоп келгем салкын желин күндө бардай,
Ай, күн нурун сиңирипмин көңүлгө албай.
Не аңкыган кызыл гүлдүн назик жытын,
Искей берсем болмок экен таноом талбай.

Көшүп уктап куттуу талаа жатчу эле,
Баба Дыйкан кере кетмен чапчу эле.
Шоокум тарап шоола чачып тоо төрүнөн,
Кең Дархандын таңындай таң атчу беле?!

Пери сымал көгүлтүр көл көөлгүп чалкып,
Ай ааламдын кучагына Дархан калкып.
Ким кимибиз дүйнөбүздү кандырбардык,
Теңдеши жок сулуулуктун үстүн калпып.

Байкап келсем баалаш саган болбойт тура,
Канча издеген окшош, өңдөш таппайт буга.
Көксөтөсүңминут сайын, көк асманым,
Дүнүйөмдү ээлепсиң го айтып дуба.

Эстеп талбай тоо-түүзүндө басканымды,
Туйлатасың, не билбеймин ташканымды.
Ыйлап жүрөм эки салаа жашым агып,
Сагынычтан кең Дарханы Асманыңды.

## ЖИГИТ КИМ

Эки аяктуу жумур башты,
Адам алган белги дейт.
Жигит, кызга бөлүп сапты,
Жаратылыш селбилейт.
Ооздук салып табигатка,
Акыл жеңиш белгилейт.
Асыл күчү ашып ташса,
Айда желек желбирейт.

Бийик өстүк эсеби жок,
Акыл тапкан амалга.
Таң калуунун себеби жок,
Адам учкан заманга.
Кимиси издеп кимиси ойлоп,
Кетти бийлик ааламга.
Кандай жигит кошпой койсун,
Демилгесин тамалга.

Ар бир доордун жүрүү шарты,
Өнүгүшкө көңүл бурмак.
Адам наамы, бедел баркы,
Эркин болсо дем урмак.
Караганы дүйнө калкы,
Биздин жеңиш үлгү, урмат.
Ошол бааны кармай алчу,
Жигиттерге сый турмак.

Бабалардын дем күткөнү,
Муундарынын бай салты.
Эне көрүп кыз өскөнү,
Көзгө сүйкүм, сый баркы.

Өлчөп бүткүс ой жеткени,
Ченеп болбойт канча арты.
Сан иштердин шат бүткөнү,
Көөнүн калктын шаңдатты.

Мекен өссө үлүшү албан,
Эмгекчил кыз, жигиттин.
Орунсуз деп табат каарман,
Куру сөздүү үгүттүн.
Чеке сүртүп, билбей жалган,
Алды болуп жүрүштүн.
Ак санаадан кайрат алган,
Заман ээси жигит ким.

## АТА ДЕМИ

Атамды кадам шилтеп ата депмин,
Мен эмес тили чыккан канча көптүн.
Атамдын теңсиз баркын кийин билип,
Аймалап сакалынан жыттап өптүм.
Ошондо ойлоп келсем уулдуу болуп,
Мен дагы атама окшоп атага өттүм.

Анда мен эрке элемин жай билбеген,
Сыр түйүп чыргоолонуп көп күлбөгөн.
Оюмду түшүнө албай далбас уруп,
Атакем айтканымды илдирбеген.
Боломбу өзүң өңдүү балдарыма,
Атасы даяр турчу күрмөлбөгөн.

Баарыдан кыйын болду узатканым,
Атаке менин демим сенин каның.
Эрбейген ак сакалың, бырыш жүзүң,
Мен үчүн арыды го алтын жаның.
Үч уулум бел болоорбу өзүңө тең,
Сеземин жок демиңди сагат сайын.

Байкасам сепил белең уулун үчүн,
Атам бар албан бүтүп кылган ишим.
Чын баркын тирүүсүндө билбей калып,
Кайрылды өкүнүчтөн нечен ичим.
Ошолбу, кетпейт жүзү көз алдымдан,
Өзү жок таштап маган ата күчүн.

## СУЛУУ КЫЗ

Табигат берген экен өң-чырайды,
Келбейт ал каалаганга миң сурайбы.
Сулууда керемет бар сараң карма,
Эркин өс, антпесе кыз бой бурайбы?

Бул дүйнө көп нерседе көрк жараткан,
Адамдан, жаныбардан, бак-дарактан.
Толгондон саа түшүптүр бир тандоосу,
Баркын бил көп көңүлүн түз караткан.

Шайкелең оңду-солду ыргытпагын,
Сулуунун ыйык баасын жыдытпагын.
Сырт дүйнөң ичиң менен төп келишсе,
Ошондо жигит көөнүн жылытканың.

Сулууну көптөр көрүп рахаттанат,
Анткени ал табигаттан чанда тамат.
Көз буруп канаат алган чеки дебе,
Бааланба ак куу болуп асман карап.

Сулуулук өңүн ачат мээрим менен,
Сулуу кыз, тунук болсун ыйык денең.
Сулуунун асыл менен издешкени,
Сулууну муундарга улайт деген.

Сулуулук сүйүү чыккан алтын булак,
Дүйнөңдө жылуу агым балкып чубап.

Ал демек азаматтын чакырыгы,
Нелеген эрдиктердин демин улап.

Сулуу кыз, эртеңки ысмың сулуу эне,
Табигат өз багытын бурчу беле.
Эненин наамын алган сулуу кызга,
Адамзат бар алкышын сунчу деле.

Сулуу кыз, бил наркыңдын бийиктигин,
Гүлдөсүн сүйүү чачып сулуу дилиң.
Бекерден теңебеген саган акын,
Ай, гүл, нур, чолпон кошуп созуп үнүн.

Сулууну сүрөттөсө боек жетпейт,
Сүйкүмү артык үчүн арноо кетпейт.
Сулуунун дүнүйөсү аалам теңдеш,
Сулуусу төп жигиттин деми чөкпөйт.

Сулуу кыз, салтың менен күлүп ойно,
Сыйына сан жигиттин канба, тойбо.
Көп көзүнө көрсөтүүчү ажар, келбет,
Бири менен бирок жаштык жээгин бойло.

Сулуу кыз, атың тарых айтып келсе,
Ким сезбейт таасириңди татып көрсө.
Не жигит бийик койгон сулуулукту,
Бек сакта баасын берип дүйнөң көнсө.

Айтпайын тигини кыл, мындай бол деп,
Өзүң тап мына ушунум туура жол деп.
Көңүлүн көргөндөрдүн жылмайтуучу,
Наз күтсөң, кыял тапсаң каалоолор көп.

## ДАНАКЕР

Чынар терек боюн чоюп бекем турат,
Өткөндөрдү келчү менен кошуп улап.

Күч катканбы касиетүү келбетине,
Кайдан болсо шаң карааны көөндү бурат.

Алп дарактын бутактары коюу жашыл,
Дүнүйөнө чубап салат ойлор асыл.
Бай салттардын сонундарын берээр элес,
Нечендеген тарыхтарды көрөөр белес.

Залкар терек кыялдардын көпүрөөсү,
Кыял эмес кезигүүнүн кепили өзү.
Калгандарын айтпаганда жетишпейби,
Ал кылымдан бул кылымга өткөөл сөзү.

Терегимдин бутагынан тамыры миң,
Тереңинде жеткен чегин билиптир ким.
Канча мезгил сан акылга купуялуу,
Кантип кошот аалам менен сырын жердин.

Бай теректен кызыкканым такыр башка,
Ойлобочу келгени деп кылым жашка.
Сенин сырың аалам шооту чалган дабыш,
Жыбылжыган ырың калкка канча калыс.

Көк терегим боло берчи данакери,
Чексиздиктин касиетин тартып бери.
Терип кошкун, жер салтына аралашсын,
Адамзатка жер энедей каралашсын.

## АЯЛ ААЛАМ

Ааламда солк этпеген алтын казык,
Бүлөөдө мээрим төккөн аял назик.
Ааламдын, үй-бүлөөнүн айырмасы,
Бар бекен, калтырыппы нуска жазып?

Ааламдын көзгө жылуу казыгы алтын,
Бүлөөнүн кутун ачкан аял-катын.

Жокко дейм далил сөздүн керектиги,
Экөөнүн талдап көрсөк окшош салтын.

Аалам деп бийик айтсак кенен сезчи,
Аалам бул өзүң жүргөн жашоо кучак.
Бүлөөнү теңдеш кылдым эсептечи,
Аялдын деми кемби, ааламга учат.

Адамдын аалам экен өмүр кенчи,
Аялсыз адам кантмек ойлоп көрчү.
Качандан ич дүнүйөм эки ыраазы,
Ааламга деми деп теңдеп бөлчү.

Аялдын дүнүйөсү кенен аалам,
Анткени ал табигаттын андан көрчү.
Карачы, бекеринен окшош эмес,
Экөөнү салыштырсаң бирдей элес.

Баланын жытын ачкан аял сүтү,
Бакыттын башын кошкон аял күчү.
Түйшүгүн көңүлгө албай төшүн жайып,
Ой-санаа, назы менен тилегилечи.

Бала эмес ата өксүп жетимсиреп,
Бир саатта үйүң калат ээнсиреп.
Жүгүндүн оорун алып чокко күйүп,
Айбатту эрдиктерге аял сүрөп.

Ааламады чексиз дейбиз аял затын,
Кубулуп миң көрсөтүп табигатын.
Эзелден эсте аялга карызыңды,
Өмүрдү, таттуу кылган дабышыңды.

*Садыр КАДЫРОВ 1966-жылдын 12-августунда Корумду айылында төрөлгөн. Билими орто. Бала кезинен бери чыгармачылык менен түйшүктөнүп келет. Райондук, областтык, республикалык газета беттеринде көптөгөн ырлары, очерктери, макалалары жарыяланган. Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп келген соң, Светлая-Поляна айылдык маданият үйүнүн башчысы болуп бир нече жыл эмгектенген. Бардык аспаптарды ойной билген, көп кырдуу талант. Үй-бүлөлүү. 3 уул 2 кыздын атасы.*



## КОШУНАЛАР

Күйкүм сөз тамашасын ыргытып,
Кошуналар чер жазышат ар убак.
Көр тирлик, түйшүктөрдөн арылтып,
Көңүл отун бир заматта дарылап.

Ал кошуна  Жумаалы, Усөн агалар,
Көрө албастар, чагым айтып табалаар.
Мындай шайыр,кепкой жандар билгенге,
Бул өмүрдө чанда гана жаралаар.

Аман болсун кошуналар санаалаш,
Жылмаюлар, күлкү кетпей ууртунан.
Кошуналык парзын мен да аткарып,
Изиңерди издеп алга умтулам.

## САРЫ КЫЗЫМ НУРАЙЫМ

Кичинекей Сары кызым Нурайым,
Жыттасын деп мага берген кудайым.
Сүйлөчү атакеңе былдырап,
Жарпым жазып моокум кана угайын.

Аман болгун кичинекей тентегим,
Жарык болуп келчү сенин эртеңиң.
Жамандыгын көрбөй өтсөм болду мага,
Жашоо жашап көрүп кудай бергенин.
Балдардын бактысына бөлөнүп,
Сезип жаштын алда кайда келгенин.

## ЖАМГЫРДАГЫ САГЫНЫЧ

**(Бир кыздын мага айтып берген тагдыры)**

Пайда болуп, бир заматта булуттар,
Эшикте тып-тып жамгыр себеленип.
Сени эстеп, апаке ушул тапта,
Көзүмдөн жашым турду тегеренип.

Өлтүрүп, терезеде жалгызсырап,
Ойлоном эмне тагдыр кууратын.
Бүлүндүрүп, үй-бүлөнү туш-туш бөлүп,
Уясын эмне алыс кулаттың.

Ажырашып, ата-энемдер кетпесе,
Ыйламсырап, ар кай жерде жүрбөйт элек.
Санаасыз, күлүп ойноор кезибизде,
Кайгыны мынча башка үйбөйт элек.

Жалгызмын, апакем бөбөктөрүм алыста,
Сагындырып, жүрөгүмдү туйлатып.
Төктү жамгыр, жашка окшошуп жүрөк эзген,
Бүлүк салып жан дүйнөмдү ыйлатып.

Сагынып, апакебай бөбөктөрүм,
Үмүттүү жолуңарга тигилемин.
Аман болсок жолугушчу күн да келип,
Кайрадан өзүңөргө биригемин.

## БИР АДАМ БАР

Бир адам бар жалгыздыктан азап чеккен, тажаган,
Жакыны жок көңүл бөлүп караган.
Бүлөө күтпөй, бала жытын жыттабай,
Жашы өтүп, арылбаган санаадан.

Күнү өтүп, ал адамдын арак менен,
Кээде көрүп, жүрөгүмдү канатам.
Кыйшайып олтурса да жолоп койбой,
Өтүп жатат бир карабай жан адам.

Бул да тагдыр маңдайына жазып койгон,
Не кылабыз жашоо турмуш ушундай.
Кармап калса болот эле башынан,
Бир бактысын, аяр күтүп учурбай.

Бул да адам Алла-Таалам жараткан,
Адам болбос тагдырынан адашкан.
Бул да адам өз тирлигин өзү көрүп,
Алдыга үмүт менен бараткан.
Балким жашоо өз нугуна келээр деп,
Жаңы тилек менен ойлор менен таңаткан.

## ӨМҮРЛҮК ЖАРЫМА

Кенедейден бир партада отуруп,
Күндөлүк, тетрадды толтуруп.
Классташтык, окуучулук күндөр өттү,
Келечек туурасында ой куруп.

Капилеттен сүйүү сезим ойгонуп,
Сен тууралуу жакшынакай ой болуп.
Уйку качып, сан бөлүнүп санаалар,
Шыпты тиктеп, кыялданып толгонуп.

Классташ кыз, ошол сүйүүм Асфира,
Жарым болдуң, менин ушул бактыма.
Канчалык өтсө дагы мезгил, жаштык,
Сүйүүм жанат, көңүлүмдү жаш кыла.

Бекем кысып, мен өзүмө ыктаймын,
Мээримиң, наздыгына бөлөнүп.
Тилек ошол, кол кармашып түбөлүк,
Балдардын чогуу күнүн көрөлүк.

## АКЕЛЕР БАЯНЫ

**(Маркум Самсалиев Бейшеке атанын айтуусунун негизинде жазылган)**

Күрдөөлдүү күздүн күнүндө,
Ай толгон жылдыз түнүндө.
Ат менен кырк чаар Шер бото,
Төрөгө тезек аттанат.
Окуянын түйүнү мына ошондон башталат.

Угушса аны Бугу эли,
Кол сурап ал барыптыр.
Колду басып алсам деп,
Алардын ичи тарыптыр.

Бугу эли бирге чогулуп,
Өзүнчө кеңеш салышат.
Угууга акыл насаатын,
Сарт акеге барышат.

Сарт аке анда тунжурап
Өзүнчө ой толгоду.

Элчиликке жарайт деп
Тилекмат акени болжоду.

Айтканын колдоп акенин
Бугулар макул болушту.
Коргойбуз чогуу бирге деп,
Кут конгон Ата конушту.

Сарт аке элден сурады,
Көрүнбөйт Тилеш кайда деп.
Чакыртып аны келгиле,
Кетпесин биздин айла деп.

Көк теректе ошондо,
Тилекмат аке жүргөн дейт
Туугандарга таарынып,
Өзүнчө жашоо сүргөн дейт.

Акыры кабар берүүгө,
Бала Карачты тандашты.
Карагер атын токушуп,
Күл азыгын камдашты.

Көлдөн бир кабар келээрин,
Тилекмат аке туюптур,
Атын суутуп кам көрүп,
Даярданып туруптур.

Жол басып далай кыр ашып,
Бала Карач акеге.
Түнүндө жетип келиптир,
Окуянын чоо жайын,
Баяндап айтып бериптир.

Сарт аке айтса атайын,
Анда барып келейин.

Тынчтыгы үчүн элимдин,
Намыска жарап берейин.

Деп айтып сөзүн Тилекмат,
Аттаныптыр Көлүнө.
Таарынычты унутуп,
Жигиттик туруп сөзүнө.

Толкуну тоодой түрүлүп,
Булуту аппак сүрүлүп.
Ысык-Көлдө эл журту,
Тосуптур аны сүйүнүп.

Кучакташып көрүшүп,
Акелер ал жай сурашты.
Түйүнүн кептин ошондо,
Сарбагыштын Шербото.
Кол сурап тезек төрөгө,
Келгенинен чубашты.
Алдына тезек төрөнүн,
Кантип куру барабыз.
Онунан бизге чечилчү,
Оюн кантип табабыз.
Көлдөй чалкып пейлибиз,
Качан тынат санаабыз.
Эркин жашап аңдышпай,
Өмүр сүрүп калабыз.

Деп ичте ойлорун,
Калың эл көлдөй толкуду.
Намысы үчүн эл жердин,
Душмандан билбей коркууну.
Тилекмат аке кайрылып,
Элге сөздү баштаптыр.
Айтып акыл ойлорун,
Көзүн аз-аз жаштаптыр.

Эч кандай белек жүктөбөй,
Кызыл тилди алып барам.
Сөзүмдү бузбай так айткан,
Бир жигит жүрсүн аркаман.
Душманды көрөм ошондо,
Чүкөдөй элди калчаган.

Айтып ушул сөздөрүн,
Тилекмат жөнөп кетиптир.
Ашуу түзөн бел ашып,
Төрөгө тезек жетиптир.
Баратып жолдо кезигет,
Төөчүсүнө төрөнүн.
Сурамжылап бышыктап,
Тезекти кантип көрөөрүн.
Тотуккан жүзүн мунайтып,
Чындыктан башын кылайтып.
Төөчүсү тезек төрөнүн,
Бериптир жардам муну айтып.
«Кезигем десең төрөгө,
Таң атпай анда баргының
Даарат алган жеринен,
Кезигип анда калгының»

Айтканындай төөчүнүн,
Тилекмат аке төрөгө.
Таң сүргөндө кездешет,
Адамдык ызаат көргөзүп
Жол болсун анда кел дешет.
Кайдан келдиң, не жумуш
Шашпай айтып бер дешет.

Чагым сөз айтып Сарбагыш,
«Асылганын коебу
Күнөөсүз элди чочутуп,
Коркутканын коебу.

Жагалданып төрөгө,
Кууланганын коебу»-
Деп айтканда Тилекмат,
Тезек төрө сураптыр.
Ноорузбайдын сүрөтүн,
Калыстык менен сезиптир.
Сарбагыштын күнөөсүн
Өлтүрдүңөр кантип деп
Какшатып асыл бүлөөсүн.

Тезек төрө ачуулу,
Үйүнөн кууп чыгыптыр.
Сарбагыштын арамза,
Чыгымдыгын тыйыптыр.
Көргөзүп сый урматын,
Акени конок кылыптыр.

Ошентип болчу көлдөгү,
Басылат дейт чоң чатак.
Кубаныч менен тосуптур,
Күткөн эл аны жол карап.
Той башталып шаңданып,
Ак өргө тигип оң канат.

## ШЫБАГАНЫН АРЫМЫ
**(очерк)**

Омор Абдылдаев ошол кездеги чарбанын алдыңкы адамдарынын бири катары оозго алынып, иш десе ичкен ашын жерге койгон, эмгекти сүйгөн, оозунда сөзү бар акылкөй адамдардын үй-бүлөсүндө төрөлүп өсүп жетилди. Калча ата менен Канимет эне жалгыз уул деп, тымызын иштеринен аяшса да "Жашынан көнсүн, кийин өз жанын тындап багат" деген таризде кенедейинен эмгекке тарбиялашып, дыйканчылыктын, малчылыктын терең сырларын жашынан үйрөтүштү.

Калча ата ошол кездеги колхоздун гектарлаган буудай, бедесинин сугатына чыкканда Оморду да кошо чым көтөрүп, кулак байлашып, ара-чолодо арык жээгиндеги белден буралган калың чөптү шыртыл-

дата чаап, үйдөгү мал үчүн да кышкы тоют камдашчу. Түшкү дем алуучу учурунда чаалыккан денесин эс алдыра, көк асманда жай калкыган аппак булуттарды тигиле карап, тилин безей сайраган торгойлордун аваз добушун, суунун шылдырын тыңшаганды жакшы көрчү. Кээ күндөрү эс алсын дегендей, атасынын "Бүгүнчөүйдө калып, апаңа жардам бер" деген сөзүнө да муюбай кошо ээрчип алчу. Балким даркан талаанын касиети, абасы таза кооз керемети өзүнө тартса керек. Ошондо Омор келечектеги кесиби, эл үчүн кылган кызматы да ошол даркан талаа, таштан ташка уруна күргүштөп аккан сууга байланыштуу болоорун билген жок да. Бала кезинде атасы экөө ээрчишип, жайкалта эгин өстүргөн талааларды кыдырып жүрүп, башындагы ак калпагын оңдой, атасынын жылмая карап, кериле кетмен чапканы ошондогу балалык баео кыялдары көз алдына тартылып, "Атам менин азыркы мезгилимди көрсө эмне" деп, арман кыла, ой санаасы тээ алда кайда чабыттай ата менен эне мээримин, ата жытын чындап эле сагынганын жүрөгүндө туюп, көзүнөн жаш тегерене түшөт .Айла канча жашоо мыйзамы, тагдыр буйругу ошондой болот турбайбы.

Омор адегенде эмгек жолун союз кезиндеги дүнгүрөгөн Госстрахта, андан соң укук коргоо тармагында иштеп жүрүп, үй-бүлөлүк шартка байланыштуу айылга келип, айыл жетекчилигинин сунушу менен гидротехник болуп иштеп калды. Айлык маянасынын аздыгына карабай, айыл дыйкандарына үзгүлтүксүз суу берип, ар кыл мүнөздөгү адамдар менен тил табышып, алардын талаш маселелерин, убагында чечип берип иштөөгө тура келди. Өзү мурап, өзү гидротехник болуп, бар түйшүктү өз мойнуна алды.

Эл менен иштеше билген чарбакер, далалатчыл жигит экендигин байкаган ошол кездеги айыл өкмөт башчысы Бапа Иманбаев айылга суу пайдалануучулардын ассоцациясын уюштуруу сунушун киргизип, бул ишти Омордун өз колуна алып, аракет кылуусун өтүндү. Мындай чоң жоопкерчиликти моюнга алыш адегенде Оморду чындап эле кооптондуруп, сарсанаа ойготушуктурду. Бирок, элдин ага болгон ишеними, колдоосу демөөр берип, бул ишти толугу менен колдоого алып, уюштуруу маселелери менен алектене баштады. Ошол 1999-2002-жылдар аралыгында уюшулуп калган «Даркан Жууку», «Сару Жуку», Кызыл-Суунун «Шатылы» СПАлары менен жакындан таанышып, өзүнө керектүү маалыматтарды топтоп, Светлая Поляна айылында СПА уюштуруу боюнча алгачкы аракеттерди көрүүдө.

Мына ушундан удаа эле жалпы айыл чогулушу өткөрүлүп, СПАнын келечеги, анын айыл элине тийгизе турган жакшы жактары жөнүндө кеңири түшүндүрмө берилип, көпчүлүктүн колдоосу менен бул сунуш кабыл алынды. Акыры айрым адамдардын жардамы, жеке өзүнүн маңдай тери менен тапкан 5-6 миң сом тегеригинде акча каражатын жумшап, жол акысы, күйүүчү май, кагаз документтерди даярдоо өндүү түйшүктөрдү өз мойнуна алып, чуркап жүрүп, "Шыбага" деген ат менен 2003-жылы март айында Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен расмий каттоодон өтүп, өз ишин баштады. Бүгүнкү күндө "Шыбага" СПАсы 84 дыйкан чарбаны, 1 үрөнчүлүк чарбаны, 24 фермердик чарбаны, андан тышкары айылдын 592 тутун элинин огород, бактарына, тактап айтканда баш аягы 1780 гектар сугат жерлерин суу менен камсыз кылат. Ассоцациянын көзөмөлүндө 23 километрге жакын ички чарбалык каналдар, тоо боору менен келген 4,5 километрге созулган "ГЭС" каналы, бир суу сактагыч бар. Андан тышкары чарбалар аралык «Песчанский», "Гранский", "Полянский", "Шадловский", "Верхний" өндүү 25 километрге созулган каналдар, райондук сугат тармактар башкармалыгы менен бирдикте тейленип, такай көзөмөлдө турат.

Ар жылы жазында сугат сезонуна чейин жалпы айыл эли менен каналдардын бүлүнгөн жерлерин калыбына келтирүү, оңдоо, казуу, тазалоо иштерин колго алуу салтка айланган, "Шыбага" СПАсы түзүлгөндөн бери союз тарагандан кийин кароосуз калган ички каналдардын дээрлик көпчүлүгү оңдолуп, суунун тартыштыгы азайтылды. Дыйкандар тарабынан суу үчүн төлөмдөр убагында берилип, муруңкудай суу талашуу, уурдай качу өндүү терс көрүнүштөр аздап четтетилип, эл ыкка конуп калды. Атайы чектелген өз ишине сергек, жоопкерчилик менен мамиле кылышкан Бектенов Турат, Орозбаков Шайлообек, Мусапыров Азамат, Мамбетов Бакыт өңдүү мураптар, гидротехник Усупбаев Абдрашит жана башкы суу бөлүштүргүч жайды тейлеген УОС кызматкерлери Түгөлбаев Бакыттар күнү-түнү кызматтарын так аткарышып, дыйкандардын келечектеги мол түшүмдөрү үчүн кам көрүшүүдө. Түнкү сугаттар да калыптагыдай уюштурулган.


Бүгүнкү күндө Дүйнөлүк Банктын борборуна кирүү үчүн "Шыбага" СПАсынын тейлөөсүнө тийиштүү ички каналдарды изилдөө иш-

тери жүрүп жатат. Бул да болсо айылга келе турган келечектеги кут, "Шыбаганын ийгилиги" десек тура болоор.

Суу пайдалануучулардын "Шыбага" ассоциациясынын директору Омор Абдылдаевдин айтымында, ийгиликке жетишүү үчүн өнүгүүнүн жети баскычы бар экен. Сөзсүз түрдө өнүгүү баскычына ылайык, Дүйнөлүк Банктан каржылоо максатында атайын кредит бөлүнүп, "Шыбага" СПАсына кызматтык автоунаа, велосипед, орг-техникалар алынып берилди. СПАлар арасында талаш-тартыштарды болтурбоо, бири-бирине көмөк көрсөтүү, өз ара тажрыйба алмашуу максатында, "Чоң-Кызыл-Суу" деген ат менен суу чарба кеңеши түзүлгөн, бул кеңешке Оргочордун "Белсовхоз", "Шатылы", "Шыбага" СПАлары райондук сугат тармактар башкармалыгы кирет. Негизги максат ушул багыт менен бара-бара толук федерацияга өтүү болуп саналат.

"Шыбага" СПАсынын директору Омор Абдылдаевдин эли үчүн жасаган мындай иштери бааланбай койгон жок. Ал бир нече жолу республикалык суу чарба департаментинин балу сыйлыктары, ардак громаталары менен сыйланган.

Балдарды да ушул багытта тарбиялоодомун, - дейт ал. Мен жети бир тууганмын. Баарысы өздөрүнчө турмуш жолун улап кетишкен. Өмүрлүк жубайым Темирова Медеткан Кочкор элинин кызы, 2 уул 2 кыздын атасымын. Баары мектепте окушат. Ылайым ушуларга, жалпы эле келечек ээлерине кудай өмүр берсин. Экономикабыз, көтөрүлүп, элде тынчылык болсун. Аман болсок бары табылат.



***Аманат КУРМАНОВ 1949-жылы 13-январда Ысык-Көл областынын Тоң районунун Ак-Терек айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1966-жылы мектепти күмүш медаль менен аяктаган. 1966-1967-жылдары электр слесарь болуп Кажы-Сай электротехникалык заводунда эмгектенди. 1967-1972-жылдары Фрунзедеги политехникалык институтун аяктаганда автотранспорттун инженер-механиги квалификациясы ыйгарылган. 1972-1992-жылдары Кыргыз Республикасынын автомобиль транспорт жолдору министрлигинин ишканаларында эмгектенди. 1992-2003-жылдары Караколдогу “Комплект” жамааттык ишкананын директору, Караколдогу СТО “Автосервис” Ысык-Көл областтык бирикмесинин директору, Караколдогу “Досой” ЖЧКнын директору болуп эмгектенди. 2003-2010-жылдары “Чыгышэлектро” ААКнун Жети-Өгүз райондук электр тармактар ишканасынын башчысы болуп кызмат кылган. Азыркы убакта “Чыгышэлектро” ААКнун генералдык директорунун кеңешчиси кызматын аркалап келет.***

***Үй-бүлөлү, 1 уул, 2 кыздын атасы. “Кыргыз Республикасынын энергетика жана өнөр жайынын каарманы” наамынын жана ишиндеги ийгиликтери үчүн көптөгөн сыйлыктардын ээси. Райондук жана шаардык кеңештеринин төрт жолку чакырылышынын депутаты болгон.***

## АТАМА

Жоготуунун оордугунан жер титиреп,
Табият да аза күттү күн күркүрөп.
Ыраа көрбөй кара жерге жашырууга,
Элиң турду калкың турду муңкүрөп.

Ак жүзүнөн энелердин куюлуп,
Аталардын муң кайгысы туюлуп.
Сакал ылдый кулаган жерге түшүп,
Аккан көз жаш топурака жуурулуп.

Калайык калк жоготуп күйүп турду,
Булут каптап күндү айды жана нурду.
Айыргандай үмүтүнөн биротоло,
Шум ажал эл колунан сени жулду.

Жашы ыйлайт кары ыйлайт баары ыйлайт,
Көргөн адам жерди тиктеп жүрөк сыздайт.
Түбөлүк келбес болуп кете берсең,
Калайык калын журтуң ага кыйбайт.

Дөбөдөгү боз топурук сени күтөт,
Кайгы мунга ууланып күйөм түтөп.
Кайрат айтат көтөргүн башыңды деп,
Элим мени түркүк болуп өйдө жөлөп.

Кан жутуп кайгырамын мунданамын,
Кар баскан тоо чокусун бир карадым.
Окшоштуруп чачыңды күмүш баскан,
Түбөлүк өлбөс тоого суктанамын.

## ТИРҮҮ БОЛСОМ

Мееримин апакемдин сезгим келет,
Мезгил өтүп улгайып кетсем керек.
Көп убакыт өтсө деле мейли кылым,
Сүт жыттанган көкүрөгү демин берет.

Башты жөлөп тизесине жаткым келет,
Эч картайбайм эстей жүрсөм кезек кезек.
Апакем мен үчүн элесимде дайым эле,
Түбөлүккө тирүү бойдон кала берет.

Эстеликти тургуздум асыл таштан,
Эскерүүгө дайыма унутпастан.
Эң жакшысы эстеликтин жүрөгүмдө,
Эскеремин бул жалганда тирүү турсам.

## СЕН

Түйшөлүп себеби жок түнөрбөгүн,
Түн ойлорун тизмелеп түгөлдөгөн.
Түпкүрдө элдин кызысың сен,
Түбөлүксүң бир сарыга мен өңдөңгүн.

Чайпалсаң да чайкалып төгүлбөйсүң,
Ашып ташып буркулдап көбүрбөйсүң.
Сабырлуусуң токтоосуң салмактуусуң,
Арзыбаска термелип серпилбейсиң.

Саргайып түйшүк тартып сагынбадың,
Санаага тереӊ батып алдырбадың.
Дегеле бөтөндөргө сырыңды айтпай,
Жумушуңду эртенкиге калтырбадың.

Жаратканым маңдайыма сени жазган,
Ысык суукту өткөрдүк чогуу баштан.
Жеттик белем кадырман карылыкка,
Жуз жыйырма жыл экөөбүзгө артта калган.

Элестесем жаш кезекти өтүп кеткен,
Жаш келинсиң ак жүзүң нурун төккөн.
Азыр болсо так ошондой келинчек,
Биздин Тумар сага окшошуп келишкен.

Ах арман арманы жок дүйнө барбы,
Алды күчтү сулуулукту баарын алды.
Ажал келип өтүп кетсек бул дүйнөдөн,
Элесибиз балдарыңда баары калды.

Эл эстесе адамды өтүп кеткен,
Ал адам түбөлүкө жашайт экен.
Колтуктап элесинди ар дайыма,
Түбөлүкө балдарымда жашай берем.

## КЫЯЛДАНУУ

Мен бир адам кагаз бетин сыялаган,
Ыр жазам деп жогору өйдө кыялаган.
Кеч болсо да жаңы гана шилтеп кадам,
Шок кыялдын бурганагын тыя албаган.

Бир топ убак мурдараак жазган элем,
Акындардай кыялдангам шилтеп калем.
Окшошсо да ырларым жыртып салгам,
Уялгандан эчен ырды болгон белең.

## АКЫНДАР

Акындар ыр жазганда кыялданат,
Эчен ойду ойлонот бүтүп канат.
Омкоргондой тоо ташты түбү менен,
Көп нерсени кошуп туруп жазып салат.

Учуп чыгат асманга бүтүп канат,
Ой түрмөгү удургуп бөлөк салат.
Кыялында теминип мезгил доорун,
Айга минип сызуучудай күндү самап.

Адамдын ыр жазганы акын болот,
Сезимтал тамашага жакын болот.
Эсине келе калса ой толкуну,
Уйкаштырып ыр кылып жазып коёт.

## КЫЯЛ

Кеч киргенде ой түрмөгүн чубатып,
Отурганда көк түтүндү булатып.
Койгон сымал купкуу болуп кумсарып,
Пизандыктын мунарасын кулатып.

Жаркылдадың жалоорудуң сен анда,
Мүнөзүңдүн жылуулугу өтүп жанга.
Жылаанындай индустардын сыйкырчы,
Тура келдим баш көтөрүп бир маалда.

Бук болгондо сенден өткөн дары жок,
Бурганактап шамал улуйт кыял шок.
Келип калсаң тез жардамдай жаныма,
Бир заматта боло түшөт көңүл ток.

## СУРАНЫЧ

Күчүң табияттын кылам таазим,
Көп сыры бар жетпеген акыл сезим.
Марадан чубап өткөн күлүктөрдөй,
Көз ирмемде өтүп кетти жаштык кезим.

Мына эми алтымышка жашым келди,
Жаратканым кадыр барктуу өмүр берди.
Мен сурабайм жыйырма жашты уяламын,
Жок дегенде элүү жашты кайра берчи.

Кудуреттүүм ысапсызды кечир эми,
Токтотосуң керек болсо аккан селди.
Берчи мага отуз жаштан үчтү эле,
Же болбосо өлүмдүн да болсо кечи.

## СЫРЛАР

Ойчулдар ой түрмөгүн чече албай,
Кылымдарды карытышты бир топ далай.
Бермуддун үч бурчунун сырын таппай,
Табышмакты ачабыз деп жылдыз санай.

Бейкапар жүргөн кеме чөгүп жатса,
Күнөөсүз пенделер да сууга батса.
Таптакыр суу түбүндө калдыгы жок,
Табият жик билгизбей катып салса.

Кайда кетти бул пенделер толгон кеме
Асманда жок суу да жок дагы жерде
Бир кымтыгы жок катып алды табият
Үрөй учат эмне кылсын байкуш пенде

Атлантика мухийти чалкып жатат,
Ич дүйнөсү кененинен көп сыр батат.
Табышмагын билдирбестен эч бир жанга,
Түпкүрүнө ааламдын сырын катат.

## УМТУЛАМ

Кайда жүрсөм сени көздөй умтулам,
Жагдай кармап кетирбесе жулкунам.
Айла таап жетсем сага алтыным,
Бошогуча жүрөк туйлап тумчугам.

Алыс жерде жүрсөм деле умтулам,
Санаа басат жай алдырбайт булкунам.
Жүргөнүмдө колтукташып жанында,
Жашаргансып жашыл төрдөй кулпунам.

Кетсем деле о дүйнөгө умтулам,
Кара жерге бата албай тумчугам.
Көрду тешип мен келемин жанына,
Махабаттан татытсаңчы бир ууртам.

Чөгүп кетсем суу түбүнөн умтулам,
Жүрөк туйлап сени көздөй жулкунам.
Жардам албай жалдырабай эч кимге,
Чыгып келем Бермуддун уч бурчунан.

Өрттөп салса гүлдөн туруп умтулам,
От жалыны өчөөр замат булкунам.
Чокто жатып сен деп соккон жүрөктү,
Ырга айлантып бир куплет ыр сунам.

Ооругу келсе мен жашоого умтулам,
Түздөп бойду сен турганда кулпунам.
Бешим болуп өтсө деле курагым,
Шүгүр буга жаратканым деп турам.

## СЕЗИМ

Бул сезим менден күчтүү,
Кылымдарды карыткан бактан түптүү.
Өрттөсө отко дагы кайта албаймын,
Бул сезим менден күчтүү.

Бул дүйнөдө каалаганым жалгыз сенсиң,
Мен учун Аскар тоосун ашуу белсиң.
Айла жок эмне кылам биле албаймын,
Өкүнөмүн кызым менен жашың теңсиң.

Бул сезим менден күчтүү,
Кызыл тазыл гүлдөн түстүү.
Өлөсүң деп ажал келсе кайта албаймын,
Бул сезим менден күчтүү.

Бул өмүрдө жалгыз сен деп согот жүрөк,
Таба албадым сенден бөтөн түнөк.
Өлтүрөмүн ажырагын сенден десе,
Казаар элем көрүмдү алып күрөк.

Бул сезим менден күчтүү,
Салмагы оор төөдөн жүктүү.
Сенден кайтпайм өлтүрсө да суугa салып,
Бул сезим менден күчтүү.

Жүрөгүмдөн орун алдың жалгыз өзүң,
Батырып сүйүүнүн тереңине сенин көзүң.
Байкап айтчы туздуу сөздү мындан ары,
Боор этимди оорутат айткан сөзүң.

Бул сезим менден күчтүү,
Бул сезим менден күчтүү.
Даярмын көтөрүүгө бүт азапты,
Бул сезим менден күчтүү.

## ЧЫНДЫК

Мен таппадым чындыкты,
Бул айтканым чындыкпы.
Буга макул болбосоң,
Издейличи чындыкты.
Караңгыда асмандан,
Жаңы аткан ак таңдан.
Издейличи чындыкты,
Жанындагы адамдан.
Алыстаган качкандан,
Издей берем дагы эле.
Кайырчыдан жолдогу,
Бай адамдан олжолуу.
Чоочундардын сөзүнөн,
Азиздердин көзүнөн.
Каарын төккөн хандардан,
Момун байкуш жандардан.

Өтүп кеткен замандан,
Жаңы аткан азандан.
Күйүп жаткан оттордон,
Өчүп аткан чоктордон.

Чындык болот өзөктө,
Оорулунун көзүндө.
Акылмандын сөзүндө,
Жолоочунун жолунда,
Эмгекчинин колунда,

Айтышат бул дүйнөнү жалган деп,
Жала жаап түз жүргөнгө ушак кеп.
О дүйнөнү көрүп келген пенде барбы,
Жүрөлүчү бул жалганда түз сүйлөп.

## ЖАШТЫК

Көпөлөктөй гүлдөн гүлгө учуп конгон,
Өтүп кетти жаштыгым айдай толгон.
Кыз жүрөгүн үмүттөнтүп бүлүк салып,
Көл жээгинде түнөгөн кез да болгон.

Жараланган жүрөктүрдү дарылабай,
Кылчайып арт жагымды бир карабай.
Искеп жытын махабаттын буркураган,
Бөлөк гүлгө конгонмун байыр албай.

Гүлдөн учуп гүлгө конгон өттү жаштык,
Өттү кетти жылмайгыла кылбай кастык.
Кечиргиле курдаштар кеч да болсо,
Күнөөмдү моюнга алам болгон мастык.

Ак көңүлмүн жаркылдаган бир адаммын,
Ыйгара албай биреөңөргө бүтүн баарын.
Бөлүшкөнмүн тең бөлүшүп өзүңөргө,
Чогуу таттык махабаттын таттуу даамын.

## ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВко

Карыта бер кылымды өмүр менен,
Алп жазуучу ойчулсуң дүйнөн кенен.
Дүңгүрөттү бүт дүйнөнү Гулсарың,
Сен уулусуң элимдин кыргыз деген.

Окуучулар ээрчиген, боз шинелчен,
Көрүшүптүр Дүйшөндү кезип жүргөн.
Каалгасын каккылап француздардын,
Окуш үчүн Арагонду ээрчип кеткен.

Махабаттын отуна күйүп кеткен,
Аселин сылайын деп сүйүп беттен.
Адашып жол табалбай Ысык-Көлгө,
Алыс жүрөт Ильяс биздин жерден.

Турмушта өз бактысын тандап алып,
Махабаттын жалынына күйүп жанып.
Жамийла жол көргөзүп көзүн ачты,
Заманынын көшөгөсүн сыйрып салып.

Түбөлүк манкурт болбой тааный билдик,
Ээсибиз жерибиздин каны, тамган киндик.
Жоломандын курусун жоругу деп,
Бербейбиз бөтөндөргө өкүм бийлик.

## САГА

Жумуш менен алаксысам эс алам,
Калган убак терең ойго мен батам.
Кыялыңдын миң түркүнүн ойлонуп,
Ойлорумдун түрмөгүнө чаташам.

Унутууга кылсам далай аракет,
Кайра кайра ойлой берем көп ирет.
Таба албайм бир айласын тозоктун,
Кутуламбы бул азаптан ким билет.

Башка түшсө көтөрбөскө айла жок,
Махабатка болсоң экен сен орток.
Мен деп соксо сенин секет жүрөгүң,
Өтөөр элем бул дүйнөдөн көңүл ток.

Кыл көпүрө болот дешет ал жакта,
Өтүп кетем буйдалбастан бир паста.
Кудай акы эч күнөөм жок астыңда,
Чын сүйөм деп айтып берем суракта.

Толук болбойт бул жашоодо бири кем,
Алгыр куш да учат экен издеп жем.
Жаным болчу дайым өзүң жанымда,
Сенин сүйүүң берет дайым мага дем.

Келсем мейли пайгамбардын жашына,
Жооп беремин мен кара башыма.
Кем болбостон солкулдаган жигиттен,
Жете аламын сенин жаным баркыңа.

## КАЙРА КЕЛБЕС

Оттой күйүп жалбырттаган,
Бороон сымал албууттанган.
Кайда кетти жаштык мүнөз,
Кайраты мол таш кулаткан.

Магдыратып гүл жыттаткан,
Кыздар кайда колтукташкан.
Жигит курак кеткен келбес,
Алым кетип бошоп шайман.

Бир аз бассам кышылдатат,
Куюктуруп бышылдатат.
Бир кайрылбас курак аттиң,
Ачышып ичим, тызылдатат.



***КЫДЫРАЛИЕВА Гүлжан Сейденалиевна 1962-жылдын 26-февралында ак карлуу Ала-Тоонун койнунан орун алган Тянь-Шань тоо кыркаларын жакалай жаткан Чет-Нура айылында төрөлгөн. Билими жогорку. Тянь-Шань райком комсомолунда инструктор, Нарын облустук профсоюздар кеңешинде инструктор, мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы кызматтарын аркалаган. Өз мезгилинде эли-журту, өкмөт тарабынан сыйлыктарды алууга арзыды. Айтылуу Жети-Өгүз айылынын келини. Үч баланын алмончоктой энеси. Гүлжан Сейденалиевнанын жан дүйнөсү ыр дүйнөсүнө арбалып, канаттуу ыр саптарын, новелла, очерктерди жазуу менен эл жүрөгүнөн түнөк таап, элине жакын. Учурда Ысык-Көл областтык телерадио компаниясында ага редактор. Коомдук өзгөрүүлөрдүн күрөө тамырын чагылдырган теле көрсөтүүлөрүндө, радио берүүлөрүндө кашкайган чындыктын жалыны күйүп турат. Чындыктын чынар тереги болгон журналисттик ишинде улам кийинки жаш муундарга үлгү болоорлук тайманбас издерин эч ким жууп кетире албас. Энелердин жашоо турмушун, кайгы кубанычын даңктап даңазалаган “Асылзат” көрсөтүүсүнүн автору.***

## КУСАЛЫК

Каранганым үлбүл-бүлбүл жанган жалгыз шам. Сүйлөп жиберчүдөй үмүттүү карап турам. Ал бирде жалынып мага, бирде башка жакка буруп алгандай туюлат. Балким чын эле аяп жаткандыр. Терс бурулган жалынды өзүңө энчилеп коём. Экөөбүзгө элчи болуп жүрбөгүн деп, шыбырап, да иш жаздайм. Ким билет? Ошол менин түбөлүк жүрөгүмдө катылган сүйүүмдү кандай баалайт болдуң экен.? «Сүйөм», «Сенсиз жашай албайм»- деген сөздөргө көнүп бүткөндүрсүң? Ал эми мен болсо андай сөздөрдү өзүңө айта албайм. Анткени, жүрөгүм жалтанат. Көзүңө тик карай албайм. Мүмкүн бул менин алсыздыгым болуу керек. Бар болгону

ой максатым бардык үнүм аппак кагаз, ыкчам – ыкчам кыймылдаган калем саптарда кала бермекчи. Жан дүйнөм түндө көргөм түшүм да, ушулар менен сырдаш. Түнкү шам. Менчи, эмне айтпайсың дебе. Сен дагы менин түбөлүктүү сырдашымсың. Убакыттын күнү менен түнү бирдей экенин баамдап жүргөндүрсүң.

Мезгил өктөм. Канчалаган мезгил өтсө да жүрөк кылдарым өзүң үчүн согоорун эсиңден чыгарбасаң гана болгону. Жашоонун кызыгы, сүйүүнүн алоолонгон жалыны өзүңдө калды. Желге ыргалган мажүрүм талдын салааланган беш көкүл чачтай жерге ийилген бутактары сеңселген сайын жүрөгүм бир булкуп алат. Күндүзү сырдашаар, ой бөлүшөөр чөйрөм көп. Ал эми узун түндөчү?

Бир өзүңсүң жалгыз күйгөн жарык шамым. Эмнегедир бүгүн жалының өзгөчө сезилип турат. Бөлмөмдүн эч бир жерин караңгы калтыргың келбей турган өңдүүсүң. Билем, сен мени аяйсың. Бүгүн да өзүң менен сырдашайынчы. Тилсиз болсоң дагы дилиңди түшүнөм. Көгүш жарык. Сенин ал жарыгыңды акмалаган ай шооласы деле көп нерселерди шыбырагансыйт. Терезеден түшкөн ак жарыкка, кайра сага үңүлөм. Ай жарыгын акмалап алаканыма шоолаларын катамын. Кебездей жумшак кыялдарга бөлөнөм.Булут аралай калкып учам. Уйкум качат. Акырын жай басып жүрдүм. Эмнегедир чүмбөттөлгөн тереземи ачкым келди. Аппак кар. Бир калыпта эч өзгөрүүсүз жаап жатат. Кыялдарым учкан куштай сабалап жааган кардын изин улай жерге кулайт.Аңгыча терезе туштан кычыр-кычыр доош угулду. Эбакта өчүп унут болгон дабыш. Жүрөгүм туйлайт. Алыстап кетсең да кабарыңды эшитем, абалыңды билүүгө ниет байлайм. Эркелете сүйлөгөн сөздөрүңдү жүрөк түпкүрүмдө кайталайм. Мына, мына билинээр-билинбес, угулаар-угулбас белги бергенсип жөтөлгөнсүп койдуң. Сен үчүн деле мага жолугуу оңойго турбасын туюп турам. Кандай кылам, үмүт өчөт, кайра жанат тура. Эмнегедир кайрадан тымтырстык бийлеп калды. Сезимимде кусалык. Коркунуч, чочулоо, ажыроо.Кызык, же бир эле күтүүдөн, эңсөөдөн жаралган жаңырыкпы? Жок, жок өзүң болчусуң. Бук түшүп жаздыкка бой таштадым.

Тунук ойлорго оролгон көңүлүм кыялдана өзүңө биригет. Кулагыма жаңырган үн дал терезедин түбүндө жаңырыктарды. «Алда кудайым ай» отура калдым. Тырс-тырс терезем чертилди. Муңдашым, сырдашым жалгыз шамым! Кантейин деген кыязда өзүңө тигилдим. Көгүш, ак саргыл жарыгың чачырап жымың этип койдуң. Үнүңдү катпа «Ким деген бол» дегенсидиң. Дароо гана

өзүң экениңди сезип турсам дагы «Ким бул» - деп алсыз суроо салдым. Үнсүз тырсылдоо. Кыбыр эткен жандын басыгына үндөшкөн кардын кычыр үнү. «Мен эле» деген каргыл үнүң кайдадыр калган эңсөөңдү билдирип турат. Чын эле сенсиңби, Кантип? Бул сөздөр далай ирээт акыл туюмумда кайталанып жатты. Аз убакыт өттүбү, көп убакыт өттүбү айтор дендароо боло түшкөн абалдан бошонуп эшик тарапка обдулдум. Шарт ачылган эшиктин үнүнөн чочуп кеткендей селее карап туруп калдың. Баягы мойнуңа асыла кетип эркелеген учурум кайда. Саал гана баш ийкеген болуп «Кел өйдө өт» дедим. Сунган колуңа колум эпкелише калды. Денеңдеги майда калтырак алда недей туюлат. Ак дасторкон үстүндө үзүл-кесил сүйлөшүп отурдук. Анда кош бойлуу элем го. «Үйлөнөм, сүйөм» деген сөздөрүңдөн оолактадың. Артыңдан сая кууп ээрчий албадым. Кайрылбасыңа көзүм жетти. Акыры доктурлардын алтындай колунан наристем менен кош айтыштым. Ошол күндөн ушул күнгө чейин жалгызмын. Өзүң болсо үйлүү жайлуусуң, бала-бакырың бар. Эми менден эмне жардам күтмөкчүсүң?

Бакырайган каш карегим өзүңө кадалат. Жупуну кийинген аялуу жүдөңкү жүзүң мени, унутпоого аргасыз кылган жокпу? «Кечир, мен сендикмин» - дегенден башка сөз айтууга кудуретиң жетпеди. Оо, ал мезгилдегидей дароо жооп табуу кайдан. Жок,жок кеп болуп калды –деп да айта албайм.

Кимден кеңеш сурамакчы элем. Менин жалгыз, шамым үнсүз добуш салчы. Кулак салайын. Кана айтчы. Баарысы сенин көзүң караары анык. Анткени, сен жарык шооласың жаңы өмүргө, жаңы турмушка чыдамың жете алабы? Беймаал жүргөн мезгилде тереземди тырсылдатып чертип келген өчкөн сүйүүм тутанабы? Айтсаң тезирээк таң агарып атканда бактымды тосуп алайын. Тагдыр мага дал ошону буюрду бекен?

*** ***

## БУЙРУККА БУЮККАН КӨҢҮЛ

Тагдыр мага ушундай мүшкүл жашоону эмнеге буюрду экен? Сары ооз балапан балалык оюнга кана элек мезгилимде өзүңө нике кайып кошуп баш коштум эле. Аттиң ай десең, ал кезде суналып дене боюмду орой жапкан чачтарымды апакем сылап кыялкеч элем. Акыркы экзаменди «5» деген баага тапшырып жогорку окуу жайдын астанасын самап тургам. Дилимдеги кайрыктар бурганактап сапырылып башыма ак жоолук түштү. Айылдын кара тополуу чаңын асманга сапырып оор машинаны айдап өтсөң, чаңызгыган чаңдан боз ала болуп башыбызды катып калчубуз. Бар болгону сенин сыйың ошол эле го. Ошентсе да гүлкайырдай кулпунган кыздар шарактап күлгөн абалда тарап кетчүбүз. Топ кыздын арасынан сенин жайган торуңа туйлаган балык сымал туш болгонума не дейин. Келин өңдүү керилип өз милдетимди аткара бердим. Үй түйшүгү, башкадан көрө өзүңдү жакын көргөн учур келди. Эмне кылмакмын. Ойногум келет. Бирок уят. Ата-энем да «бир айыл журтпуз намыс»- дейт. Алардын айтканына муюп таң атырып, күн батырып жүрдүм. «Сүйүү» деген кандай болот болду экен? Өзүңдүн түк баскан жаагыңды, өсүңкү чачыңды карайм. Бирок ал издерди издеп таба албайм. Парталаш ынак болгон Ынтымакты сүйөт окшобоймбу? Ал экөөбүз деле ачык ой айта албадык. Жаштык кыял, окууга бирге тапшыруу, чоң шаардын кооз-кооз көчөлөрүндө көңүл ачуу, кино, театр, оюн-зоок. Андагы ой-тилек, үмүттөр салаадан сандап куюлду. «Алдыңды бала, артыңды мал бассын»-деген тилектерге кандай жооп кайтара алаар экемин дейм. Айыл куту, көк шибердин жыты үйдөн чыгып эки жагымды каранам. Ынтымак кетти болду бекен дейм. Ошол ойлордун кучагында жүргөндө апасы келин көрүп келди. Илбериңки чай куйдум. Башыма ак жоолук салып, чекемден сүйүп «Ак жолтой»- бол деди. Дал ошол мүнөттө «Ак жолтой » деген сөздүн өзүнө жалындым. Күндөр өтө берди, арадан үч ай өттү. Айтырбай келээр кырсык өзүңдү келгис сапарга чакырды. Он гүлүмдүн бири гана ачылаар маалда «Жесир» атка конуп, башыма кара жоолук салындым. Чүкөдөй кызы там боорун карап отурганын көргөн ата-энем деле өксөп ыйлагандыр. Студенттик күндөрдүн балын тата баштаган алгачкы махабатым Ынтымак деле эч нерсени сезбеген сыяктуу бата тилеп учурашкан болуп чыга берди. Силердин эле катарда жүрсөм гана. Кейиген түрдө жалооруй карадым. Эч өзгөрүүсүз бир калыпта мелтирейт. Ырас, ал үчүн мендейлер азбы? Бар, бирок, ….балалык сезимчи.

Жаңы үйдүн түбүн түптөн, куруп бүтүп той беребиз деп жаткан элек. Эми гана оозуң ашка тиерде, тилегиң таш каптыго. Тигил дүйнөдө бейишиң берсин дейм. Ашы жытың берилип мусулмандык парздын баары жасалды. «Очогунан от кетирип, түтүнүн өчүрбө»- деген ага- туугандын айткан сөзү мага милдет болду. Бирде үй толтура адамдар, бирде жалгызмын. Ата-энеме наразылык сөздөрүмдү аябадым. Багымды байладыңар. Эмне үчүн? Жулуп кетпедиңер! Ушул гана сөздөрдү кайталайм. Менин наалат сөздөрүмдөн түнөрүп бүтүшкөндүр. Жыл айланып баягы мезгил келди. Эшик-эшикке, айыл – апага чыгууга болоору түшүнүктүү эмеспи. Кеч күз. Короомдогу уйду саап элге кошуп үйгө кирем. Музоомдун жанында күн илебин чубактап отурам. Көзүн,көзүн. Суктана карайм. Кирпиктеричи. Тим эле сугум түшөт. Күнүмдүк көр тирлик. Өлбөгөн жанга жашоо улана берет тура. Кийинки күндөрү үйүмдү тегеренген издер, шырп эткен үндөр сезилчү болду. Кызык, менин эмнемди уурдайт. Жалгыз уюмдубу? Уурдасаң да эмне арга жасамакмын. Сүрү күчтүү айсыз көөдөй караңгы түндө, кимге кандай каршылык көрсөтө алмакмын. Жесир катары, желден жакшы кабар эшитип үмүттүү жашап келем. Эмнегедир бүгүн кыялдарым бүлүк түшүп, уйгу – туйгумун. Караңгылык суюлуп таң супа салганда эшикке чыктым. Мынча неге эрте туруп алдым. Үйгө кирип кайрадан жаздыкка башымды койдум. Аңгыча эшик шарт ачылып бир караан пайда болду. Капырай, асмандан түшө калдыбы? Кайдан, жайдан келди. Чырмаган ойдон чыга албай эшигимди бекитүүнү унуткан экемин да. Өзүмдү - өзүм жекелей баштадым. Баары кеч болуп калды. «Сен кимсиң?, Эрин жоктоп эртели кеч өзү менен өзү алектенген жесирде эмне жумушуң бар? «Сен кимсиң? Жан алгыч эмессиңби-?»- деп өкүм үн чыгарууга аргасыз болдум. Жок,жок андай дебе. Сен өзүнчө гүл бакчасың- жаныма жакындап келдиң Анарбай ? – Оозума эч сөз келбеди. Оорулуу аялыңды таштап бул жерде эмне жүрөсүң? » Тезирээк жер жарык жута электе караңгыга сиңип кет? Болбосо элге – журтка уят кылам деген сөздөрдү аянтбастан айта бердим. Канчалаган күндөр, узун-узун түндөр кайгырсаң кайгыңды, кубансаң күлкүңдү сурамжылап жүргөм. Керилген келбетиңе, суналган сымбатыңа сугум артам. Үмүтүмө суу сеппе. Мындай сөздөрдү укпагандык кылдымбы же аялдык жумшак мүнөзүмбү айтор сөз кайтара албадым. Балким жаштыгымдыр. «Аялымдын оорусу катуу мүнөт санап начарлап барат. Ичээр суусу, көрөөр күнү түгөндү окшойт. Көңүлүн

калтырган жерим жок оюндагысын аткарып жатам».Көп нерселерди айтып жаттың. Бирин уксам, бирин укпайм. Санаам санга бөлүндү. Дал ушул учурда кара терге түшүп, жан далбас урган аялы бир ууртам сууга зар эле. Анарбай болсо жаш келиндин коймол жууган сурмалуу каректерин тиктеп бактылуу. Алгач ирээт кыз жандаган сымал бүткөн боюу ымыр-чымыр жалгыздыктан жадай баштаган келинге да олжосу өзүндө туюлуп турду. Өмүрлөш болуп жашоого биротоло ниет байлашып кыйлага кучакташып турушту. Үйүнө бар эл көрүп калбасын, келин жалооруй көзүн албайт. Эми мен сени менен түбөлүк биргемин Анарбай аргасыз бөлүндү. Кыялданып, кыңылдап ырдап үйүнө кирди. Алсыз колун жаңсаган аялы «суу» деди. Элпек жеңил кыймылдаган күйөөсүн кызганган кыяз көрсөтүп чүңүрөйө түшкөн көздөрүн сүзүп койду. Алда кургурум ай. Мени деле аясаң боло. Не кылмакмын. Акырын чачынан аяр сылады. «Айжамал, эмне ичесиң, эмне жейсиң» - камкордугун ченеп болбос. Күндүз кечке Айжамалын урмат-сыйга, бөлөп коюп түн баласы сымал иңир тарта көздөн кайым болот. Бардыгын сезип турса да сыр бербеди. Көңүлүнө гүл өстүргөн ким болду экен? – Ооруган жерлери басаңдай түшсө ойлоно калат. Бирок, ошол ойлор ага бир үзүм ырахат тартууламакпы. Көздөрүнөн тоголонгон буурчак – буурчак жаштарды, эти качкан колу менен сүрткөн болот. Аны байкаган Анарбай деле көрсө көрмөксөн. Кошумча жарасын ырбаткысы келбейт. Жаш келин Айдай дагы жол карап күтүп, бөтөн дүйнөдө жашоо кечире баштады. Жалгыз эмес турбаймбы. Анарбайым аман жүрсө экен. Жүрөк үшүп, калган курган жан, жаман ойлордон чочуйт. Сүйүүсүн коруйт. Кээ күнү түндө көргөн түшүн айтып сансыз кыялга бөлөнөт. Күн артынан күндөр, ай артынан айлар, өтө берди. Айдайдын мүнөзү өзгөрүп көңүл чөгөт болуп баратат. Айжамал болсо бир калыпта. Кош бойлуулуктун түйшүгүн тартуу да. Түн уйкусу бөлүнүп элдин айың сөзүнөн чочулайт. Жайыла баштаган денесин катып, корунат. Бала жытын эңсеп кубанган көңүл кирдегенсип турду. Жерге жарык кирип тирүүлүктүн жышааны көрүндү. Үй оокатын жасап көчөө жакка баргысы келген Айдайга топ караан көрүндү. Эмнеге чогулган эл болду? Негедир суу сепкендей ичиркени түштү. Эки-үч үй арыда жашаган келиндер жакын калды. Аларга салам берди бирок, суроо сала албады. Кара торусунан келген чап жаак келин, ал топтон суурула берип «тиги Анарбай түндө каза болуптур, көз көрсөтөт белең жүрү» - деди.

Койчу Айжамал дебейсиңби –деп бакырып ие жаздады. Капырай кандай суук кабар. Түндө көргөн түшүмдү өзүңө ыраа көрбөй турдум эле го. Аргам канча «Барайын» деп үйгө бурулдум. Алар мени күтүп турушту.Өлүм улук деген ушул белем. Ар кандай сөздөр айтылып жатты.

Мага тиешелүүсү барбы жокпу эми баары бирдей туюлуп жатты. Мындай суук кабарды угаар замат чоочуп тура калган Айжамал дартынан арылганына жүрөгүм ишенбейт. Эл катары жер тиктеп отуруп боз үйдөн чыктым. Оорусунан өйдөлөбөйт деген аялы өзөлөнүп ыйлап отурат. Курсакта тынымсыз тыбырап кыймылдаган баламдын жүрөгү деле бирдемени сезип жаткан өңдүү. Муң, зарымды ичке катып илкий басып үйүмө келдим. Көкүрөк ылдый кулаган көз жашым эркин төктүм. Бейишиң болуп, жаткан жериң жайлуу болсун. Бар мүмкүнчүлүгүмдү аябай тирүүлүк зияратымды жасай бермекчимин. Артында калган уулуңбу, кызыңбы эл сөзүнөн корубай ачык асман астында көтөрүп өстүрөм. Менин жана келечегиң атын өчүрбөй алып жүрөөр баладын кусасы ичте калды. Өмүр өтөөсүнө дал ушундай чыгууну маңдайыма шыбаа кылганбы кудайым. Ким билет. Үмүттүү үгүлүп ак мөңгүлүү Ала-Тоонун шаңкайган бийик чокуларына үңүлөм.

****

Мен өңдүү бир өзүңдү эч ким сүйбөс,
Жалооруп жалыныңа эч ким күйбөс.
Жаралап жүрөгүмдү кетсең дагы,
Мен сымак эч бир пенде сен деп күлбөс.

****

Жыл өтүп күндөр айга жылаар шашып,
Мен жүрөм жүрөгүмө атың катып.
Сагыныч, кусалануу сересинде,
Каламын букет-букет ырлар жазып.

****

Неликтен бир өзүңдү сүйдүм экен,
Жалындап жаштыгыңа күйдүм экен.
Күүгүмдүү, кусаланткан иңир кечке,
Буюгуп, тушугаарым сездим бекен.

****

Жок, анда андай ойлор кимде болмок,
Жазакер кыялдарым ойноктолот.
Жаа тартып жүрөгүмдү тилип кетээр,
Мезгилдин жеткенине ким себепкер.

****

Кокусунан түнөрүп булут басса асманды,
Же өзүңсүз, жылдызы жок ал таңды.
Жалгызсырап, томсоруп,
Атыраарым жалганбы?

****

Кулак салчы
Бакалардын сайрашы,
Балким алар
Сүйүү айтышып жатабы?
Түн дагы түтө албай ал үндөргө
Түйшөлүп түркүн ойдо бейпил тартты.

***Салима АБАКИРОВА 1959-жылы 3-сентябрда Түп районунун Корумду айылында туулган. Билими жогорку - орус тили жана адабияты боюнча адис, Кыргыз Республикасынын журналисттер союзунун мүчөсү.***

***Чыгармалары: "Учкун" жаштар альманахтарына, республикалык, областтык газета-журналдарга жарыяланып келген.***

***Үй-бүлөлүү, 3 баланын энеси.***

## ЫСЫК-КӨЛҮМ

Кагылам касиеттүү Ысык-Көлүм,
Чөйчөктө мөлтүлдөгөн нур чүрөгүм.
Көрбөсөм азып кетем мен өңүмдөн,
Өзүңдө рахаттуу жыргал күнүм.

Кагылам касиеттүү Ысык-Көлүм,
Сагынам саябандуу жашыл төрүң.
Алыстап сенден алыс кээде узасам,
Көзүмдө мөлтүрөгөн нур сүрөтүң.

Кагылам касиеттүү Ысык-Көлүм,
Кадырың тоодой бийик оо, мөлмөлүм.
Керемет кеч дүйнөңдү барктабаган,
Айрым бир адамдарга ичтен күйдүм.

Кагылам касиеттүү Ысык-Көлүм,
Жашарып жашылдансын нур чүрөгүм.
Жетилип канат кагат уул-кыздар,
Жүрөктө жалындаган бүтпөс сүйүүм.

## КӨРКӨМ ШААРЫМ КАРАКОЛ

Сенсиз жарды, супсагыраак көңүлүм,
Сенсиз алсыз өтүп жаткан өмүрүм.
Абаң таза, сууң тунук күчкө мол,
Көл башында көркөм шаарым Каракол.

Кылым терек шурулардай тизилген,
Бариктери кыз чачындай ийилген.
Улуу тоолор кучакташып калыбет,
Көл башында көркөм шаарым Каракол.

Чалкып жатат касиеттүү Ысык-Көл,
Чаңкап келсем жанга жагым салкын төр.
Чаалыкканда абаң сергек, жанга жай,
Көл башында көркөм шаарым Каракол.

Сенсиз жарды, супсагыраак көңүлүм,
Сенсиз алсыз өтүп жаткан өмүрүм.
Абаң таза, сууң тунук күчкө мол,
Көл башында көркөм шаарым Каракол.

## КӨЛ КЫШЫ

Суктанам тынч уйкуда жер-энеме,
Сулк өлүк. Шыбырты жок денелерге.
Ак жоолук келиндердей ийилишет,
Бутактар көөлбүгөн теребелге.

Аппак кар. Мээрими оттой жапжаш кар,
Окшойсуң дили сүттөй наристеме.
Ааламды аппак кутка бөлөп койгон,
Лапылдайт жылдызчалар тереземде.

Ысык-Көлүм! Ак кышыңды төрүңдөгү,
Сагындым ак пейилди өзүңдөгү.
Бал каймак уюган тынчтыгыңа,
Тиледим жараткандан өмүрүңдү.

***

Аяздуу күндөр өтөт,
Ак канат билинбеген.
Ызылдайт доолу шамал,
Апкарып ийилбеген.

Гүл бурак терезeмде,
Тартылган аппак бубак.
Гүлдөрдүн изи менен,
Ак бермет нурлар чубап.

Табигат камтып алган,
Аруулук-адалдыкты.
Жараткан тартуулоодо,
Тирүүлүк-амандыкты.

Апаппак ак кыш турат,
Бутактар дирилдеген.
Кыялда жапжашыл жаз,
Дептерге чийилбеген.

## КЕЛИН КЕЛДИ

Келин келди сүйкүм жүзү төгүлгөн,
Ыйман дили күлмүңдөнүп көрүнгөн.
Колдон учкан ак кушумду эстедим,
Качандыр бир учуп кеткен өзүмдөн.

Келин келди үмүт оту жагылган,
Аппак нурлуу шөөкүлөсүн тагынган.
Ыйманы аппак кийин мендей болсо экен,
Аксакалдар бата берип жалынган.

Келин келди ырыс-кешик төгүлүп,
Асыл ойлуу аппак таңдар сөгүлүп.
Сезим тунук бийигирээк жашоого,
Айкынураак максат-тилек көрүнүп.

Жүрөгүмдө балкып жанган ойлорум,
Ашып кетти чексиздикке белгисиз.
Аппак тилек акжолтоюм болсо экен,
Жашоо жолу супсак тура келинсиз.

Келин келди үмүт оту жагылган,
Аппак нурлуу шөөкүлөсүн тагынган.
Ыйманы аппак кийин мендей болсо экен,
Аксакалдар бата берип жалынган.

## ЖАШТЫГЫМ

Алыс калдың жаштыгым,
Колдон учкан ак куштай.
Көзүмдөсүң сагынам,
Жазгы тунук жамгырдай.

Мөлтүр элең жаштыгым,
Толуп жанган наздыгым.
Толукшуган айкөлдүк,
Сүттөй таза калгырым.

Күлүк элең жаштыгым,
Бийик алыс учурган.
Дегдеп кыял кетүүчү,
Жүрөгүмдөн кубанган.

Күчтүү элең жаштыгым,
Гүлүң жанган жүрөктө.
Тартылбаган сүрөттөр,
Каректеги күзөттө.

Мөлтүр элең жаштыгым,
Толуп жанган наздыгым.
Өткүр эле сезимдер,
Өрөпкүгөн жүрөктө.

## ТААЗИМ

Төрт мезгилди кысып боорго чынжырлаган,
Төгөрөк бурч көз алдыңда – бул зор аалам.
Табынууну унутканбыз биз пенделер,
Таскак күлүк таман жооруп чөнтөк арман.

Төрт мезгилди кысып боорго чынжырлаган,
Түркүн өмүр, түркүн тагдыр – бул зор аалам.
Татып ичип, тирүүлүктү кесир кылып,
Тебетейчен кээ бирөө кудайды урган.

Төрт мезгилди кысып боорго чынжырлаган,
Турпат ыйык, жүзүң бийик – бул зор аалам.
Тумарыңды кымбат сезип сыйынбай,
Таш боор зулум баласын ташка ыргыткан.

Төрт мезгилди кысып боорго чынжырлаган,
Табың көлдөй, кулачың мол – бул зор аалам.
Таажыларың гүлдөп тандап кийсек да,
Тепселенет ыйык туткан асыл ыйман.

Төрт мезгилди кысып боорго чынжырлаган,
Табитиңди табалычы, кейибечи – бул зор аалам.
Тизе бүгүп, ийилели биз пенделер,
Ыйман күтүп ырыскылуу жараткандан.

## ЭНЕГЕ ЖООП

Энеке, жол карап санаа чегип,
Жаңы жыл босогоңдо турган кезде.
Сагыныч жүрөгүңдө мелт-калт толо,
Тостуңбу балам бүгүн келеби деп...

Айылга бармак элем мына бүгүн,
Түшүнсөң... аркаладым мекен жүгүн.
Зарыкпа, камыкпачы энекем ай,
Турганда кулач жайып мекен үйүм.

Жаңы жыл молчулуктун берекесин,
Бейпилдиктин жадыраган гүлүн сунсун.
Жаңы жыл урматына болбосо да,
Жол ачык жакшынакай дагы бир күн...

## МЕЗГИЛ КАЙРЫКТАРЫ

Терезземде жалбырактар,
Тигилишет дирилдеп.
Күн нурлары төгүлсө,
Кубанышат бириндеп.

Нурлар алтын себилсе,
Жылуулукка киринет.
Жалбырактар сеңселген,
Сүйүү отуна биригет.

Сүйүү ырларын төгүшөт,
Сүйкүм назик көрүшөт.
Өткөн жашыл өмүрүн,
Аярлашып өбүшөт.

Алтын түстүү жалбырактар,
Асыл ойду кармашты.
Өлбөстүктүн мүрөгүндөй,
Сезимдерге жармашты.

Жаркырады күн дагы,
Алтын күзгө чачылып.
Жымыңдады назик ыр,
Жалбыракка жашынып.

***

Сен келдиң ошол кечте жаалданып,
Көзүңдөн ачуу оттун нуру тамып.
Ырыстуу босогону аттай электе,
Агыттың алгыр кушту каарданып.

Мен турдум алдастадым өңдөн аздым,
Табалбай калганымды неден жазып.
Булкуду бүт эркимди темирдей күч,
Буулугуп учуп турдум эшик ачып.

Кумсарып көзүңдүн нуру учуп,
Апакай жол ылайлуу назар тутуп.
Бурганактуу чамгарак добулбастан,
Калабадым, аттиң ай учкун утуп.

Канатым учуулардан талалекте,
Кан токтоп жүрөк сокпой калалекте.
Неге биз добулбастан оолактабай,
Тумчуктук жүрөк от жаналекте.

Тумчукпай бийиктерге сызалычы,
Түйшүктүү асыл эмгек кылалычы.

***

Кут келет, ырыскыңды силкпегинчи,
Жылдызга кыял менен жетеличи.
Кыялды-ойду нукка бириктирип,
Адамдык-асылдыкка жетеличи.

Бакытты башка коноор кармагынчы,
Ой токтот, көңүл бузуп чалбагынчы.
Ак ой сезимдери ширелешип,
Актыкка ыйман менен баралычы.

Өмүрлөр азгын гана карагынчы,
Өксүбөй жаркын гана жашайлычы.
Алдыда өмүр жазы жайнаган гүл,
Таңдагы таң чолпондой жаналычы.

## КЫЗ ЖҮРӨГҮ

Куш келди түшүмдө,
Жүрөгүмө ыр берет.
Айтпастан дааналап,
Ак шумкар учуп кетет.

Кармадым ал белекти,
Өмүрүмө ал керекпи.
Чын дилимден сезип келем,
Ырлардагы кереметти.

Кытыгылап асыл жүрөк,
Кыздардыкы ырга түнөк.
Оргуштаган ырлар үчүн,
Эмгектенем жаным үрөп.

Булагы ырларымдын,
Мекен, тынчтык чырагы.
Сени дагы баяндайм,
Сыйкыр сүйүү кучагы.

## КҮН НУРУ

Күлүмсүрөп күн нуру,
Жер жүзүнө төгүлөт.
Алтын сээп койгондой,
Ажарланып көрүнөт.

Күн нурунан кубат алып,
Жашыл тулаң көйкөлөт.

Бак-дарактар желге ыргалып,
Кубанычка бөлөнөт.

Күн нуру күлүмсүрөп,
Мекениме мээрим чачат.
Ар дайым тынчтык деп,
Албырып үн катат.

## ПОЭЗИЯ

Поэзия-түпсүз терең,
Чалкып жаткан деңиздейсиң.
Кубаты мол толкунуна,
Оролушсам чабак уруп,
Оо,сырдуусуң, кебелбейсиң...

Поэзия-ардактаган баласымын,
Ак пейилдүү кыргызымдын.
Керек болсо эл-жер үчүн,
Күрөшүүгө дапдаярмын.
Кут төгүлгөн Ата-Журттун,
Уучундагы оргуштаган
Кичинекей ырысымын.

## КАЛЕМИМ

Алтын сырга калемим,
Акак таштай данегим.
Айталаада жүрсөм да,
Арстандай демөөрүм.

Арыбайсың-чанбайсың,
Азгын ишке барбайсың.
Аксап калып сынаарда,
Алкымдан бек кармайсың.

Алтын сырга калемим,
Акак таштай данегим.
Айталаада жүрсөм да,
Арстандай демөөрүм.

***

Алыстатып аралык,
Каякадыр шаштырат.
Тигилишкен көз караш,
Табышмактуу каткырат.

Ыза болуп ичимден,
Сезимдерге биригем.
Алсызданып жүрөгүм,
Бүгүн неге кейигем

Суроо койбой бүтүмгө,
Ойлор учту күтүүгө.
Бүдөмүктүү сөздөрүң,
Ишеничсиз бүтүүдө

Сезимдериң белгисиз,
Сызып учту алыска.
Күлүк канат кыялдар,
Кетти мына жарышка.

## ЭСКЕРҮҮ

Жаманы жок эч бир жанга бир пенде,
Өтүп кетти жан кишиге билинбей.
Жаштар кетип салааланып жүздөрдөн,
Жамгыры мол жазгы күндүн бириндей.

Бул жашоонун чалкып жаткан көлүнөн,
Сен эңсеген асыл гүлүң тербедиң.
Кээде сергек ак таңдарды аралап,
Ак түшүмө бүлбүл жанып келбедиң.

Келбедиң да сен өзүнчө кынайдың,
Бул жарыктан узадың ээ алыстап.
Сездиңби же сезбедиңби ким билет,
Жүрөк гана ыйлап турду калыстап.

Кеттиң эми, оо бир боорум,карылгач,
Бирөөгө жар,бир тууганга жатындаш.
Сүттөй тунук ак дилиңди элестеп,
Өмүрүңө тойбой турдум кардым ач.

Бул жашоонун чалкып жаткан көлүнөн,
Сен эңсеген асыл гүлүң тербедиң.
Кээде сергек ак таңдарды аралап,
Ак түшүмө бүлбүл жанып келбедиң.

***

Жашоого шыктандырып дем күч берген,
Бар болгун, жүрөгүмдө ыйык Илхам.
Сырларын тирүүлүктүн суктандырган,
Сезимдер көкөлөшөт сен барыңдан.

Арбалып сыр дүйнөңдө толгономун.
Аппак ой,адалдыкка жолдономун.
Жер-аалам,сүйүүлөрдүн чөлкөмүндө,
Гүлбурак, жашыл жазга орономун.

Дилимде сен ыйыксың, оо, Илхамым,
Жүрөктө өчпөй жанган от тумарым.
Жашайсың өзүм менен дайым бирге,
Пиримсиң! Ошондуктан багынамын.



***АКМАТОВА Самара Тентимишовна 1982-жылы 18-октябрда Саруу айылында туулган. 1999-жылы мектепти аяктап, Касым Тыныстанов атындагы ЫМУнун филология факультетине тапшырып, 2004-жылы бүтүргөн. Ушул эле жылы алгачкы эмгек жолун Ж. Чабалдаев атындагы Саруу орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты сабагынан мугалим болуп эмгектенип баштаган. Учурда ушул эле мектепте мугалим болуп иштейт. Үй-бүлөөлү, эки уулдун энеси.***

## УЛУУ ЭЛДИН УЛУУГУ

Карт тарыхтын барагында катылган,
Кыргыз элим нечен доорду карыттың.
Кыйлалаган кыргындардан соо калып,
Кылым менен тулпар минип жарыштың.

Эркиндиктин канча болдуң курманы,
Улуу элдин улуулугу бул жагы.
Ушунча жыл уюткудай уюткан,
Ар намыстын бийик болуп турганы.

Бир чачылдын он жетинчи жылында,
Аза күткөн заман болду чынында.
Курамадан журт куралган кыргызым,
Кыйрап калды ашуулардын кырында.

Анан дагы эл душманы аталып,
Эр азамат уулдарынан ажырадың.
Өз тил калып өзгө тилге катталып,
Уул-кызыңды эне тилин чаңдырдың.

Бийлик кулап келди эгемен заманын,
Өз эркинде аткарылып талабың.
Ошол күндө тобо кылып тура албай,
Төбөлдөр ай, бийлик, мансап самадың.

Турса дагы мыйзамында какшайып,
Бир үй-бүлөө бир өлкөнү башкарып.
"Кол тийбестик" желбиреди туу болуп,
Чындык жатты таштандыда ташталып.

Карапайым эл кыйналды өзүнчө,
Багам деген чоңдор калды унутуп.
Улам жаңы салык түрү көбөйдү,
Ансыз дагы алсыз элди курутуп.

Ала-Тоонун арман күүсү чертилип,
Мекенибиз улам чети кетилип.
Сатып жатты тоону, көлдү башкасын,
Жооп күттү ажолордон оболу.

Жооп ордуна октор жаады туш-туштан,
Адам уулу ашып кетти жырткычтан.
Азаматтар кызыл канга боёлуп,
Солкулдады аалам мындай укмуштан.

Жер кучактап калды эне, ыйлап,
Тура албады күйүтүнө жан чыдап.
Өз элине ок жаадырган эргулдар,
Компоюшту кылыктарын мыскалдап.

Бир кезекте манкурт аткан энесин,
Элин аткан кайсыл ханды билесиң?
Туулса да бир наристе жарым жан,
Эне ушундан сактай гөр деп тилесин.

Аларды да мезгил өзү жазалаар,
Кудай мындай чыккынчыдан тазалаар.
Өз жеринден буюрбасын топурак,
Ушул болсун эң биринчи жазаңар!

## ЖАЛГЫЗДЫК

Жүрөгүм ээси жоктой ээнсиреп, бул ааламда калды мына,
Таарынычым ашып кетти өзүңдөн ажыраткан тагдырыма.
Миң наалат айтсам аздыр, капыстан биз жолуккан ошол күнгө,
Өкүнүп ыйлай бердим бир келген бакытымдын аздыгында.

Арман ыр ашып жатты, көңүлдүн көкөлөгөн сересинде,
Аттиң  ай, сүзө албадык экөөлөп сүйүүбүздүн кемесинде.
Махабат чокусунан өзүң жок кармана албай кулап жатып,
Дилимде кошкун дедим сага эмес жүрөктөгү элесине.

Канчалык кең болсо да мен бүгүн бул дүйнөгө батпай турам,
Айланам эч көңүлсүз, ал эмес өзүмө-өзүм жакпай турам.
Демейде, издеп жүрүп тез эле таап алчу көп ичинен,
Маңдайлаш кезиксек да сүйүктүү элесиңди таппай турам.

Азыр сен такыр башка, ардагым абайлабай жоготупмун,
Табам деп сени кайра, бекерге үмүтүмдү коротупмун.
Уктасам түшүмдөгү, ойгонсом оюмдагы көздөрүңдү,
Тез эле унутам деп, калп эле өзүмдү-өзүм сооротупмун.

## ТААРЫНЫЧ

Шылдыңдап карап, мыскылдуу күлүп айланам,
Өкүндүм эстеп өткөндү сага байлаган.
Сезилбей илеп, сезимим турду таш катып,
Суурулуп жүрөк калганбы такыр таң калам.

Чөгөлөп ыйлап, ааламга турдум үн салып,
Жамгырың төгүп, экөөбүз тургай түн карып.
Ак көңүл жаным айбыкбай койду өзүңдөн,
Аттиң ай неге таарынтын экен мынчалык.

Тамаша кылмаң таарынтып балким калдымбы,
Жөн эле койбой жүрөккө жакын алдыңбы.
Унутуп кеткен сүйүүнүн ара жолуна,
Сүйгөнүң барын сен бүгүн эске салдыңбы.

*****

Жүрөктүн түпкүрүндө бир сезим тынчтык бербей улам туйлайт,
Ал сезим бүгүн сен деп жана албай калганына күйүп, сыздайт.
Байкалбай неге ушунча берилип калдым экен мен өзүңө,
Жаш жаным кыйрап турам, жаш төгүп ыйлап турам тоңуп муздай.

Көргөндө жамалыңды жарк этип жанчу элем го жарык болуп,
Айтсам деп саламымды айланып кетчү элем го карып болуп.
А бүгүн баары башка, өзгөрдүк сен да, мен да, ал тургай жыл,
Баш ийдим тагдырыма, сен мендик эместигиң анык болуп.

Жашоомо үмүт берген жарыктын шамдары улам өчүп барат,
Кумарлуу жаштыгымдын күндөрү бир арманда өтүп барат.
Жан дүйнөм жалгыздыкта жабыркап, отурамын эч максатсыз,
Суктанам көчө бойлоп, эки жаш жетелешсе улам карап.

Андагы күндөрүмдөй мен сени издебейм жал-жал карап,
Мага эми кызыгы жок сен жүргөн, сен жашаган ошол тарап.
Өчпөгөн жылдыз болуп, өмүрдүн көктөмүндө жылт-жулт этип,
Баары өтүп унутсам да жүрөктө арман козгоор элес калат.

Эң бир кооз, эң бир аяр жазымдай сени күткөн, сен да кеттиң,
Көңүлүң каалап турган максатың ушул болсо балким жеттиң.
Дүйнөдө бир мен үчүн сүйүүдөн алаар энчим ушул болсо,
Кыйналбай ыраазымын махабат бактысынан анда кечтим.

## ЧЫҢГЫЗ МЕНЕН КОШТОШУУ

Жарыгы элең жылдыздын,
Жалыны элең кыргыздын.
Добушуң дүйнө жаңырткан,
Тоо булбул элең Чыңгызым.

Кылымдын өчтү чырагы,
Кыйылды проза ынагы.
Кылкылдап тозуп калың журт,
Ал жаткан күткөн сыягы.

Аккула минип алдындан,
Алп Манас тозуп алгандыр.
Ак сакалың жайкалтып,
Ак Бакай акыл салгандыр.

Баштаган Барсбек кагандар,
Баатырлар тозуп алгандыр.
Токтогул толгоп комузун,
Толкутуп күүсүн чалгандыр.

Аалыкең күтүп тургандыр,
Алыкул ырын сунгандыр.
Алдыртан карап тургандар,
Көз жашка бетин жуугандыр.

**КУРБУМА**

Эх дүйнө бириң кем беле,
Жалганда жашооң чен беле.
Тамшантып кайра тарткыча,
Жаратпай койсоң эмне эле.

Жүрөгү жалын курч эле,
Жадырап күлүп турчу эле.
Жал ооруп турсаң жардамга,
Жазганбай колун сунчу эле.

Сыздатып жүрөк чыдатпай,
Куйүткө жанган чырактай.
Таштадың жалган дүйнөнү,
Көз жашты төктү булактай.

Армандуу бүтпөс жомоктой,
Айтканды койдуң тоготпой.
Тутанбай өчтү чырагың,
Жашыңды жашап коротпой.

Курч эле мизиң болоттой,
Жүрчү элең көптү тоготпой.

Кайрылбас жайга сен кеттиң,
Кудайы келген коноктой.

Оорутуп жүрөк чыдатпай,
Ортого жанбай чырактай.
Ааламдан жоктоп ай дагы,
Асманда жылып барат ай.

## АФГАН ЖООКЕРИНЕ ЭСТЕЛИК

Тилегинен, батасынан журтумдун,
Намыс үчүн жарыкка жаралгам.
Бейкуттугун мекенимдин козгосо,
Ачуум кайнап, бүт денеме тараган.

Ойноп күлүп, ай төгүлгөн кечтерде,
Бойго жеттик бейпилчилик кездерде.
Эл-жеримди, мекенимди коргоого,
Жөнөп жаттым эңсеп жүргөн аскерге.

Дале эсимде ошол кетип жатканым,
Эмнегедир жеткичекти шашканым.
Элим деген, энем деген жүрөгүм,
Сезсе керек майдан күтүп жатканын.

Афганистан алааматы башталды,
Эсте калды күндүн ысык аптабы.
Катардагы кыраандардан айрылып,
Канча азамат мекенине кайтпады.

## СҮЙҮҮ БАКТЫСЫ

Берди Кудай сырдашсын деп жакынды,
Сөз берметин жазсын деген акынды.
Бакыт үчүн берген болсо сүйүүнү,
Мен сүйүүдөн таба элекмин бактымды.

Берген болсо чакырсын деп атыңда,
Өзгөчөлөп адам кылган затыңды.

Бул жашоодо бакыт болсо махабат,
Сүйөм бирок неге сезбейм бактымды.

Берген Кудай түрдүү ченеп жашыңды,
Айырмалап терең берген акылды.
Сүйүү дагы акыл ойдон жаралса,
Ойлой берип таппай келем бактымды.

Жан жыргаткан ыр жаз десе акынды,
Акын жазды ыйды, мунду, жакырды.
Ырлар чертсе ыйык күүсүн сүйүүнүн,
Менин ырым армандарга жашынды.

Же Жараткан байкап сырлар жашырды,
Кыйноо салып, кырдан-кырды ашырды.
Чын болсо эгер бар экениң махабат,
Мен сүйөйүн таап берчи бактымды.

## ТҮШҮМДӨ

Коркомун көңүлүмө азык болуп,
Түндө менин түшүмө кирдиң неге?
Көкүрөккө толуп турган сагынычты,
Көөдөнүндө бир сезим туйду беле.

Түшүмдө да мен сени кызганыпмын,
Элесинди эч бир жанга ыраа корбой.
Түгөйүндөй кол кармашып кыналыпмын,
Туйлады кыялдарым ээ жаа бербей.

Ойгонсом сагынычым тарагандай,
Кусалыгым аз да болсо басылыптыр.
Көңүлүм бир кири жок, сыртка чыксам,
Асман да көңүлүмдөй ачылыптыр.

## ӨЗҮҢСҮЗ

Жаркытып кабагынды сүйө билип,
Жүрөктүн тонун жеңээр бир адам бар.

Жалындуу жаштыгымдай жаркынымды,
Жаңыртып кайрып алчу бир адам амал бар.
Ал өзүңсүң.

Уурдалган жылмаюмдуу убакыттан,
Улантсын деп сурап берер бир адам бар.
Улуусуң махабаттын мен жоготкон,
Уратпай сактап калчу бир амал бар.
Ал өзүңсүң.

Ак сүйүүдөй ак баракка сырлар төгүп,
Уйкуң качып балким сен да отурасың.
Экөөбүздүн бактыбызды мелт-калт куюп,
Ырыскынын сунган оңдуу толтурасың.
Элес жашай көз алдыма ал өзүңсүң.

## АГАЙЫМА

Конур жумшак мээрим төккөн үн менен,
Келечекке багыт берип үндөгөн.
Даанышмандай пириң ким деп сураса,
Мени окуткан мугалимим деп билем.

Кубат алып сабыр туткан көзүнөн,
Сиздей адам чыкса экен деп өзүмөн.
Адам бол деп акыл насаат кеп айтса,
Аалам жарык агайымдын сөзүнөн.

## ЖАЛГЫЗДЫК

Мончок жаш көздөн кулап,
Өкүнүч ырын сунат.
Кулаба үмүттөрүм,
Кыялдан алган курап.

Жалгыздык жанга батып,
Баратам улам жашып.
Бактым сен болсоң сүйүүм,
Кетпечи менден шашып.

Жайкы кеч, түнкү жылдыз,
Асманда жымындашат.
Сагыныч кучагында,
Жалгызмын уйкум качат.

Кыялым канат байлап,
Артымдан баргым келет.
Ойгонбой ал кыялда,
Түбөлүк калгым келет.

А бирок баары жалган,
Чындыкта жалгыз арман.
Менчелик бул дүйнөдө,
Жаңылбай кимдер калган.

## КӨЗ КАРАШ

Экөөбүздү жолуктурган көп жыл мурун,
Күз эле жамгыр төгүп нөшөрлөгөн.
Ашыккан көздөр менен издеп жүрдүң,
Үмүттүн учкундары бөксөрбөгөн.

А мен болсо көрсөм да көрмөксөнмүн,
Жаштыктын текерберлүү кучагында.
Жалындуу жамалыңды сезмексенмин,
Кыялдын кылда чоку бутагында.

Андан бери мезгилден мезгил шашып,
Жылдар өттү бир-бирине окшошпогон.
Күндөрүм өтүп барат тизмектешип,
Жан дүйнөмдүн жылуулугу коштобогон.

Ушундай окшош күндү бир күнүндө,
Жолуктук тагдыр белем кайра неге.
Мен башка сезилсем өзүм үчүн,
А сенин көз карашың баягы эле.

## ЖЕҢЕКЕ

Бакыт тилейм баарынан да жеңеке,
Болсун дайым жан дүйнөңдө береке.
Ден соолугуң бекем болсун чын болсун,
Баарынан да ушул жарайт керекке.

Сүйүү каалайм шыңгыр тамчы үнүндөй,
Жашоо калайм эң сүйүктүү күнүндөй.
Жан эргиткен жарашыктуу жылмаюуң,
Нур жүзүндөн кетпей турсун күлүндөй.

Кайраттуу бол, акылдуу бол, сабырдуу,
Өмүр сүрүп байкем менен кадырлуу.
Кечиримдүү, чечкиндүү бол себеби,
Турмуш өзү эсеби жок жаңылуу.

Кол кармашып эки жүрөк жолукту,
Ак никелүү сүйгөн жардан болушту.
Бата берип ага тууган, жерге жээк,
Салып койдук апапакай жоолукту.

***Кыял ТОКТОБАКОВА 1984-жылы 28-июлда Түп районунун Түп айылында туулган. 2001-жылы Кызыл-Суу айылдык С. Абдрахманов атындагы орто мектепти аяктаган.***

***Учурда Райондук борбордук китепканада китепканачы болуп иштейт. Ыр дүйнөсүнө мектепте окуган учурдан аралашкан.***

## КЫРГЫЗ ЭЛИМЕ

Күндөр өтөт чертип жалбырак,
Жол таба албай бөлөк жалдырап.
Калбайылчы, алга умтулуп женели,
Басынбайылы үмүт өчүп алсырап.

Эмне үчүн хандарыбыз сатылат?
Акча дешип, ыйдан элдик бак курап.
Ак сөз айтып, элге чынды көргөзбөй,
Ак сакалдар бир чепкенге сатылат.

Чогултсан да, балан үчүн бак болбойт,
Озу таппай бекер жеген оңолбойт.
Жаман көрүп, эмгек баркын билбесе,
Андай жанга чогултсан да токтобойт.

Дүнүйөдө кендин бары бизде бар,
Келээр бекен, жакшы паша жол табаар.
Алып качып, тентип жүргөн курусун,
Каргыш угуп, какап жеген эмне наар?

Намыс күтүп, жакшы жолду тандайлы,
Күнүмдүккө тепселенип калбайлы.

Чындап эле тукумубуз ойлосок,
Чачырабай ынтымактуу жашайлы!

Күндөр өтөт чертип жалбырак,
Ар кыргызга тилек чачып жаркырап.
Ала кетчү “Оо дүйнөгө” байлык жок,
Андан көрө таза жашап, биригип,
Тоо суубуздай агалычы шаркырап!

## АДАШКАН КЫЗДЫН АРМАНЫ

Сүйөм – десең, ишенипмин сөзүңө,
Суктаныпмын жалын чачкан көзүңө.
Суусап турган чөлдө чымчык өңдөнүп,
Билбей калдым берилгеним өзүңө.

Алдандымбы? Эки жагым карадым,
Ой токтотуп, жолум таба албадым.
Эмне мынча таш боор тагдыр кейитти,
Кантип мени алданганга жарадың?

Ишенчээгим, наристедей тазалык,
Сууга салган кумдай акты таралып.
Эмне үчүн? Эмнеге мен? – суроолор,
Жүрөгүмдө октой калды кадалып.

Убагында учуп жүрсөм көкөлөп,
Сазга түшкөн бака сымал жөрмөлөп.
Өз кылгандан, булгангандан жиркенип.
Ыйлай бердим токтобостон, өпкөлөп.

Чыга албадым, тартып жатты саз мени,
Тазалыкты жүрөк далай дегдеди.
Бир байкабай кылган ишим таш болуп,
Кирге тартты, булут кезген денемди.

Ишенбейм эми такыр баарына,
Өч алам деп өзүңдөйдөн дагы да.
Токтоп байкабай кылган ишим таш болуп,
Башым менен сазга кирдим таарына.

Жеңе албадым катуулугун торуңдун,
Түшүнбөдүм неге сендеп оорудум.
Жеңе түшкөн жеңилдикке көпөлөк,
Бир ойлонбой кылганыман соолудум.

## УБАКЫТ

Тил угуп, чыкпай баткактан,
Эркелеп, ойноп күн баткан.
Билинбей өттү балалык,
Издеймин сени кай жактан.

Сабактан качып, тил угуп,
Жүрөктө сүйүү ойгонуп.
Өспүрүм кезим кетти бейм,
Эстеймин далай ойлонуп.

Башыма салып жоолукту,
Жеңелер тердеп оолукту.
Байкабай басып баратсам,
Келиндин күнү жолукту.

Жашоонун ачып сырларын,
Сабырдуу күтүп жылдарым.
Кудагый күтүп ал кезде,
Той берип, далай ырдаармын.

Небере күтүп, ат коюп,
Өткөндү эстеп токтолуп.
Орто жаш гүлүн терээрмин,
Жалындуу жаштык жок болуп.

Карылык келээр сабаалап,
Кайкайып, күтүп салабат.
Ак бата берип, бак тилеп,
Ак баскан чачым салаалап.

Акылым айтып, күн санап,
Чөбөрө өпсөм канагат.

Ырахмат жашоо, мен кетсем,
Бир Аллам сага аманат!

## ҮМҮТ

Канча жыл бир байкуш "жан" үйдө жаткан,
Дүйнөдө эч нерсени көрө албаган.
"Жөн жатпай, жер басканда көрөсүн" – деп,
Акылман ага келип, кеңеш айткан.

Бир сөздү ал ойлонду далай убак,
Ал үчүн бул кеп боду аккан булак.
Үмүтү улам жанып, кайра өчүп,
Жалгыз кеп көнүлүнө жагып турат.

От күйдү, түн ичинде шам чырактай,
Ойлобой олтураарга орун таппай.
Коркунуч, ишендирбей кармап турду,
Дегдеген максатына жолун ачпай.

Жалгыз кеп, отко тамган майдай ээрип,
Көңүлдө өз жашоосун өзү жээрип.
"Өлгүчө, эя бир максат кое албай,
Не пайда, бир орунда жата берип.

Ойлонду, ары-басты, бери-басты,
Тамактын, жашоомун да даамы качты.
Үзүлбөс кыялдары алып учуп,
Жалгыз кеп, жашоосуна үмүт чачты.

**Уулу:**
- Кой, анда, апкаарып көп олтурбайын,
Арманга жүрөгүмдү толтурбайын.
Ошончо кыялданган тилек үчүн,
Коркпостон дүнүйөгө жол улайым.

**Уулу:**
- Апаке, кечир мени, мен кетейин,
Көңүлүм тартып жатат эмнетейин?

Булактын көзү сымал тунук кыял,
Барбы же, жок бекенин мен чечейин.

Жүрөгү турду улам катуу согуп,
Коркунуч көкүрөктө муздай тоңуп.
Уулунун үмүтүнөн аттай албайт,
Апасы ыйлай берди, санаа болуп.

Уулума ал карманып, бата берди,
Ишентпес коркунуч ката берди.
"Алтыным, Аллам болсун сага тирек"
Шыбырап, улам эле айта берди.

**Апасы:**
- Бара гой, колдоп турам көздү жумсан,
Кудайдай жакшы тилеп, жатсам-турсам.
Кай жерде болбосоң да, жолуңду тап,
Көрөөрмүн бир озүңдү аман жүрсөң.

**Уулу:**
- Жакшы кал, ыраазымын апакебай,
Кечирчи, калсам эгер жолум таппай.
Өзүңө, өмүр боюу ыраазымын,
Сен дагы жолуң ула, өчүп калбай.

Ошентип, колго алып узул таяк,
Чукулап, таяк менен жолду саят.
Кулатпай жол көрсөтөөр, апасы жок,
Акырын бара жатты, арышын аяп.

Жарыктын, түнбү ага билинбеди,
Уккандай, көздө көмүр тилинбеди.
Кээ бири "чын го" десе, бири күлүп,
Көңүлү билбестиктен ириңдери.

Көзүнөн жаштар акты алчаланып,
Чын менен кыялдары кайчыланып.
Тынбастан кете берди жалгыз караан,
Үмүттү тулпар кылып, камчыланып.

**Уулу:**

- Көрөмүн жарыктыкты, ишенемин,
Ишенбей күлүшкөндө тиштенемин.
"А балким" деген чырак кое бербей,
Бутумду азап болду шилтемегим.

- Мейли эми, менин сырым билбейт алар,
Көздөрүм, сыйкыр тийип көрүп калаар.
"Чарр" этип, жаңы түшкөн карнетедей,
Менин да, сүйүнгөндөн үнүм чыгаар.

- Болгонун айтып берип ыр жазамын,
Башкалар байкабаган сыр казамын.
Апакем айтып берген, мен көрбөс дүйнө,
Мен болдуң бир жыргалым, бир азабым.

Темселеп, келген жерге жатып алат,
Боорукер акча берсе, катып алат.
Элдердин бергендерин чогултуп ал,
Ирэээттеп баштыгына салып алат.

- Боорукер бул дүйнөдө көп эле экен,
Көз көрсө, ошолорго кайтып келсем.
Өз тапкан эмгегимдин баардыгына,
Беремин он эселеп, кайрып берсем.

Ангыча, булбул жандан сайран өттү,
Көрбөстөн карап кыйыр-көктү.
Укмуштуу үн чыгарган бул эмне?
Сергитип, дирилдеткен көкүрөктү.

Эң бир кооз, шыңгыр үндү ал элестен,
Далайга жүрдү алы, улам эстеп.
Шыңгыр үн ага дагы түрткү болуп,
Жөнөдү тилегине, алы эңсеп.

Жаз өттү, жай да өттү, күз да өттү,
Ызгарлуу, муздак карлуу кыш да жетти.

Борукер берип койгон тонду кийип,
Басканга алы келбей кулап кетти.

Кар жааса, санаа басып алы кетип,
Баласын жатса-турса ойлой берип.
Энеси орун алып, олтура албай,
Жалгызын улам эстейт, безеленип.

**Апасы:**
- Батыраак сен өзүмө келип калсаң,
Наристем жытыңан бир искеп алсам.
Эч качан көрбөсүңдү не айтпадым,
Жанымда болбойт белең, айтып салсам.

- Кайдасың? Күнгөйдөбү, тескейдеби,
Ойлонтпой уулум мага бир келбейби.
Кайгыдан кара башым өлүп калсам,
Араң жан, алсыз жаның темтейбейби.

- Жароокер Жаратканым колдой көрчү,
Уулумдун көрөөрүмө жардам берчи.
Алтыным мындай суукта эмне болот,
Мен үчүн ошол эле өмүр келчи.

Арыктап, алы кеткен жалгыз адам,
Колуна эптештирип, таяк алган.
Баратты, ызгаарда да карда дагы,
Жардам кыл айланайын "Оо Жараткан".

Ал байкуш кете берди курсак ачты,
Акчадан үмүт дагы, кайрат качты.
Эс үчүн жоготкондой, кулап түшүп,
Бир маалда укмуштуудай жарык чачты.

Ишенбей эки-жагын карай берди,
Кар басып, жылтыраган ойду-белди.
Сүйүнүп, бүт алынча кыйкырды ал,
Күч толуп, токтотчуудай аккан селди.

**Уулу:**
Апаке! Апакебай! Келе жатам!
Дүйнонүн сулуулугун көрүп атам.
Эзели көрбөй жүргөн сени көрөм,
Сыйпалап, сезген жүзүн, көрүп калам!

- Жалдырап, жаным кейип турган кезде,
Бактыма жеткенимди Аалам сезсе!
Баратам Апакебай, сени көздөй,
Дүйнөдө Үмүт чындап өчпөс нерсе!

**- Эпилог –**

Сокур да "көрөт" экен жол уласа,
Көңүл да көлөт экен алга басса.
Бүттү деп, күнөө башка жанга,
Ар бир жан өз өмүрүн алга тартса…

*****

Кайдан таптым, качан сени жоготтум,
Кантип мени, татту уйкудан ойготтуң?
Жайда өткүн гүлгө жагып өткөндөй,
Жылуу тамчы көңүлүмдү ойноттуң.

Кайдан издейм, кимден сени сурайым,
Күн-түн ойлоп, тартса бердим убайым.
Келип койчу, мен көксөгөн кыялым,
Кайра көрүп, наристедей ырдайым.

Сүйөм дебейм, билбейин неге тартылгым,
Көлөкөңдөй баскым келген артыңдан.
Биорк жашоо, өз чындыгын көрсөтүп,
Ажырадым, элес-булак бактыман.

*ТЕМИРКУЛОВ Асхатбек Темиркулович родился 24 ноября 1991 года в г. Балыкчы Иссык-Кульской области в семье юриста. С 1998-2004 гг. учился в средней школе имени С. Абдрахманова в с. Кызыл-Суу Джети-Огузского района.*



*С 2004-2009 годы учился в Иссык-Кульском Кыргызско-Турецком лицее им. Х. Карасаева (г. Каракол), который он окончил с отличием. Неоднократный победитель областных и республиканских олимпиад школьников. Представлял Кыргызстан на международных олимпиадах: в Индии (г. Бомбей в 2008 г.) и в Японии (г. Цукуба в 2009). С ранних лет увлекается поэзией. Романтик.*

Снова холодно стало,
Видно солнца мне мало...
Но ведь был яркий свет,
А теперь его нет...

***

Сколько я посвятил тебе стихов,
Сколько написал я строк.
Признавался в любви я много раз,
Но убедить тебя не смог…

Позволь мне в последний раз,
Попробовать тебя убедить.
Мое дело написать, поведать все,
Твое уже судить.

Я поведаю все, как было все,
Как есть сейчас,
Как было все на самом деле…

И я не буду лгать,
И пусть все вокруг
Осудят нас.
Ну и пусть все осудят,
Но я буду писать.
Все было так..

## ДА ИЛИ НЕТ?

Я так люблю тебя,
Но любишь ли ты меня?
Я готов весь мир отдать тебе,
Ответишь ли ты взаимностью мне?

Я готов лежать в твоих ногах,
Но кто я в твоих глазах?
Позволь я сам тебе отвечу,
Хоть жизнь свою я покалечу:

-Я раб твой, безумец и наглец,
Нет моим мучениям конец.
Уже не зная, чего хочу,
В мечтах лишь к тебе я лечу.

Лишь о тебе мои мечты,
Ну а ты:
Читаешь это, думаешь, наверное,
«Кто же автор этих строк,
Кто же это написать мне мог.
И вообще кто он?
Неужели он так влюблён?»

-Да я влюблён, влюблён!..
И жизнь моя как вечный сон,
Сплю и вижу я,
Как впервые увидел тебя.

Своей красотою, ты манила к себе,
Не знаю, что думала ты обо мне.
Ты манила за собой, ты вела меня,
Словно та путеводная звезда,
Которой я покорен буду,
Кого вовек я не забуду,
Хотелось быть с тобою навсегда,
Но ты ушла.

Ушла и не одна,
Забрала сердце ты у меня.
Оставив меня во мраке грёз,
В океане бездарно пролитых слёз.

Ты оставила меня одного,
Не оставив мне ничего.
Во мраке брожу как слепой старец,
Но будет ли свет, ведь есть, мраку конец.

Тебе решать, не мне,
Ответ найди в себе.
Дай мне ответ, не томи,
Лишних слов не говори
Дай ответ:
Любишь или нет?

Ну а я:
Ну что я, я люблю тебя,
Не дано мне полюбить другую,
Я день и ночь лишь по тебе тоскую
Я вою, словно одинокий волк.
Но есть ли в этом толк,

Не мне решать, тебе.
Так дай ответ ты мне,
Не мучай, не молчи.
Ведь сердце гибнет, говори.

Быть может и прольётся кровь,
Что пролита будет за любовь…
Так дай же ты ответ,
Прошу, молю, кричу,
Ну, никак я не хочу,
Услышать слово «НЕТ»

Молюсь услышать слово «ДА».
Одно лишь слово «ДА»,
И будем вместе мы всегда,
Любовь навеки, и это навсегда.

Так дай ответ:
«Да» или «Нет»?

***

Утро, зима, холод,
Я тоскую, я влюблен, я молод.
Я так несчастен, я страдаю,
В душе моей огонь, я весь сгораю.

Мечтаю об одной, нужна мне лишь одна,
Душа ведь не пуста, она полна,
Полна страданий, печалью она,
Но кто виновен, чья это вина?

Быть может и моя вина,
Что я влюблен, а ты не влюблена.
Что я один, ну а ты не одна,
Тебе не нужен я, а ты мне так нужна.

Задавал и задаю себе вопрос всегда:
“Так есть ли в жизни нам любви нужда?”
“Не говорить вообще “ЛЮБЛЮ ТЕБЯ”,
Не любить, не быть любимым никогда?”

И не любя все вокруг губить,
И с этим в сердце жить.
И каждый божий день,
Все это продолжать.
И не любить ни отца, ни свою мать.

Ни поговорить, ни с кем, ни пообщаться,
Тогда нет смысла и влюбляться.
И не иметь совсем ни подругу и ни друга,
Тогда наша жизнь полная мука.

Пока не оборвется жизни нить…
Нет, всему этому не быть,
Любовь она нужна,
Вся наша жизнь любовью полна.

Любовь везде, дышим ею мы,
Она в душе твоей, и ты,
Почувствовав в душе любовь,
Ты понимаешь, что надо жить и кровь,
Бурлит в тебе, и ты поймешь:
Надо жить лишь ради тех, кого ты любишь,
Чью жизнь вовек ты не погубишь.

И надо их лелеять, боготворить,
Быть вместе с ними, рядом быть.
Да есть смысл любить,
И если любовь взаимна, то надо жить.

Ну а что если любовь несчастна - не взаимна:
Когда он любит лишь одну ее,
И жить не может без нее.

А она просто не любит его.
Так мучаюсь я, так мучается сердце мое.

А время идет, тихо тянутся мои дни,
А ты не знаешь ни меня, ни моей любви.
Живу мечтами я, от мечты и до мечты,
В мечтах лишь ты, твои прекрасные черты.

А что думаешь насчет моей любви?
Ответь мне и, пожалуйста, не лги.
Не мучаюсь вопросами я,
Вопросы эти мучают меня:
«Когда же встретимся мы вновь?»
«Когда же кончится любовь?»
«Когда увидишь ты меня?»
«Когда увижу я тебя?»

- И это терзает мысли мне опять,
А что можешь мне сказать?
Ну а вокруг:
Все то же утро, зима и тот же холод,
И я тоскую, я все еще влюблен и я так молод…

## МОЖЕТ БЫТЬ

Перед тобою я так слаб,
В твоих руках я, я твой раб.
И ты моей душою владеешь,
Но любить, ты хоть умеешь?

Любить, просто любить,
Не могу это чувство убить.
Как же мне с этим чувством жить,
Быть может мне пора могилу рыть?

Быть там найду покой,
Хотя желаю быть с тобой.

В душе пустыня, зной,
Так что же делать мне с собой?

Тобою восхищаюсь, тебя я возношу,
От судьбы своей лишь одного прошу.
Одного, чтобы были мы вдвоем.
А что есть в сердце твоем?

Не знаю, что у тебя там есть,
Быть может гнев, гордыня, месть.
А у меня, зато там есть любовь,
За которую готов пролить я свою кровь.
Быть может, и пролью ее,
Зачем?..
Быть может, чтобы задеть сердце твое…

***

Ты красивее всех земных красот,
Но была моей лишь на мгновение.
Лик ангела в единственном явленье,
Ради тебя готов держать небесный свод.

Проходит день, неделя, месяц, год,
Я тут, но ты ушла вперед.
Смогу ли я свой путь найти,
Иль с пути с этого мне суждено сойти.
Так куда же мне идти?..

***

Меня не любишь ты,
И с этим я смирился.
Укрылся во тьме, спрятался,
В углу забился я.
Но в душе живет надежда,
Что когда-нибудь,
Ты поймешь главное,
Всего этого суть.

## ПРОСТИ

Как-то все быстро произошло,
Да и времени то мало прошло.
Как ты отвернулась от меня,
Один – на краю надежды остался я.
Я знаю, я причинил тебе боль,
Возможно, и сыграл ту роковую роль,
Ту ошибку, которую не должен был допускать:
С болью в сердце тебя отпускать.

Поверь, я не хотел тебя обидеть,
Разочаровать тебя во мне.
Лишь хотел тебя с улыбкой видеть,
Чтобы дарила счастье мне и себе.

Да, перед тобой я виноват,
Я погрузил тебя в тоску, я сам не рад.
Я словно опустился в ад,
Покинув ангела и райский сад.

И нет прощенья мне,
Противен даже сам себе,
И неприятен так тебе!
Но все же я прошу прощенья,
Погрузившись во тьму минутного забвенья...

Я прошу! Прости, прости...
Не могу я просто молча уйти.
Прости, что внезапно так ворвавшись,
Я в твою жизнь, нарушил твой покой.
Я словно пес с цепей, сорвавшись,
Погнался за луной, ослепленным мечтой.

Прости, что не смог я остановиться,
Не ожидал такого я конца.
Не душегуб и не убийца,
А может да... Прости ты подлеца.

Хоть как ты можешь меня назвать,
Я твой - ты можешь мною управлять.
Душа моя в твоих ногах,
Судьба моя в твоих руках.

Прости за то, что я такой,
Прости что рядом не с тобой.
Что о тебе лишь думаю и по тебе тоскую,
Прости за то, что есть я, что существую.

Прости за все, что не успел,
Прости за все, что не сумел.
Прости за все, что не сказал,
Но душу я свою тебе отдал...

Но покой я твой отнял,
Возможно, счастье я украл...
Прости... Быть может, ошибаюсь,
Надеюсь, в чем-то заблуждаюсь...

А между тем, тоска поедает меня,
Горю, охвачен пламенем весь я.
Огонь везде, не выбраться из этого костра,
Вся ночь без сна до самого утра...

Прости за чувства мои к тебе,
Что неравнодушен... Прости ты это мне.
Прости, что болен я тобой,
Словно безумной небесной мечтой...

Прости, прости меня за все,
За все, что было и быть не могло.
Еще раз, прости меня, прости,
Возможно теперь, я могу уйти..

***

Скажи хоть слово... – пустота,
Возможно это глухота?!..
В ответ ненужные слова,
Истории этой последняя глава...

***

Я узник собственной мечты,
Живу меж лжи и суеты.
Живу не ведая покоя,
Я узник собственной мечты…



***Элдияр АЛТЫМЫШЕВ*** ***1993-жылы 16-июлда Жети-Өгүз районундагы Дархан айылында туулган. 2000-2010-жылдары Тилекмат атындагы айылдык мектебинде окуган.***

***Ырга шыгы 3-класстан окугандан кийин келе баштаган. Обон да чыгарат. Кыргыз улуттук университетинин 1-курсунун студенти.***

***

Ырыскы бизден кетпесин,
Ырыскы бузар жетпесин.
Байырап ойноп балдарың,
Небереӊ торду тепсесин.

Сабадагы кымызың,
Толо берсин кымызың.
Бала чакаң чоңоюп,
Коро берсин кызыгын.

## АПАКЕМ

Менин апакем аскага тең,
Менин апакем айынга тең.
Мен сабактан келгенде,
Бар тамагы берүүгө.
Дайым турат белендеп,
Рахмат айтам Сиздейге.

## КЫЗГАЛДАК

Кызыл гүлдөй кызгалдак,
Биз теребиз аралап.
Күлүп чуркап ойнойбуз,
Кызык оюн биз тандап.

Кызыл гүлдү теребиз,
Анан үйгө келебиз.
Кызыл гүлдү апабызга,
Белек кылып беребиз.

Кубанат биздин апабыз,
Көңүлү жарык капасыз.
Апакебиз дагы көп,
Теребиз биз жадагыс.

## АТАКЕМ

Алтындай менин Атакем,
Кудайым берген берекем.
Ылайым дайым аман жүрсүнчү,
Капага чөкпөй күлсүнчү.

Керексиң мага абадай,
Экөөбүз чогу жол тартсак.
Жүрөбүз татту чанадай,
Атакем менин алтындай.

## КӨПӨЛӨК

Ай көпөлөк, көпөлөк,
Алыс учат көкөлөп.
Кызыл-жашыл гүлдөрүн,
Жытын искеп эркелеп.

Жытын искеп эркелеп,
Кандай кызык күндөрүн,
Жомогунан чыга албай.
Таттуусуна кана албай,
Тамшандырган ал гүлдөр.

## КЫРГЫЗ ТООСУ

Көз жетпейт бийик уулуна,
Көркөмү келет умтула.
Кыргыздын бийик тоолорун,
Унутпайт канча кылым өтсө да.

Башынан баштап санасак,
Суктана бир аз карасаң.
Сулайман көзгө  чагылат,
Сулуусуң мактап ыр жазган.

## ТУУЛГАН ЖЕР

Жаралган баба канынан,
Алыска кетсем сагынам.
Жанымдай көргөн туулган жер,
Артыксың мага баарынан.

Аркайган Ала-Тоосу бар,
Кырсыкка абдан жолу тар.
Чалкыган Ысык-Көлү бар,
Чалчыка абдан жолу тар.

## ЖАЗ

Жаркырап келди жайнап жаз,
Жаркылдап учат өрдөк, каз.
Жарыя кылып суу агат,
Калың муз ээрип тамчылап.

Жер жарып чыгат жашыл чөп,
Себеби жерге жан кирет.

Жаз артык төрт мезгилден,
Жансызга жан киргизген.

## ТЫНЧТЫК

Жашасын тынчтык жашасын,
Салтанат тоюн өчүрбөй.
Жашасын тынчтык жашасын,
Берекесин кетирбей.

Жашасын тынчтык жашасын,
Жоокерлерин өлтүрбөй.
Жашасын тынчтык жашасын,
Согуш отун өстүрбөй.

Жашасын тынчтык жашасын,
Майрам тойду чөктүрбөй.
Жашасын тынчтык жашасын,
Көз жашын элдин төктүрбөй.

## МЕКТЕПКЕ

Кетпейсиң менин оюмдан,
Кең билим алам койнуңдан.
Кең аалам мага тар болот,
Кетсем мен узак жолуңдан.
Билим берип ченебей,
Мээримин төккөн энедей.
Уялам сенден уялам,
Көп эле берген убадам.

Урабай сынбай тура бер,
Ушуну сенден суранам.
Мектебим мейкин турагым,
Кут билим алып турамын.
Куттуу болдуң бир сырдуу,
Сыймыгым мектеп урааным.



***Мария МОЛДАЛИЕВА 1956-жылдын 29-сентябрында Нарын облусундагы Кочкор айылында туулган. 1973-жылы Калинин атындагы орто мектебин «эң жакшы» деген баалар менен аяктаган. 1973-1978-жылдары Фрунзедеги Политехникалык институтун окуп, «инженер-технолог» кесибине ээ болгон. 1978-1982-жылдары Кочкор айылындагы пиво чыгаруучу заводдо инженер, 1982-1983-жылдары райондук архитектура болүмүндө инженер, ал эми 1983-1988-жылдары Кочкор районундагы май чыгаруучу заводунда өндүрүш башчысы болуп иштеген. 1988-1999 жылдары Нарын нан заводунда инженер-технолог болуп эмгектенген. 2002-2004-жылдары Токмоктогу маданият техникумун сырттан окуп бүтүргөн. 2002-жылдан бери Жети-Өгүз райондук Борборлоштурулган китепканалар тармагынын директору.***

***Ишиндеги ийгиликтери үчүн Мамлекеттик катчынын, Маданият министринин, Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын, облустук Маданият башкармалыгынын Ардак грамоталары менен сыйланган. 2008-жылы Жети-Өгүз районунун "Жылдын мыкты адамы" наамына татыктуу болгон.***

***2003-2009-жылдардагы «Китепкана жана демократиялык коом» аттуу Эл аралык конференциянын катышуучусу. 2007-жылы Борбордук китепкананын базасында «Ай-Нуру» көркөм сөз чеберлер уюмун уюштурган. "Маданияттын мыкты кызматкери" төш белгисинин ээси.***

***Үй-бүлөөлү 1 кыз, 2 уулдун энеси, 2 небереге таяне.***

## АТАКЕ – ОРДУҢ БӨЛӨК ЖҮРӨГҮМДӨ

***(Атам Тулекеев Молдалынын жаркын элесине арнайм )***

Жыл өткөрүп барам Сенин бейитиңе,
Жерим алыс тагдыр мага тартуу кылган.
Арман турат, күйүт турат жүрөгүмдө,
Өксүдүм, жарды болдум мен атадан.

Жаш өтүп, мынча неге шаштың экен,
Неберелер таятасыз бойго жетти.
Болчусуң тирегим да, аска зоом да,
Өксүдүм, жарды болдум мен атадан.

Жылмаясың түшкө кирип кыйналганда,
«Каниет» - деп ага дагы дуба кылам.
Өтсө дагы мезгилдер ал убактан,
Сагынып, куса болуп ордуң таппайм.
Өксүдүм, жарды болдум мен атадан,
АТАКЕ – ОРДУҢ БӨЛӨК ЖҮРӨГҮМДӨ

## КЫРГЫЗ БАРДА ЧЫНГЫЗ ЖАШАЙТ ТҮБӨЛҮК!

Булак сүйдү дайра болуп чалкыды,
Булут сүйүп асман болуп калкыды.
Ыйык жер да, көтөрө албай жоготуу,
Жер эне да, дирт-дирт этип калкыды.

Жылдыз сүйүп жерге түштү наздана,
Тоолор сүйүп гүл жайнады ташка да.
Адамзаттын сага арнаган сүйүүсү,
Сени таппай бой таштады аскага…

Жамгыр төгүп, кыян жүрду артыңдан,
Асман куйуп күндө түштү чагылган
Аалам сүйүп элесиңди сагынды...
Чынгыз Ага,
Элиң калды... Сени сүйгөн,
Сени эстеген сагынган.

## КЛАССТАШТАРЫМА

Баратканда күүгүм түшүп, күн батып,
Баратамын кыялданып ой басып.
Балалыгым силер менен бир өткөн,
Балбылдаган көздөрүмө сыр катып.

Кеч киргенде жылдыз толгон айлана,
Бирге бастык, эркелешип наздана.
Азыр деле эске түшөт бала чак,
Ойлоп кетем, ойлоп жүрөм азыр да.

Ырлар жаздым, ыргактарын биз сүйгөн,
Силерди эстейм бир окуган, бир жүргөн.
Булбул үндүү классташтар эсен бол,
Бул жашоого балалыгым бир келген.

Жүрөгүмдө сага арнаган мээримим,
Жылдар өтөт, улам жанат, тутанат.
Силерге , деп өчпөс назик сезимим,
Өмүр өтсө өзүм менен бир жатат.

## ЖАРАТКАНДАН СУРАНАМ

Кыйналдым, өттү түн да, күнүм жаңы,
Бар экен да, көрө турган күнүм жаны.
Сурандым Жаратканым бир өзүңдөн,
Тан менен жолум ачтың бүгүн дагы.

Жанымды сыркоолосом келдиң жолоп,
Сарыгып санаа тартсам бердиң жолок.
Теңтушум, досторум көп бирок дагы,
Жараткан сырдашым жок сенден болок.

Мезгил учат жарык түнгө алмашылат,
Көп үмүт, тилегим бар үмүтүм ак.
Баш ийип тилек сурайм бир өзүңдөн,
Ден соолук бер, ырыскы бер, өмүр бергин…
Жараткан, сураарым жок сенден бөлөк.

## СЫРДУУ СЕЗИМДЕР...

Эшикте кар... Быйыл кыш катуу, катуу дегеним кар жумалап жаап айыл ичиндеги адамдар беймаза. Айылдын турмушу белгилүү да, чарбасы барлар ансыз деле таң эрте ойгонуп малын кошууга кошуп, короо жайын, чарбасын ирээттейт, кардын токтобогону кары-картандын да, тынчын алды .

Айыл тоонун этегинде жайгашкандыктан катуу шамал жүрүп кетсе эле жайында жаан, кышында кар. Айнур бүгүн эрте туруп ата-энесине кол кабыш кылып шашып жолго чыкты . Кесиби журналист болгондуктан Чолпон-Атада кесиптештери менен өтүлө турган сынакка катышмак. Шашып аялдамага келсе түшө турган маршруттук таксиде эл аз, "кардын көп жаашы элди да жолдон алыс кылган экен" - деп ойлоп бош турган орундардын бирине отура кетти.

Ат-Башыдан Нарынга келип бир аз эс алган соң Балыкчыны көздөй бет алышты. Жол алыс, ичке кыя жолдор, … аппак карга оролгон, тизилген түбөлүктүү кылым карыткан, тарыхтын өчпөс жаңырыгындай болуп турган тоолор. Тоолор биз менен чоогу жолго чыккансып тизилип, бирин-бири улай узаткансыйт.

Айлананын таза абасы күмүштүн шыңгыраган добушуна окшоп, өзгөчө бир кыялдарды алып келет.

Машинанын ичиндегилер тынчтанып кээси уктап, кай бири күнкүлдөп өз ара сүйлөшүп келе жатышты. Айнур алыс жолго эле эмес карыш жолго чыкса да, үйдө калган карылык кирип калган ата-

энесин ойлоп сөссүз кабатыр боло бермей адаты бар эле. Дагы адатынча санаага батып “аттиң ай эмнеге жалгыз болуп калдым экен?”- деп койду.

Жалгыз кыз болгондуктан, атасы көп ооруп энеси чарбачылыкта кыйналаарын ойлоп жүрүп турмушка чыккысы да келбей кетет. Жүрөгүнөн орун алган Турусбекти ойлоп, кетип бара жатты. Турусбекке турмушка чыкса ал Айнурдун ата-энеси менен чогуу турбасына көзү жетет. Кыргыздын салтында чыныгы кыргызчылыкты кармаган Нарын өрөөнүндө чекене болот го. Анын үстүнө Турусбек да, бир үйдүн кичүү баласы санаасы – санга кетти, бул жөнүндө Турусбекке айтуудан айбыгып “үйлөнүп албайлыбы?” - дегенине жооп бербей келет. Баарын бошобогон жумушка, жаш кезинде турмушка чыккыча иштеп алайын, - деп тамаша менен созуп келет.

Кесибине байланыштуу адамдардын тагдыры туурасында жаза калып жүргөн Айнур “сүйлөсөм эмне дээр экен”-деген кыязда, плаксыгысы келип улам катарлаш отурган, жакшынакай кийинген, тунжурап терезени тиктеген келинди улам карап коюп бара жатты. Убакыт заматта өткөнсүп ар кайсы ойлор келип анын чечмегине жеткенче тогуз жолдун тоому Балыкчыга, да келип жетишти. Нарындын карынан жүдөгөн жүргүнчүлөрдү Балыкчы ызгаар шамалы менен тосуп алды.

Шашып убагында жетүүнүн камында Айнур чуркап автобекеттин жанында тизилген машиналарды көздөй жөнөдү. Кудай жалгап Чолпон-Атага кетип жаткан унаага да, жетишип калды. Жай алышып отурган соң ар-жак бер жагын караса баягы тунжураган аял дагы ошол унаага түшүптүр, ал дагы Айнур бара турган сынакка барат экен. Тааныштардай кобурашып, ээрчише басып боло турган жерге да, келишти. Ар ким өзү менен алек, атайы республика боюнча өтүп жаткан 4 күндүк сынакта өзүн көрсөтүүгө аракеттенген кесиптештери.

Карап турсаң көлдүң жээгинде ойлоно баскан, таанышып жылмая карашкандар, чогулуп алып бир маселени талкуулагандай катуу-катуу сүйлөгөндөр, сүрөткө түшкөндөр, бул да болсо жашоонун бир үзүмү.

Ошентип сынакты уюштургандар чогулушту ачып, сынактын шарты менен тааныштырып, маселени так коюшту. Убакыт, токто-

бостон өз ыргагы менен кетип, 1-тур, акыркы тур да, аягына чыкты. Жыйынтыгында Нарындан келген тунжурап , ойлуу жүргөн Жанбирге утушка ээ болду. Айнур да, кур кол кайткан жок 3-сыйлыкка ээ болду.

Жыйынтыкты жарыялап бүткөндөн кийин Жанбиргенин ажарлуу, таңкы шоокумдай тунук күлкүсүн уга, сүйүнүчүнө ортоктош болуп, куттук айтып, чогуу көлдү жээктей басышты. – "Жанбирге, бүгүн чырайын чыгып, эмгегиңдин үзүрүн көрдүң, дайыма ушундай маанайда неге жүрбөйсүң, же сынакка ушунча кабатыр болдуңбу?" - , деп сурап калды Айнур...Кубанычы койнуна батпаган Жанбиргенин маанайы пас боло түшсө Айнур –"Капа кылып деле суроо деле бергендей болгон жокмун , эмнеге мындай?" - деген ойдо калды. Жанбирге алдыга баса түшүп, тунжурап көлдү тиктей ойлуу турганынан, Айнур жолтоо болгусу келбей алдыга баса берди...

Айнур көлдүн кереметтүү сулуулугуна суктанып, көлдүн толкундарынын термелгенине ырахаттана , ушунча теребели кооз жери бар экенине кубана көлдү бойлоп келе жатты. Кубанганда адамга жалбырактын делбирегени, желдин бетти аймалаганы, акырын жааган жамгырдын үнү, суунун шылдыраганы да, өзгөчө сезилээрин ойлоду. Жаратылыш адамдын жаны менен биргедей сезилет, капа болсоң тийип турган күн да, суук, адамдардын жылмайганы сени шылдын кылгандай, жаан төксө жүрөгүң тилинип-тилинип жаткандай...

Айнур Жанбиргени карап, ойго кетти. Адам болуу эң кыйынбы? - деп өзүнөн өзү сурап, Жанбиргенин жүрөгүн ооруткан адамды билгиси келип, бирок бир адамдын тагдыры бир тарых экенин ойлоду, сурап жибергиси келбеди... Бүгүнкү кубанычын санаалуу сөздөргө алмаштыргысы келген жок.

Жашоо бул ар бир кыймылды сезе билүүбү?, сыяктуу ойлор, чексиз суроолордун кучагына термеле көлдүн салкын шамалына, жаркырап тийген күндүн нуруна бөлөнө кесиптештери менен ой бөлүшүп серүүнүн улантты. Ойлор менен курчалган Айнур убакыттын кандай өткөнүн да, сезбей калды. Кеч курун жыйынтык кечеси болоорун эске алып, кече болуучу жайга да, жете келди, караса Жанбирге да, кесиптештерине кошулуп кечеде жүрөт...

"Адамбыз да" – деп койду. "Адам нени гана көтөрө билбейт ?" – деген ойго кетти. Адам тагдыры бул - чексиз мейкиндик,

түгөнбөгөн ой толгоолор, кубанычтар, капачылыктар, көрө албагандардын иштери... бирок... ойдо болсоң өбөк, ылдый болсоң жөлөк болчу адамдар бар экенине ыраазы бөлө, жаркын маанай тартуулаган ушул кечти пендечилик кылып, эч нерсеге алмаштыргысы келген жок. Ар бир күн улук, жакшы адамдын артынан сөз айтылат, жамандын кылыгы да, айтылбайт тура... “Адам болуу эң кыйынбы, адамдар?” - деп жер жаңырта кыйкыргысы келди. Жанбиргенин күлкүсү тунук, таңкы тамчыдай дирилдеп, назик, кереметтүү жан дүйнөсү адамдарды өзүнө тарта, түгөнгүс ой толгоолордун арты жакшы менен бүтөөрүн сезип, кесиптештеринин күлкүсүнө аралашып, ушул күндүн улуулугун, тегерегиндеги адамдардын маанайларынын сулуулугуна суктанды чимириле бийге түштү... адам тагдыры...
Өзүн кармай билген, сырдуу аял сезимдери... чексиз ойлор .

Айнурга бул күн көпко унутулбай жүрөгүндө калды.

**Кызыл-Суу айылы 2010-жыл.**

# АРНООЛОР

***Ардагер эжебиз***
***ТУРДУЕВА***
***Тыным Рыскуловнага***

Сереп салсак басып өткөн жолуңа,
Санап жеткис жакшы ишиңиз толтура.
Жаш куракты жалпы кыргыз элге арнап,
Жетиптирсиз алтымыш жаш чокуга.

Жан дүйнөңүз наристедей таптаза,
Жакшылыкты дайым каалап жаштарга.
Өмүрүңүз өзгөлөргө өрнөктүү,
Өкүл эне болуп турсуз жарларга.

Кутман курак алтымышка келдиңиз,
Кыярбасын кайратыңыз демиңиз.
Туусу болуп ага тууган жек жааттын,
Төрүбүздүн көркү боло бериңиз.

Апакелеп ардакташат калкыбыз,
Аман болсун ак калпакчан жарыңыз.
Тоготпостон токсон жашты багынтып,
Кылым жаштын кырына туу сайыңыз.

***«Ак-Жалга» акционердик***
***коомунун төрайымы***
***ЖҮЗҮМАЛИЕВА***
***Күлүйпага***

Жалпы тийип жардамың,
Жадырап жүргөн ар дайым.
Жети-Өгүз жердин соорусу,
Жеримден чыктың даткайым.

"Ак-Жалга" асыл максатың,
Ак тилек менен баштадың.
Ак бата алып элиңден,
Алдыга чыктың даткайым.

Жалпыга жазып айтканың,
Жалпы журт берди жардамын.
Бараткан жолдон адашпай,
Багынттың баарын даткайым.

Кыздардан чыккан далай жан,
Кыз Сайкал, Жаңыл, Курманжан.
Кем эмес кылган кызматы,
Күлүйпа эжем алардан.

***Ысык-Көл облустук мамадминистрациясынын бөлүм башчысы ОСМОНБАЕВА Айнура Бейшеевнага***

Жакшынакай үй-бүлөдө төрөлүп,
Жаш кезинен билим алып көгөрүп.
Көлүбүздүн жакшынакай бир кызы,
Жалпы журттун жүгүн келет көтөрүп.

Мезгил учат колго кайра карматпай,
Ийгиликтер келе берсин адашпай.
Тартуу кылса жакшылыгын жараткан,
Өнүп өскүн мөмөлүү бай дарактай.

Ак дилимден арноо ырым кабыл ал,
Ага тууган эл журтунда багың бар.
Куда күтүп Нарын, Чүйдөн, Таластан,
Кулач жайып кыз узатып келин ал.

Бул жашоодо кимдер жашап өтпөгөн,
Бирөө жашайт аралашып көп менен.
Ишин менен ийгиликтер жаратып,
Из калтырып жашап өткүн өчпөгөн.

***Облустук Ленин атындагы***
***китепкананын директору***
***МУСИЕВА***
***Зоя Бектургановнага***

Өрнөктүү баскан жолуңуз,
Отуз жыл иштеп койдуңуз.
Арыбай талбай ак иштеп,
Ардагер атка кондуңуз.

Аз болсо дагы айлыгың,
Адамга чачып жарыгың.
Өзгөчө өрнөк көрсөтүп,
Өткөрдүң өмүр жарымын.

Барктаган билет китепти,
Баалайбыз сиздин эмгекти.
Балпайып төрдө өстүрүп,
Багынткын эже сексенди.

***Райондук оорукананын терапия***
***бөлүмүнүн башчысы***
***ИБРАЕВА***
***Памиркүл Бугубаевнага***

Кесибин сүйгөн чеберсиз,
Кыйла жыл иштеп келесиз.
Кыйналып келген сыркоого,
Кайтарып өмүр бересиз.

Алдынан тосуп кармашып,
Ажалды дагы жеңесиз.
Ак халат бойго жарашып,
Ажарын сүйкүм ал ачып.

Ашказан, боорду текшерип,
Аппарат менен каратып.
Алкышын айтат кары-жаш,
Айыгып кетип баратып.

Айтышат мыкты дабагер,
Алкышын айтат калың эл.
Эмдиги жылы алыңыз,
Эмгеги сиңген дарыгер.

### *АУБтун Жети-Өгүз районундагы бөлүмүнүн башчысы КАРЫМШАКОВА Айнагүл Шаршенкуловнага*

Жаркылдаган Айнагүлдой сиңди бар,
Жүрөгүңдө жүзүңдө да, мээрим бар.
Жаштык кези Чоң-Кеминде калса да,
Жети-Өгүздүн эң сүйүктүү келини ал.

Ишиң менен агарып да, көгөрүп,
Урмат-сыйга кадыр барка бөлөнөп.
Мекенине кызмат кылып келесиң,
Эң бир жоопкерчиликтүү ыйык жүктү көтөрүп.

Куттуу болсун 45 жаш курагың,
Эсен болуп өнүп-өскүн ылайым.
Урмат көрүп уул-кыздардан элиңден,
Узун өмүр, урмат көргүн элиңден.

Тирек болуп балдарыңыз жарыңыз,
Төрдө отуруп сый көрүңүз карыңыз.
Токсон жашта тост көтөрүп туралы,
Тилектештер тилек айтып баарыбыз.

***Райондук ЗАГСтын башчысы***
***СЫДЫКОВА***
***Рая Түлөбердиевнага***

Ак мөңгүлүү Ала-Тоодо төрөлөлүп,
Ак эмгектен алкыш алып көгөрүп.
Байкоо салсак басып өткөн жолуңа,
Баардык жерде урмат сыйга бөлөнүп.

Эмгек жолуң кең Жумгалдан башталып,
Эжелерден үлгү алып такшалып.
Эл журтуңдун алкоосуна ээ болдуң,
Эч кынтыксыз кызматыңды аткарып.

Колтукташып келсе сизге эки жаш,
Каалоо айтып тура жолго багыттап.
Карматасыз күбөлүктү колуна,
Кучак төлө кубанычты тартуулап.

Каалайм Сизге ишиңизге ийгилик,
Кол кармашкан жарың менен бир жүрүп.
Жүрөгүңүз жүз жашты да, багынтсын,
Жүзүңүздөн неберге сүйгүзүп.

***Акын***
***ДЫЙКАМБАЕВА***
***Анара Термечиковнага***

Көл боюнда, тоо койнунда көз жарып,
Кереметтүү көл суусунан жүз чайып.
Кесибиңиз эсептөөчү болсо да,
Келатасыз калем кармап ыр жазып.

Таңда туруп табигатка суктанып,
Таппай кээде сөз берметин кыйналып.
Адамдарга аруулукту тартуулап,
Азап тура акын болуп, ыр жазыш.

Багынбастан басып жолду келесиз,
Бакырайган 3 балага энесиз.
Келечекке кербен жолун баштаган,
Көл үстүндө толкуп жарган кемесиз.

***Дархан айылындагы А. Сатылганов***
***атындагы орто мектебинин***
***директору, акын***
***КИЧИНЕМОЛДОЕВА***
***Клара Эсенкановнага***

Агартуу эмгек майданда,
Билимди берип балдарга.
Шурудай тизип ойлорун,
Шыктуу экен ырды жазганга.

Татына эжей Клара,
Талант бар экен туубаса.
Ташыркап калат ал дагы,
Такалап улам турбаса.

Жакшы ырлар жайнап төрөлсүн,
Жазганың арбып көбөйсүн.
Алыкул аттуу сыйлылыкты,
Алдыңа эңип өңөргүн.

***Райондук ишке орноштуруу***
***бөлүмүнүн башчысынын***
***орун басары***
***ИШЕМБИЕВА***
***Валентина Акжоловнага***

Ала-Тоонун мөңгүсүндөй таптаза,
Аруулугу асылдагы башкача.
Өзүм дебей өлкөсү үчүн иштеген,
Өмүр долу өрнөк болду жаштарга.

Мээрим төккөн уул кыздарга энесиз,
Мөл булактай адамдарга керексиз.
Жардам берип канчалаган жаштарга,
Жумуш менен камсыз кылып келесиз.

Ала-Тоонун арчасындай көгөрүп,
Ага-тууган курдаштарды тең көрүп.
Узун болсу, узун болсун өмүрүң,
Уул кыздардан урмат сыйга бөлөнүп.

***Тосор айылдык китепканасынын башчысы АЛЫМОВА Толкун Исаковнага***

Толкун эже Тосор деген айылдан,
Токтоо көңүл мүнөзүнөн жазбаган.
Оор мезгилде таштап кетпей өз ишин,
Тоодой эмгек эл журтуна арналган.

Жан дүйнөсүн окурмандын түшүнгөн,
Жанын үрөп жакшы иштерди бүтүргөн.
Жаны кейип жатсадагы билгизбей,
Жылмаюуусу өчпөйт дайым жүзүнөн.

Туура жүрүп кадыр барктуу айлына,
Эжекелеп эли сыйлайт дайыма.
Акыл айтып үлгү болуп жаштарга,
Коллективдин эң алдыңкы сабында.

***Ак-Терек айылдык китепканасынын башчысы ЖАНГАНАЕВА Динара Тукановнага***

Жакшы ишиңди эл билет,
Жакшы иштейт деп белгилеп.
Отличник наам берди,
Жарыштан озуп жеңди деп.

Иштерман экен башкача,
Иштеген жери таптаза.
Илгерки айылдын тарыхы,
Ирети менен папкада.

Илгерлеп турсун ишим дейт,
Эшикке кулпу илинбейт.
Обедде барып калсаң да,
Окурман дайыс үзүлбөйт.

Каалайбыз сизге ийгилик,
Катаасыз ишти жүргүзүп.
Ыракмат айтам ак дилден,
Ыраазычылык билдирип.

***Акын***
***ТУРДУКОЖОЕВА***
***Гүлкайырга***

Байлык деп бирөө мал багат,
Байлык деп бирөө там салат.
Аз күнкү ушул жашоодо,
Артына изин калтырып,
Гүлкайыр эжем ыр жазат.

Тоолорду сүйүп жазсаңыз,
Толкунду ырга салсаңыз.
Толкундап көңүл сергиген,
Тоо желин ырдап айтсаңыз.
Тоготпой сексен токсонду,
Токсондон ашып жашаңыз.

***Райондук казына бөлүмүнүн башчысы ЖУСУПБЕКОВА Рысбүбү Сейиткaзиевнага***

Туулдуңуз Талас шаарынан,
Абыдан окуп жашынан.
Финансист болуп чыктыңыз,
Билимди алып абыдан.

Орошон жолду бастыныз,
Оңой жаш эмес алтымыш.
Отуз беш жылы талыкпай,
Опол тоо эмгек салдыңыз.

Барандуу эмгек жолуңуз,
Балдарды бутка койдуңуз.
Алдыда эже кут болсун,
60жылдык тоюңуз.

***Үй-бүлөөлүк дарыгерлер борборунун башчысынын орун басары***
**МУСАЕВА Сара Токочбаевнага**

Келет дартман, кейип жаны жалдырап,
Кезек күткөн адамдар көп ар убак.
Карап көрүп диагнозун так коюп,
Кардиого же башкага жаткырат.

Ак куудайсыз көлдө сүзүп бараткан,
Аппак халат ажарына жарашкан.
Адамдардын айыктыр деп кеселиң,
Алтын колду берген экен жараткан.

Жолборс жылда жоготконуң табылсын,
Жолундан бакыт таалай кабылсын.
Жаңы кейип жардам сурап келгендер,
Жүрөктөрү 100% айыксын.

***Жон-Булак айылдык китепканасынын башчысы КАЛЖИЕВА Шайыр Акишевнага***

Китепкана кармаган,
Китепти окуп сандаган.
Шайыр аттуу синдибиз,
Китепти нандай баалаган.

Кайрылып дайым жаш кары,
Кадырлайт айылдаштары.
Кирдетпей баалап урунган,
Китептин баары жапжаңы.
Мейли кыш мейли жайында,
Ишинде жүрөт дайыма.
Учурдан артта калбастан,
Умтулуп турат алдыга.

Ишиңди көрүп кубандым,
Иштей бир турган курагың.
Илгерилеп улам өсө бер,
Ишиңди көрүп убайын.

***Ардагер мугалим АБДЫКАДЫРОВА Бегайым Керимакуновнага***

Англис тили боюнча,
Алдыңыз терең билимди.
Болочок кыргыз жаштары,
Болсо деп абдан билимдүү.

Алтымыш жашка келгенче,
Арнадыңыз болгон күчүңүздү.
Билимди алган кыз-улан,
Бийиктеп учуп баратат.

Берлин, Париж, Лондондон,
Байма-бай сизге кат жазат.
Алардын ата-энеси,
Ар дайым Сизди алкашат.

Билим берүү тармакта,
Барандуу Сиздин жолуңуз.
Опол тоо эмгек бааланып,
Отличник наамдуу болдуңуз.
Ак дилден эже кут болсун,
Алтымыш жылдык тоюңуз.

***Айылдык керек-жарак коомунун төрайымы БАРАКАНОВА Гүлбүбү Баракановнага***

Ойлонуп артка карасаң,
Отуз жыл болду санасак.
Жетекчи болуп сельподо,
Жаңылбай иштеп баратат.

Аткарып элдин талабын,
Аябай көп ишти жараттың.
Көбөйтүп соода түйүүнүн,
Кербенди баштап барасың.

Бараткан кезде жол кезип,
Бакытка кезип кол берип.
Апакай болгон үйүңдөн,
Ай сайын тургун той берип

### *Райондук «телекомдун» башчысы АБДЫКЕРИМОВА Гүлмира Султановнага*

Коллективде кадырлуусуз, барктуусуз,
Кыргызымдын салтын билген жарктуусуз.
Он беш жылы Телекомдо так иштеп,
Райондо айымдардын алдысыз.

Ал кезекте бул кесипти ким билген,
Билим алып Россия жеринен.
Алыс жакты жакындатып бат эле,
Алкыш алып келатасыз элимен.

Эжекебай эми сизге кааларым,
Эсен болуп эл ичинде ар дайым.
Алдыдагы жашообузда бөпөлөп,
Апакелеп сыйлап турсун балдарың.

### *Райондук үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун башчысы ИБРАИМОВА Чолпон Мамбетказиевнага*

Медик деген ыйык кесип аркалап,
Билим менен билгендерин элге арнап.
Арачалап артка кайра кубалап,
Ажал келсе оорулуну жакалап.

Келет бейтап жардам сурап жалдырап,
Карап көрүп жүрөк, боорун жакшылап.
Ашказанын, өпкө, бөйрөк, көк боорун,
Рентгенге же УЗИге тарттырат.

Сыркоолунун дартын таптап аныктап,
Сакчы болуп күндүр түндүр дарылап.
Колуңузга Кудай шыпаа бергенби,
Он беш күндө куландан соо айыгат.

Көк асмандай ачык болсун көңүлүң,
Курманжандай узун болсуң өмүрүң.
Касиеттүү Ибин-Сина колдосо,
Канчалардын узартып бер өмүрүн.

## МАЗМУНУ

СУЛТАНОВ Омор........................................................ 6-14

ЖУНУШАЛИЕВ Турганбек ........................................ 15-28

КАЗИЕВ Асек ...........................................................29-39

АНАЗОВ Жыргалбек ...................................................40-50

ДЫЙКАНБАЕВА Анара ............................................51-61

БЕКБАЕВ Толомуш ......................................................62-73

АБДИЛОВА Бурулкан ..................................................74-81

КИЧИНЕМОЛДОЕВА Клара .....................................82-92

АЖЫГУЛОВ Абдынасыр ............................................93-103

Жээнбай Түрк Күлөнбек уулу .....................................104-112

КАСЫМОВ Туратбек ............ ...................................... 113-121

КАДЫРОВ Садыр .........................................................122-132

КУРМАНОВ Аманат ............. ......................................133-143

КЫДЫРАЛИЕВА Гүлжан ............................................144-151

АБАКИРОВА Салима ..................................................152-162

АКМАТОВА Самара ....................................................163-172

ТОКТОБАКОВА Кыял ................................................173-180

ТЕМИРКУЛОВ Асхатбек ............................................181-190

АЛТЫМЫШЕВ Элдияр ..............................................191-194

МОЛДАЛИЕВА Мария ..............................................195-214

**УДК 83/825.0**
**ББК 83. 4 Ки**
**А 95**

**Ответственный редактор:**
**М. М. МОЛДАЛИЕВА** – председатель правления общественного объединения "Ай-Нуру", директор библиотечной системы Джеты-Огузского района

А 95. **"Ай-Нуру" альманах поэтов-писателей.**
III выпуск. Сборник художественных произведений.
Издательский дом "Карга Аке". 2011 год. 216 стр.
На кыргызском языке ISBN 977-9866-423-15-7

| | |
|---|---|
| **Редактор** | **Т.ЖУНУШАЛИЕВ** |
| **Тех.редактор** | **Ч. АТАНАЕВА** |
| **Корректор** | **З. НАРЗУЛЛОЕВА** |
| **Набор текста** | **А.ТЕМИРКУЛОВ** |
| **Верстка** | **А. КЕРИМБАЕВ** |

Сдано 01.12.2010. В печать 21.03.2011. Формат 60x84.
Офсетная бумага №1. Отпечатано офсетным способом.
13,5 п/л. Тираж 500. Заказ №160.

Изготовлена в издательском доме "Карга Аке" и отпечатано типографии ОсОО ПИ "фирмы Дархан".
г.Каракол, ул. Токтогула,104. Тел.: 03922 5-23-08.